КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ

ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ ТИЛ ИЛИМИ КАФЕДРАСЫ

Кол жазма укугунда
УДК 81-25: 81 362
(575,2)(043,3)

Тургунбаева Сеил Жеңишбековна

ТЕКСТТЕГИ СИНТАКСИСТИК ПАРАЛЛЕЛИЗМ

10.02.19 – тилдин теориясы

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган

д и с с е р т а ц и я

Илимий жетекчи – филология илимдеринин доктору, профессор К. З. Зулпукаров

Ош – 2019

МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ.....5

1-БАП. КОГНИТИВДИК СИНТАКСИС МЕНЕН ЛИНГВОПАРЕМИОЛОГИЯНЫН БАШТАПКЫ ИДЕЯЛАРЫ, ӨБӨЛГӨЛӨРҮ ЖАНА ПРИНЦИПТЕРИ.....12

1.1.1. Когнитивдик синтаксистин жалпы теориядагы орду.....14

1.2. Когнитивдик синтаксистин бир модели жөнүндө.....21

1.3. Когнитивдик синтаксистин базалык категориялары жана багыттары.....26

1.4.Когнитивдик лингвистиканын негизги салаалары жана аспектилери.....34

1.5.Лингвопаремиология: предмети, статусу жана сыпаттоо өңүттөрү.....37

1.6. Параллелизм түшүнүгүнүн филологиялык обьект катары изилдениши.....53

Негизги тыянактар.....55

2-БАП. ПАРЕМИЯЛАРДАГЫ СИНТАКСИСТИК ПАРАЛЛЕЛДҮҮ ПРОПОЗИЦИЯЛАРДЫН РЕПРЕЗЕНТАТИВДЕРИН ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАТЕРИАЛДАРЫ, МЕТОДДОРУ ЖАНА АЙРЫМ НАТЫЙЖАЛАРЫ.....57

2.1.Иликтенчү фактылардын булактары, константалык көрсөткүчтөрү жана изилдөө методдору.....58

2.2.Паремиялардагы инварианттуулук-варианттуулук кубулушу.....62

2.3.Паремиялык пропозициянын когнитивдик-тилдик дүйнө сүрөтүндөгү орду.....67

2.4.Паремиядагы параллелдүүлүк жана анын фрейм, сценарий түзүүдөгү кызматы.....73

2.5 Параллелдүүлүктү жаратуучу каражаттардын кээ бир түрлөрү.....78
2.6.Когнитивдик-синтаксистик параллелизмдин тил аралык мүнөздө болушу жөнүндө.....90
Негизги тыянактар.....95
3-БАП. ПАРЕМИЯЛЫК СҮЙЛӨМДӨРДӨГҮ ЛОГИКАЛЫК СЕМАНТИКАЛЫК ИНВАРИАНТТУУЛУК ЖАНА АНЫН ТИЛДЕРДЕ ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНЫШЫ (ИЗИЛДӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛАРЫ).....97
3.1. Өзгөрүлбөстүк - өзгөрүүчүлүк дихотомиясынын паремияларда берилиши.....98
3.2. Өзгөчөлүүлүк – бирөңчөйлүк константалык маанинин паремияларда берилиши.....102
3.3. Нерсенин карама-каршы сапаттарын экспликациялоочу паремиялардын семантикалык түрлөрү.....108
3.4. Биргелик (чогуулук) – бирге эместик (чогуу эместик) маанисиндеги прототиптин паремияларда чагылдырылышы.....113
3.5. Өз ара багынычтуулук – багынычсыздык константасы паремияларда.....120
3.6. Туундулук-туунду эместик константасы катышкан учкул сөздөр.....128
3.7. Катарлаштык-катарлаштыктын бузулушу накыл сөздөрдө.....133
3.8. Бири-бирине өтүү – өтпөө арахетиби.....139
3.9. Актанттардын дал келүүсүн же дал келбөөсүн белгилөөчү макалдардын түзүлүшү.....145
3.10. Сапаттык дал келүү – дал келбөө константасын репрезентациялоочу накыл сөздөр.....154
11. Изилдөөнүн негизги натыйжалары.....165
Негизги тыянактар.....167
КОРУТУНДУ.....169
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР.....174

Киришүү

Синтаксис – тилдин түзүлүшүндө өзгөчө маанилүү орду бар деңгээл. Сүйлөм анын өзөгүн түзгөн категория болуп саналат. Сүйлөмдө гана бүтүн ой, толук пикир, айкын маалымат берилет.

Сүйлөмдөр ойтутум “торчолорунда” ири блокторду түзүп, пикир алмашуучулардын аң-сезиминде бирдей же жакын ассоциацияларды пайда кылуу менен алардын өз ара түшүнүүсүн камсыз кылат. Анткени сүйлөөчү менен жазуучунун оюн уюштурган тутумдаш предикаттар угуучу менен окуучунун аң-сезиминде кабыл алынып, чагылдырылып жана семантизацияланып гана маалымат алмашуунун негизи болуп саналат. Паремиялык синтаксисте этностук ойтутумда жаралган кылымдар бою колдонулуп иштелип келген, туруктуу мүнөзгө ээ болгон, жагдайга карата варианттташуучу жана трансформацияланууучу когнитивдик-тилдик түрмөктөр калыптанган. Бул түрмөктөр жалпы адамзаттык, континенталдык-регионалдык, тектештик жана жекече этностук түрдө болушу белгилүү. Бир тилдеги эле когнитивдик-номинативдик же когнитивдик-предикативдик бирдиктер өз ара түркүн катышта болуп, бардык тилдерге, тил топторуна жана ошол жекече тилге мүнөздүү сапаттарды камтый алат.

Синтаксистик түрмөктөрдө этностун коммуникативдик стереотиптери, типтүү формулалары, билим тажрыйбасын сактаган жана билдирген кептик блоктору, провербиалдык каражаттары (идиомалар, паремиялар, учкул сөздөр, этникалык клишелер ж.б.), кайталоого негизделген тизмектер (алкоолор, жалбаруулар, келмелер, сүрөөлөр, тажатмалар, каргыштар, плеоназмдар ж.б.), туруктуу мүнөзгө ээ болгон кептик моделдер жана “рамалар”, фонетикалык (тыбыштык, муундук, просодикалык), морфемалык, морфологиялык, лексикалык (фразеология менен кошо), сөз айкаштык, сүйлөмдүк, строфалык жана текстик паралелдүүлүктөр жана изоморфтук катыштар кенен жана ар тараптан

камтылат, булардын коммуникативдик, кумулятивдик, номинативдик-предикативдик, когнитивдик-менталдык, экспрессивдик-эмоционалдык ж.б. маани-маңызы синтаксисте толук ачылат. Ошондуктан да синтаксис тилдин өзөккү алкагы катары каралып келет.

Анын үстүнө синтаксисте гана тилдин бардык алкактары координацияланып, бирин-бири коштоп жана толуктап, биримдикте, биргеликте маалымат алмашууга, маалымат берүүгө жана алууга кызмат кылат.

Демек, синтаксис – көп аспектилүү татаал түзүлүштөгү, көп өңүттүү, пикир алмашуу үчүн эң зарыл, түрдүү көз карашта иликтене турган тилдик деңгээл. Ал эми биздин салттуу синтаксисте анын айрым гана тараптары иликтенип жүргөндүгү маалым. Анын башкы категориясы болгон сүйлөмдү изилдөө негизинен “жөнөкөй-татаал”, “жай-жай эмес (илептүү, суроолуу)”, “толук-кемтик”, “пикир билдирүүчү-пикир билдирбөөчү”, “оң-терс (тануучу)”, “бир составдуу-эки составдуу”, “байламталуу-байламтасыз татаал”, “багынычтуу-багынычсыз (тең байланыштагы) татаал” ж.б. дихотомиялык көрсөткүчтөр аркылуу сыпатталып, ички мазмуну сүйлөм мүчөлөрү, сөз айкаштары, сөздөрдүн өз ара байланыштары сыяктуу түшүнүктөр аркылуу даана жана жалпыланып мүнөздөлүп жүрөт. Ушунун өзү эле сүйлөм түзүлүшүнүн лингивистика үчүн зарыл айрым тараптарынын каралбай жаткандыгын айгинелейт. Айрыкча синтаксис менен логиканын, когниция нын менталитеттин байланыштары изилдене элек. Этностордун ойлоосуна мүнөздүү жалпы түзүмдөрдүн, туруктуу формулалардын, параллелдүү моделдердин кыргыз лингивистикасында изилденбей келиши да биз үчүн тема тандоого өбөлгө болду.

Ошентип, тандалган **теманын актуалдуулугун,** тил илими үчүн зарылдыгын:

1) Синтаксистик-логикалык жана когнитивдик пропозициянын кыргыз синтаксисинде ар тараптан толук иликтенбегендиги, анын

менталдык-грамматикалык моделдештирүүгө болгон катышынын каралбагандыгы;

2) синтаксистик параллелдүүлүктүн сүйлөм ичиндеги, сүйлөм аралык, текст аралык түрлөрүнүн жана касиеттеринин аныкталбагандыгы;

3) сүйлөмдөгү когнитивдик-логикалык бирдейлик менен жакындыктын тил ичиндеги, тилдер аралык бөтөнчөлүктөрүнүн атайын изилденбегендиги;

4) этнос аралык түзүмү-мааниси боюнча бирдей, окшош же жандаш пикирлердин провербиалдык каражаттарда берилишинин ар тараптан талданбагандыгы;

5) кайталоо фигурасынын синтаксистик паралелдүүлүктү түзүүчү зарыл лингвостилистикалык каражат экендигинин лингвокогнитивдик өңүттө атайын сыпатталбагандыгы түзөт.

Иштин илимий изилдөө программалар жана проекттер менен байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы ОшМУнун кыргыз тил илими кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн **обьектиси** – когнитивдик-синтаксистик параллелизм кубулушу, **предмети** мындай параллелдүүлүктүн бир тилдик, тил аралык моделдери, типтери жана менталдык-логикалык мазмуну болуп саналат.

Изилдөөнүн **максаты** катары тил аралык синтаксистик параллелизмдин менталдык-логикалык айрым түрлөрүн жана касиеттерин лингвокогнитологиянын негизинде аныктоо тандалып алынды.

Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй конкреттүү **милдеттер** коюлду жана аткарылды:

1) синтаксистик параллелизмдин толук аныктамасын иштеп чыгуу;

2) бул когнитивдик-логикалык жана конструктивдик-стилистикалык фигуранын негизги касиеттерин белгилөө, түрлөрүн жиктеп ажыратуу жана алардын байланыштарынын жандаштыгын сыпаттап чыгуу; сүйлөм

мүчөлөрүнүн, сөз айкаштарынын жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдөгү параллелдүүлүгүн маани-маңызын белгилөө;

3) провербиалдык каражаттардын негизинде тил ичиндеги жана тил аралык когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүктүн айрым түрлөрүн мүнөздөп берүү;

4) поэтикалык текстте сап, строфа аралык бирдейликтин жана окшоштуктун жаралуу максатын, жолдорун жана маани-маңызын аныктап көрсөтүү; паремия аралык параллелизмдин логикалык коммуникативдик, когнитивдик, тилдик негиздерин айкындоо;

5) паремияларды сыпаттоодо константа, архетип, прототип, инвариант, пропозиция (когнитема) ж.б. түшүнүктөрдү пайдаланып, алардын маани-маңызын ачып берүү; кээ бир паремиялардын фреймдик-сценарийдик мазмунун талдоо;

6) ойлоо механизмдериндеги жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун семантикалык-конструктивдик каражаттарда берилишин ачыктоо;

7) кайталоону, рифманы, ритмиканы, параллелдүүлүктү уюштуруучу зарыл каражаттар катары мүнөздөп чыгуу.

Иштеги алынган теориялык **жаңы натыйжаларга** синтаксистик параллелдүүлүктүн толук аныктамасынын берилиши, тилдик каражаттардын (тыбыштардын, муундардын, морфемалардын, сөздөрдүн, сөз айкаштарынын, сүйлөм мүчөлөрүнүн, сүйлөмдөрдүн, строфалардын ж.б.) параллелдүүлүгүн ойтутумдагы жана ой жүгүртүүдөгү логикалык-когнитивдик параллелдүүлүктүн репрезентативдери же экспоненттери катары аныкталышы, бир тилдик жана тил аралык каражаттарда берилүүчү когнитивдик-логикалык параллелдүүлүктүн маани-маңызынын жана түрлөрүнүн ачыкталышы, түрдүү паремиялык тексттерде этностун параллелдүү ой жүгүртүүлөрүнүн тилдик каражаттар аркылуу репрезентацияланышынын көрсөтүлүшү, жандаш бирдейликтин жана окшоштуктун менталдык, лингвостилистикалык, экспрессивдик-

эмоциялык, образ көркөмдөөчүлүк касиеттеринин толук мүнөздөлүшү кирет. Паремиялардагы айрым тил аралык жана этнос аралык менталдык-вербалдык жалпылыктардын сыпатталышы да иштин жаңылыгынан кабар берет. Изилдөөдө логикалык-синтаксистик категорияларды латынча аталышта (субьект, предикат, обьект ж.б.) берүү зарылчылыгы белгиленди жана ишке ашты.

Иште салттуу синтаксистин чегинде когнитивдик лингвистиканын, лингвоконцептологиянын, логикалык лингвистиканын, лингвоэтномаданият таануунун, психолингвистиканын, лингвопаремиологиянын идеялары, жоболору пайдаланылды. Ошондуктан анын пайдубалын полипарадигмалык теория түзөт деп айтууга болот.

Изилдөөнүн **методологиялык базасы жана методдору**. Ишти жазууда чет өлкөлүк жана мекендеш лингвисттердин, стилисттердин эмгектери, алардагы теориялык жоболор пайдаланылды. Изилдөө учурунда эмпирикалык да (жыйноо, каттоо, системалаштыруу, чечмелөө, байкоо, лингвистикалык эксперимент, которуу ж.б), теориялык да (сыпаттоо, салыштыруу, аналогия, жалпылоо, типтештирүү, анализ, синтез, индукция, дедукция, формалдаштыруу, моделдештирүү ж.б.) колдонулду. Бул ык-методдор изилдөөдөгү максатты ишке ашырууга жетишээрлик өбөлгө боло алды.

Коргоого сунушталган жоболор: 1.Тилдеги жана тексттеги параллелдүүлүктүн башаты менталдык дүйнөдө константалык-архетиптик маани катары жайгашат, ойтутумдагы жандаш (ассоциативдик) бирдейлик жана окшоштук кепке жана текстке чыгып өзүнө ылайык материалдык турпатка ээ болот. 2. Логикадагы, ой жүгүртүүдөгү, эс казынасындагы жандаштыктар тилдик параллелдүүлүктүн түпкүрүн түзүп, эки, бир нече жана көп кишилердин сөзүндөгү, кебиндеги бирдейликтерге, окшоштуктарга негиз болот. 3. Менталдык окшоштук тил аралык жана эл аралык параллелдүү катыштагы провербиалдык каражаттарды пайда кылат. Заттар, кубулуштар, кыймыл-аракеттер, жүрүм-турумдар, окуялар, сапаттар

адамзат өкүлдөрү тарабынан негизинен бирдей бааланат, өз ара окшош, тектеш, прототиптүү пикирлерди жаратат. Булар вербалдашып изоморфтуу семантикалык-конструктивдик түргө ээ болот. 4.Параллелдүүлүктүн тилдик негизги кызматтарына ойду тактоочулук, дааналоочулук, обочолонтуп жиктөөчүлүк, өзгөчө белгилөөчүлүк, көркөмдөөчүлүк функциялары кирет. 5. Анын коммуникативдик, номинативдик-предкативдик жана башка кызматтары өз ара окшошпогон, параллелсиз же жандаш эмес каражаттардан анчейин деле айырмаланбайт. Бирок андагы гомогендүүлүк эч убакта гетерогендүүлүккө карама-каршы коюлбайт, анткени тексттеги бул эки кубулуш бири-бирисиз жашай албайт. Текстте гетерогендүүлүк (ар түрдүүлүк, окшош же бирдей эместик) дайыма үстөмдүк кылат. Когнитивдик-синтаксистик параллелдүүлүк, айрыкча поэтикалык тексттерге жана алардын үзүндүлөрүнө мүнөздүү.

Иштин теориялык баалуулугу катары анда тилдик параллелдүүлүктүн жалпы маани-маңызынын, түрлөрүнүн жана кызматынын аныкталышы, муну изилдөөгө менталингвистиканын жана когнитивдик тил илиминин жоболорунун пайдаланышы эсептелинет. Андагы натыйжалар ЖОЖдордун филологиялык факультеттеринде “Когнитивдик лингвистика”, “Синтаксис”, “Стилистика”, “Кеп маданияты”, “Риторика” сыяктуу курстарды окутууда квалификациялык, магистрдик иштерди даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

Иштин практикалык мааниси бар. Анткени параллелизм кубулушу менен анын мыйзам ченемдүүлүктөрү менен тааныш окуучунун же студенттин кеби ыргактуу, даана жана көркөм болот. Иштеги материалдар практикалык синтаксис, стилистика сабактарында колдонулушу мүмкүн.

Диссертанттын жекече салымы иштин темасын тандоодо, пландын чегинде материал топтоп, иреттеп, картотекага өткөзүп, чечмелеп, жалпылап чыгышында көрүнүп турат. Эмгектин текстин даярдоо, жыйналган фактыларды топтоштуруу, сыпаттоо, синтездөө, талдоо иштери

автор тарабынан жекече аткарылды. Ишти редакциялоого, макалаларды даярдоого илимий жетекчи катышты.

Иштин апробациясы анын материалдарынын Ош мамлекеттик университетинин медициналык коллежинин тилдер кафедрасында үч жолу талкууланышы (2015, 2016, 2017ж.ж.), университетте өткөрүлчү окутуучулардын илимий-практикалык конференциясында докладдын окулушу (2016, 2017ж.ж.), изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 8 макаланын басылып чыгышы эсептелинет.

Изилдөө натыйжаларынын колдонушу бир аз чектүү болду. Жыйналган мисалдар кыргыз тили боюнча өткөрүлгөн сабактарда пайдаланылды. Ал эми параллелизмдер, кайталоолор катышкан тексттерди талдоо, жаттоо, окуучулардын сөз маданиятын, кеп табитин өстүрүүдө колдонулду.

Иштин түзүлүшү Ал үч баптан турат. Биринчи бапта адабияттарга жана изилдөөлөргө сереп берилет. Экинчи бапта синтаксистик параллелдүүлүктүн түрлөрү, логикалык-менталдык мазмуну мүнөздөмөгө алынат, колдонулган булактар, методдор тууралуу сөз болот, ошондой эле изилдөөнүн негизги натыйжалары баяндалат. Үчүнчү бапта паремиялык пропозициялык этнос аралык изоморфтуу когнитивдик-тилдик моделдери жана трансформациялары талданат да, ошол анализден алынган натыйжалар жана тыянактар баяндалат. Корутундуда негизги жыйынтыктар берилет. Иш колдонулган адабияттардын тизмеси менен аяктайт.

1-бап.
Когнитивдик синтаксис менен лингвопаремиологиянын баштапкы идеялары, өбөлгөлөрү жана принциптери

Кириш сөз

Бул бапта изилдөөнүн негизги идеяларына жана баштапкы жоболоруна кыскача мүнөздөмө берилет.

Когнитивдик лингвистиканын негизги багыттары, салаалары, категориялары, орчундуу өңүттөрү аныкталып чыккан. Анын терминологиялык корпусу, методологиялык базасы, изилдөө ыкмалары, методдору белгилүү.

Бирок когнитивдик синтаксис алигиче атайын изилдөөлөрдүн толук обьектиси боло албай жатат. Айрым изилдөөлөр (Е.В.Рахилина, Н.А.Семкина, 2002; 2000; Е.В.Иванова, 2006; З.Д.Попова, 2009; Б.Ю.Норман, 2013; А.А.Жусупова, 2017 ж.б.) когнитивдик алкакта айрым синтаксистик маселелерди көтөргөнү менен, биз тандап алган проблематика – элдик билим-тажрыйбанын параллелдүү, туруктуу синтаксистик каражаттарда берилиши бүгүнгө чейин изилдөөчүлөрдүн көңүлүн толук бурбай келет.

Элдин эстутумундагы менталдык түрмөктөрдүн өз архетиби бар, алардын түпкүрү болот. Ойдогу мындай башат ассоциативдик байланыштарда жашап, тилдик каражаттарга өткөндө баштапкы когнитивдик каркасы түрдүү варианттарда, трансформацияларда колдонууга өтөт. Түптүү ой кырдаалга, адресант менен адресаттын бөтөнчөлүктөрүнө, максат-мүдөөлөрүнө, билимине, жашына ж.б. өзгөчөлүктөрүнө жараша шөкөттөлөт да, өзүнчө синтаксистик формага ээ болот. Биздин эмгекте **этностук тажрыйбанын менталдык пропозициядан сүйлөмдүк түргө өтүү механизмдери каралат.** Бул маселелерге түздөн-түз кайрылууга чейин
изилдөөнүн пайдубалын түзгөн идеяларга, жоболорго жана принциптерге жалпы мүнөздөмө беребиз.

Лингвокогнитологиянын негизги категориясы – концепт. Концепт – көп түрдүү жана ар сапаттуу кубулуш. Концепттердин ичинде пропозиция өзгөчө орунга ээ.

Биринчи иретте синтаксистик пропозициялардын концепттин башка түрлөрүнө карата айырмачылыктарын аныктоого аракет жасайбыз. Экинчи планда когнитивдик синтаксистин негизги изилдөө аспектилерин белгилейбиз. Үчүнчүдөн концепттин көп катмарлуулугу тууралуу сөз кылуу менен, пропозицияны туюнтуу үчүн анын номинанттарынын семантикасы орчундуу кызмат кылларлыгын далилдөөгө аракет жасайбыз.

Пропозиция паремияларда этностун билим-тажрыйбаны кенен жана түрдүүчө чагылдырган синтаксистик маани-мазмун катары каралат. Ошондуктан лингвопаремиологиянын өңүттөрүнө жалпы мүнөздөмө беребиз да, паремияларды лингвистикалык алкакта презентациялоонун, системалаштыруунун, топтоштуруунун жана сыпаттоонун моделдерин талдайбыз.

Когнитивдик синтаксис – дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн ири фрагменти. Анда элдик билип-таануунун, тажрыйбанын, билимдин туруктуу, көп кырдуу формулалары өзүнчө когнитивдик система катары жашайт. Бул формулалардын орчундуу бөлүгү макал-лакаптарда, учкул, накыл сөздөрдө, түркүн афористикалык каражаттарда берилет.

Биз бул эмгекте А.А.Шахматовдун психолингвистикалык көз карашына таянабыз. Ал сүйлөмдү сүйлөөчү менен угуучу грамматикалык бүтүндүк катары кабыл алган, ойлоо бирдиктерин сөз аркылуу билдирүү үчүн кызмат кылган кептин бирдиги деп түшүнгөн. Ойлоонун психологиялык негизин биздин мурунку тажрыйбабыз сактаган, күндөлүк таасирлерден улам көбөйүп байып турган түшүнүктөрүбүздүн кору (жыйындысы) түзөт. Сүйлөмдүн психологиялык негизин болсо түшүнүктөрдүн оюбузда жүргөн байланыштарын башкаларга билдирүүнү максат кылган өзгөчө аракеттер эсептелинет [223, 340-341бб.]. Ойлоонун эң жөнөкөй бирдиги эки түшүнүктүн жалганышынан, айкашынан жаралат. Ойлоо бирдиги коммуникативдик

бирдикке өтөт. Коммуникативдик бирдикти предикативдик түзүм дейбиз. Коммуникативдик түзүмдү пропозициялар (пикирлер) жаратат. Пикир ойтуюмда жашайт. Ички кеп – пикир менен сүйлөмдүн “көпүрөсү”, буларды байланыштырат. Пикир эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүндө тигил же бул сапатка ээ **нерсенин** бар жоктугу, экинчи бөлүгүндө **кайсы сапаттын** бар жоктугу белгиленет. Пикирдин бул эки бөлүгүн **субьект** жана **предикат** деп латынча атоо тактыкты жаратат. Психологиялык субьект аны менен байланыштагы предикат түшүнүгүнө үстөмдүк кылат [223,341б.]. Ушул негизде да биз латынча субьект, предикат, обьект аталыштарын колдонобуз. Буларда ээ, баяндооч, толуктооч сөздөрүндөгүдөй коннотациялар (өтмө маанилер) жок.

1.1.1. Когнитивдик синтаксистин жалпы теориядагы орду

Учурдагы синтаксис – интенсивдүү өнүгүп бара жаткан грамматикалык тармак. Анын нугунда бир нече жаңы багыттар, концептуалдуу өңүттөр жиктелип бара жатат.

Бирок булар салттуу синтаксиске карама-каршы коюлбайт, аны алмаштыра да албайт. Анткени көптөгөн кылымдар бою түптөлгөн синтаксистин түшүнүктөрү, категориялары, жалпы каркасы туруктуу мүнөзгө ээ болуп, бардык изилдөөлөрдүн көөнөрбөс пайдубалы катары кызмат кылып жатат. Өткөн кылымда жаңыдан түптөлүп, ири арыш жасаган концептуалдуу жоболор, принциптер жана изилдөө методдору салттуу синтаксистин өзөгүнө кирише албай, ага айрым толуктоолорду, кошумчаларды, тактоолорду сунуштап, жаңыча термин-түшүнүктөрдү, ык-методдорду, көз караштарды калыптандыра алды. Булардын көмөгү менен традициялуу синтаксис ири кадам таштап өнүгүп жатат. Мындай салаалар бир нече. Булардын тизмесин биз берген элек:

1) трансформациялык синтаксис;
2) жыш түзүүчүлөр синтаксиси;
3) позициялык синтаксис;

4) коммуникативдик синтаксис;
5) функционалдык синтаксис;
6) логикалык синтаксис;
7) когнитивдик синтаксис;
8) семантикалык синтаксис;
9) синтаксистик прагматика;
10) парадигматика- синтагматикалык көз караш;
11) синтаксистик моделдештирүү;
12) статистикалык синтаксис;
13) тарыхый синтаксис;
14) контрастивдик синтаксис;
15) типологиялык синтаксис ж.б. [230, 138-143- бб.].

Трансформациялык синтаксисти генеративдик синтаксис деп да аташат (Н.Хомский, М.Халле, Дж.Кац, Е.В.Падучева ж.б.). Анын негизги жоболору компетенция жана колдонуу түшүнүктөрүнө негизделет да, сүйлөөчүнүн ички потенциясынын, компетенциясынын сүйлөмдү жаратуучулук касиетин сыпаттоодо ишке ашат. Трансформациялык синтаксисте ички жана сырткы структуралар ажыратылат. Ички структура базалык мүнөздө болуп, кийин жаралуучу сүйлөмдөрдүн прототиби катары жашайт. Сырткы структуралар сүйлөө-жазуу учурунда пайда болот да, төрт операциянын негизинде: 1) кемитүү же кошуп коюу, 2) түшүрүү,3) ооштуруу же субституция**,** 4) орун алмаштыруу жолдору менен кепте колдонулат [34,98-99бб.]. Бул ыкмалар кыргыз лингвистикасында да кеңири колдонулат.

Жыш түзүүчүлөр синтаксиси (орусча: синтаксис непосредственно составляющих) деп фразадагы морфологиялык-синтаксистик элементтердин бири-бирине болгон байланыштарын ортомчусуз, аттатпастан, түздөн-түз изилдөөчү грамматикалык тармакты аташат. Аны сүйлөмдү түздөн-түз түзүүчүлөрүнө карап синтаксистик талдоонун аппараты же методу деп да аташат [34, 98-б.]. Бул салаанын негиздөөчүлөрү Л.Блумфилдт, Р.С.Уэллс, З.С.Харрис, Э.Хауген, Ч.Фриз, В.А.Звегинцев ж.б. Бул теория синтагматикага,

сөздөрдүн тизмектешүү эрежелерине жана жолдоруна гана негизделет [543, 222-241-бб.].

Позициялык синтаксис грамматикалык каражаттардын сүйлөмдөгү ордуна, өз ара карым-катышына жана таасирине карап изилденет. Анда тилдик бирдиктин маани-маңызын, кызматын контекст, позиция толук аныкташы белгиленет. Бул салаанын баштапкы принциптерин Т.П.Ломтев иштеп чыккан. Анын ою боюнча, синтаксистин элементардык бирдиги болуп сүйлөм мүчөлөрү да, сөз айкаштары да, сөз формасы да кызмат кыла албайт. Мындай функцияны сүйлөмдүн позициялык структурасындагы позициялык орун же звено гана аткара алат [139, 46-51-бб.]. Бул идея Е.В.Клобуков, Т.С.Иванова ж.б. тилчилер тарабынан өнүктүрүлгөн [89, 85-86,106-бб.].

Коммуникативдик синтаксис кеп теориясына, кеп аракетин жалпылоочу жоболорго таянат, пикир алмашуунун, маалымат берүүнүн жана түшүнүүнүн эрежелерине, коммуниканттардын ролдоруна, коммуникациянын маани-маңыздарына, тема-реманын текст бөлүктөрүн актуалдаштыруудагы милдеттерине, пикир алмашуудагы экстралингвистикалык факторлордун (жагдай, орун, убакыт, шарт ж.б. кызматына негизделет (И.А.Бодуэн де Куртенэ, Е.Д.Поливанов, Н.И.Жинкин, Э.П.Шубин, А.А.Леонтьев, К.Черри, Г.А.Золотова ж.б.) [34, 233-б.; 230, 139-б.].

Функционалдык синтаксис коммуникативдик синтаксис менен тутумдаш. Мында алдыңкы планга сүйлөмдөгү тилдик каражаттардын кызматы, сүйлөмдүн функционалдык моделдери, пикир алмашуунун функциялары жана милдеттери, кеп аракетинин компоненттери (сүйлөөчү, угуучу, байланыш, жагдай, белги, маалымат) ж.б. коюлат. Булар маалымат алмашуу үчүн өтө зарыл (Р.О.Якобсон, Н.С.Трубецкой, С.О.Карцевский, В.Матезиус, Я.Фирбас, В.Шмидт, Г.Хельбиг, В.Г.Гак, Г.А.Золотова, Н.А.Слюсарева ж.б) [34, 233; 230, 139-б.].

Логикалык синтаксис формалдуу логиканын категорияларын эсепке алат. Мисалы, орус окумуштуусу И.И.Давыдов (19-к.). “Синтаксис түшүнүктөрдүн логикалык алакалардын жана алардын берилишин же

ойлордун логикалык алакаларын жана алардын берилишин изилдейт” – деп айткан (“Синтаксис... исследует или логические отношения понятий и их выражение, или логические отношения мыслей и их выражение ” [34, 274-б.]). Сүйлөмдөр “S + P” (субьект + педикат) формуласы менен аныкталып, логикалык – тилдик категория катары изилделген (Л.Г.Якоб, И.И.Давыдов, Ф.И.Буслаев, Б.Рассел, В.З.Панфилов, Е.В.Падучева, Н.Д.Арутюнова ж.б.). Тилди логикалык жактан талдоо, логикалык категориялардын (түшүнүк, пикир жана тыянак) тилде берилиш жолдорун иликтөө, пикир алмашуунун логикалык-философиялык негиздерин анализдөө ж.б. маселелер кийинки учурда актуалдуу проблемалардан болуп калды [89, 89-90-бб.; 230, 140-б.].

Учурда **когнитивдик синтаксис** жөнүндө да сөз боло баштады. Бул багытта жазылган эмгектер сейрек, анткени лингвистикалык когнитология өзү жакында эле пайда болду (Дж. Лакофф, Р.Лангакер, Е.С.Кубрякова, Ю.С.Степанов, В.В.Колесов, А.И.Стерник, З.Д.Попова, А.П.Бабушкин, Н.Н.Болдырев, В.В.Красных, Л.Г.Лузина ж.б.). Когнитивдик синтаксис боюнча изилдөөлөрдүн ичинен Е.В.Рахилинанын (2000), З.Д.Попованын (2009), Н.В.Юдинанын (2006) жана өзгөчө Б.Ю.Нормандын (2013) иштерин атоого болот [177, 286 б.; 171,286 б.; 159, 254 б.; 230, 140-б.].

Кыргызстанда деле когнитивдик лингвистика өзүнчө тармак катары түптөлүп калды. Бул дисциплинанын башатында М.Дж.Тагаев, З.К.Дербишева, М.И.Лазариди, К.З.Зулпукаров, У.Д.Камбаралиева ж.б. лингвистер турушат. Ал эми Б.Т.Борчиева, Л.И.Дрофа, Ы.И.Темиркулова, К.Ш.Бакзайлу, Г.А.Абыканова, Э.Т.Төлөкова ж.б. бул багытты бир кыйла алга сүрөй алышты. Ошол эле учурда когнитивдик-синтаксистик жалпылоочу моделдерди когнитема, пропозиция түшүнүктөрү менен берүү демилгеси жолго коюлуп калды (К.Зулпукаров, Л.И.Дрофа, С.Сейитбекова, А.А.Калмурзаева, Д.Т.Айылчиева, У.Н.Камардинова, А.А.Жусупова, С.М.Амиралиев ж.б.) [70,565-585-бб.]). Биз да ушул идеяны өнүктүрүүгө аракет жасамакчыбыз.

Тил илиминде өткөн кылымдын 60-80 жж. **семантикалык синтаксис** өзүнчө кичи тармак болуп ажырай баштады. Мында сүйлөмдү формалдык түрдө изилдөөдөн “качуу” тенденциясы байкалып, синтаксистик бирдиктердин мазмунуна өзгөчө басым салынып жүрөт. Илимге белгилүү “турпаттан – мазмунга” жана “мазмундан – турпатка” дихотомиясынын биримдигин жетекчиликке алуудан баш тартуу анын экинчи бөлүгүн үстөмдүк кылуучу принцип катары кабыл алууга дуушар кылды. (В.Г.Адмони, Ю.С.Степанов, К.С.Акопян, О.Н.Селиверстова, Е.В.Падучева, Т.В.Шмелева ж.б.). Семантикалык синтаксис логикалык жана функционалдык синтаксис менен тыгыз байланышат [34,с. 450-451 б.]. Кыргызстанда бул тармак боюнча А.Бердалиев, Ж.Элчиев, Г.Ш.Абдразакова ж.б. бир кыйла иш аткарды [230,142-б.].

Прагматика – семиотика менен лингвистиканын жигинде жайгашкан илимий тармак. Ал тилдик белгилердин кепте, кеп аракетинде, сүйлөө – жазууда жана угуу – окууда бүтүн биримдикте колдонушун изилдейт. **Синтаксистик прагматика** өзүнчө контурга ээ. Анын түзүмүндө 1)адресант, 2) адресат, 3) алардын байланышы жана 4) керектүү жагдай болот. Булар – зарыл компоненттер.

Алардын сүйлөмдөгү орду, кызматы, карым-катнашы, өз ара катышы, ички-сырткы сапаттары, пикир алмашуу ыңгай-жагдайлары өзүнчө синтаксистик проблема боло алат да, атайын изилдөөнү талап кылат (Ч.У.Моррис, Ч.С.Пирс, Дж.Остин, Дж.Р.Серл, З.Вендлер, Л.Линский, Н.Д.Арутюнова, В.З.Демьянков ж.б.). Бир эле сүйлөм ири синтаксистик түзүм катары прагматиканын түрдүү тараптарын жана касиеттерин бир бүтүндүктө камтып көргөзө алат. Кыргызстанда синтаксистик прагматика С.Ж.Мусаев, Т.С.Маразыков, П.К.Кадырбекова, Б.А.Бексултанова, Ч.Т.Сыдыкова, А.К.Сулайманкулова, Ж.А.Бекбалаева, Г.Ж.Кожоева сыяктуу тилчи илимпоздордун эмгектеринде каралган (102, с.136-179).

Парадигматика-синтагматикалык көз караш – лингвистикалык бирдиктерди топтоштуруп, ирилештирип кароонун жаңыча теориялык

жобосу. Бул идеянын башатында М.И.Задорожный менен К.Зулпукаров турат. Биринчи автор лексикологияда алгачкы болуп “парадигматико-синтагматический подход” (1983 ж.) терминин киргизген. Бул идеянын маани-маңызы мындай: эки же үч топ парадигма өз ара жалгашып парадигма-синтагманы жаратат. Мисалы, *жүрөк, көңүл, боор...* зат сөздөрү менен *сыздайт, ооруйт, өйүтөт...*этиш сөздөрү, *күрөң, боз, ала, таргыл...*сын атоочтору менен *жылкы, ат, эшек, уй...*заттары жана *чата, тебенээк / тебээнек, жоош, качкы* сөздөрү өз ара айкашууга жөндөмдүү. Алардын биримдиги парадигмалык, топтошуучулук да, синтагмалык, байланышуучулук да мүнөздө. Булардын өз ара тыгыз байланышы адамдын аң-сезиминдеги ассоциацияларды чагылдырат [235, 17-18-бб.; 89, 111-254, 261-бб.].

Синтаксистик моделдештирүү сүйлөмдүн жана аны түзүүчүлөрдүн жалпы каркасын аныктап, муну типтүү түрлөргө ажыратат. Моделдештирүүнүн негизги милдети катары сүйлөмдүн туруктуу, жагдайга, контекстке баш ийбеген схемаларын иштеп чыгуу жана колдонууга сунуштоо болуп саналат. Изилдөөнүн негизги методу – формалдаштыруу. Бир өңчөй, бир түрдүү, бирдей түзүлүштөгү сүйлөмдөрдү жыйнап, алардын жалпылоочу калыбын таап, түзүүчүлөрүн атайын иштелип чыккан шарттуу символдор менен туюнтуу – формалдаштыруунун зарыл ыкмалары. Мында мазмун өтө күчтүү маниге ээ. Анткени форма, тышкы каркас, сүйлөмдүк калып өзүнчө жашабайт. Анын ички биримдигин жалпылоочу маани-маңыз түзөт.

Моделдештирүү – тил илиминде, айрыкча синтаксисте, кенен колдонулчу метод. Модель – баштапкы түшүнүк. Аны татаал лингвистикалык түзүмдөрдү жөнөкөйлөтүп, түшүнүүгө жана үйрөнүүгө оңтойлотуп, обьективдүү тилдик касиеттерди жалпылатып жана теориялык – практикалык максатка ыңгайлаштырып бере турган жасалма ыкма катары аныктоого болот. Ар кандай синтаксистик модель конкреттүү мисалдардан оолактап, ажырап, абстракттуулук сапаттарга ээ болуп, идеализацияланып, чагылдырылган

фактылардын эң зарыл, эң жалпы, типтүү жана түптүү касиеттерин камтыйт. Ал оригиналдын жөнөкөйлөтүлгөн функционалдык аналогу.

Моделдештирүүнүн ыкмалары структуралдык лингвистикада иштелип чыккан (К.Л.Бюлер, З.З.Харрис, Ч. Хоккет, Ю.Д. Апресян, Чжао Юань-Жень, Е.В.Падучева, И.И.Ревзин, А.В.Гладкий, Т.В.Булыгина, Н.С.Цейтлин, С.И.Ибрагимов). Сүйлөм схемаларын аныктоо жана сыпаттоо орустун академиялык грамматикасына да мүнөздүү (1990-ж). Жалпы жана кыргыз лингвистикасында моделдештирүү бир топ ийгиликтерге жетти [34, 304-305-бб; 89, 148, 224-225, 237-238-бб.].

Салыштырма синтаксис тектеш жана тектеш эмес тилдердин фактыларын өз ара айкалыштырып изилдейт. Тектеш тилдерди салыштырууну компаративистика, тектеш эмес тилдерди салыштырууну контрастивика (контрастивдик синтаксис) деп аташат. Түркология, славистика – компаративистиканын салаалары, ал эми орус, кыргыз тилдерин салыштыруу контрастивдик лингвистиканын алкагында аткарылат. Кыргыз орус контрастивдик синтаксисин түптөөдө жана өнүктүрүүдө А.Жапаровдун, К.С.Чоңбашевдин, В.Д.Скирдовдун ж.б. тилчилердин салымы чоң [89, 254-295-бб.].

Когнитивдик синтаксис маани-маңызы боюнча салттуу теориядан оолак эмес, анын бир жаңы салаасы катары кызмат кылат. Тилдик каражаттарды мүнөздөөдө, синтагматикалык типтерге бөлүштүрүүдө ал логикалык жана функционалдык синтаксистерге ыктап турат да, булардын жоболоруна жана принциптерине таянат.

Когнитивдик синтаксис лингвоконцептологиянын, лингвокогнитологиянын жана лингвоэтномаданият таануу илимдеринин жоболоруна негизделет. Ошондуктан бул тармакты полипарадигмалык изилдөөлөргө кошууга болот.

Ошентип, синтаксисти бир нече теориялык өңүттөрдө сыпаттого болорлугун көрдүк. Биз тандаган аспект сүйлөмдүн элдик тажрыйбаны, билимди чагылдыруучу касиетине караштуу.

Этностун эстутумунда пикир орчундуу маниге ээ. Ал субьект менен предикаттын катышынан жаралат. Элдин ой казынасы пикирлердин жыйындысы катары жаңы пикирлерди жаратууга, эзелки жана айтылган пикирлерди сактоого, жайылтууга, жагдайга ылайык буларды трансформациялоого, өзгөртүүгө оңтойлошкон.

Пикир адамзаттын эстутумунда статикалык да, динамикалык да мүнөздө жүрөт. Макал-лакаптар, афоризмдер, ырым-жырымдар, табышмактар, идиомалар ж.б. салыштырмалуу туруктуу болгону менен, тынымсыз өзгөрүлүп турат. Ошол эле учурда маалымат билгизүүдө, коммуникация процессинде тилдин закондорунун негизинде чексиз көп жаңы сүйлөмдөр жаралып, колдонулуп жатканын байкоого болот.

1.2.Когнитивдик синтаксистин бир модели жөнүндө

Когнитивдик лингвистика – өнүгүп, өсүп, тилчилер жамаатына кенен белгилүү болуп калган тармак. Анын негизги пайдубалы, фактылык базасы болуп, лексика, лексикалык семантика, идиоматика жана афористика (паремика) болуп саналат. Азырынча когнитивдик фонетика, когнитивдик морфемика, когнитивдик дериватология, когнитивдик морфология сыяктуу аталыштар учурай элек. Концепттин түзүмүн мүнөздөөдө деле грамматикалык кубулуштар мисал катары сейрек келтирилет. Салттуу синтаксис когнитивдик тил билиминин алкагында толук каралбай жүрөт.

Биздин билишибизче, Б.Ю.Нормандын “Когнитивный синтаксис русского языка” (М.:Наука, 2013.-254-б.) деген эмгегинен башка синтаксисти когнициялык өңүттө талдаган бир алгылыктуу изилдөө жок. Бул эмгектин мазмунун карап эле анда эмнелер жөнүндө сөз болгондугун айтууга болот. Иш он баптан турат.

1. **Когнитивдик лингвистика деген эмне?** Бул бапта когнитивдик тил илими өзүнчө парадигма катары сыпатталат да, аны негиздөөчү алыскы чет өлкөлүктөр (Н.Хомский, Р.Лангакер, Р.Дирвен, Ч.Филлмор, Р.Джекендорфф, Дж.Лакофф, Л.Талми, Р.Гиббс,Т.ван Дейк, А.Вежбицкая), россиялыктар

(Ю.С.Степанов, Е.С.Кубрякова, В.З.Демьянков, Н.Д.Арутюнова, В.И.Карасик, Н.Ф.Алефиренко З.Д.Попова, М.В.Пименова) жана беларустуктар (В.В.Макарова, В.А.Маслова, Н.Б.Мечковская) сыяктуу окумуштуулар аталат [159, 8-10 бб.]. Когнитивдик лингвистиканын үч түшүнүгүнө – концепт, фрейм, дүйнөнүн тилдик сүрөтү – өзгөчө басым жасалат [15-18 бб.]. Б.Ю.Нормандын ою боюнча, чын дүйнөнү моделдештирүүнүн түрдүү ыкмалары бар: бүтүн образдарды түзгөн гештальттар, зарыл белгилерди бириктирген түшүнүктөр, маданияттын вербалдашкан “каймагын” жаратуучу концепттер, жүрүм-турум, кыймыл-аракеттин үлгүлөрү болгон фреймдер, сценарийлер, түрдүү конструкттар (моделдер, схемалар), булар билип-таануу процессинде өз ара жеңил эле оошуп, бири-бирине байланышып турушу когнитивдик лингвистиканын обьектиси боло алат [159,33б.].

2. **Синтаксистик моделдер билип-таануунун курамы катары** [159,34-57 бб.]. Мында сүйлөм-айтым кошилтиги, схема – колдонуш биримдиги, адресат – адресант, субьект – предикат, жагдайдын катышуучусу – катышпоочусу жупташтыктары тууралуу, булардын сүйлөмдүн предикаттык-актанттык түзүлүшүндөгү кызматы аныкталат. Негизги корутунду кандай? Б.Ю.Норман: “...язык, и в том числе его модели предложения, аккумулирует в себе опыт предшествующих поколений и “навязывает” его ныне живущим людям. Это многообразные сведения об устройстве мира, о концептуализации времени и пространства, о свойствах предметов, об отношениях между людьми и т.п. Со временем, разумеется, данные представления могут меняться, но в целом они весьма стабильны. Синтаксис, образно говоря, - это рельсы, по которым движется поезд познания” [57-б.]. Демек, сүйлөм моделдери өткөн муундардын тажрыйбасын топтоп, жыйнап, учурдагы муундарга “таңуулайт”. Булар дүйнөнүн түзүлүшү, убакыт менен мейкиндикти концепттештирүү, заттардын касиеттери, адамдар ортосундагы мамилелер ж.б. жөнүндөгү түркүн маалыматтардан турат. Булар учур-учуру менен өзгөрүлүп турганы менен жалпысынан туруктуу. Синтаксисти билип-таануунун поезди жүргөн рельстер менен салыштырууга

болот. Сүйлөмдүн когнитивдик моделдери, чындыгында, биздин ой жүгүртүүбүздү башкарып, багыттап турган курал катары бааланышы керек.

3. **Синтаксистик моделдин лексикалык жактан камсыздалышы** [159, 58-78 бб.]. Сүйлөмдөрдөгү схема “бош”, өз алдынча, автономдуу болбойт. Андагы “рамалар” сөздөр менен толтурулуп гана маалымат берет. Лексика өзүнчө эле чын дүйнөнү чагылдыра албайт. Анткени алар атаган заттар, кубулуштар, сапаттар дүйнөнү категориялаштырып, топтоштуруп грамматиканын алкагына кирип, ага багынып, андан орун алып гана пикир билгизүүгө катышат. Р.Лангакер айткандай, “грамматика – өзү категоризация” [159,59-б.]. Грамматика, сүйлөмдүн грамматикасы же синтаксис лесикалык каражаттарга курамынан типтүү орун берип, аларды пикир билгизүүгө кызмат кылдырат. Синтаксисте этностун коллективдүү тажрыйбасынын көнүмүш, туруктуу, типтүү, жалпы формулалары калыптанган. Булардын билип–таануучулук, эмоционалдык, коммуникативдик, прагматикалык ж.б. бөтөнчөлүктөрү көптөгөн тилдик эмес факторлорго да багынычтуу.

4. **Синтаксистик моделдердин фразеологияланышы.** Синтаксистик моделдер идиомалашып турат. Финляндиялык окумуштуу М.Копотевдин пикиринде, фразеологиялашкан моделдер дайыма прецеденттик тексттерге, көпчүлүккө маалым клишелерге, туруктуу түрмөктөргө өтүп, кээде обочолонуп автономдуу моделдерди түзүп калат экен [159, 82 б.]. Мындай моделдерге орусча *Что за прелесть? Вот так история! Вот дурак так дурак* сыяктуу мисалдарды кошуп жүрүшөт. Мындай клишелер тилди жана аң-сезимди байытары шексиз.

5. **Предикат жана анын синтаксистик чөйрөсү**. Б.Ю.Норман латынча терминдерге артыкчылык берет. А.А.Шахматов да ушундай позицияда эле. Биз да баяндооч сөзүнүн ордуна предикат, ээ терминин ордуна субъект, толуктооч сөзүнүн ордуна обьект аталыштарын колдонсок ой тагыраак чыгарын тигил атоолордогу коннотациялар жымсалданып каларлыгын байкадык.

Чындыгында предикат – сүйлөмдөгү ойдун чордону, өзөгү. Л.Теньер айткандай, предикат – кичинекей драманын режиссеру, а калгандары – семантикалык ролдордун алып жүрүүчүлөрү, пикирдин катышуучулары, актанттары. Б.Ю.Норман да предикатты айтымдын “кожоюну”, башкаруучусу дейт [159,102-б.]. Предикат синтаксистик моделди аныктайт, жагдайдын катышуучуларын, булардын санын, сапатын белгилейт. Предикат – жагдайдын катышуучусу эмес, ал пикирдеги катышуучулардын байланыштыруучусу, уюштуруучусу. Ал обьектти, куралды, орунду, убакытты, себепти, жагдайдын ж.б. тараптарын аныктап, аларга позиция ачып берет, пикир билгизүүчү сүйлөмдүн предикативдик-актанттык түзүмүн аныктайт. Бул түзүмдүн саны, сапаты, мүнөзү предикаттын ички семантикасына жана пикир алмашуу жагдайына багынат.

6. **Актанттар жана алардын жүзөгө алынышы** да когнитивдик синтаксиске тиешелүү. Сүйлөм предикат аркылуу уюшат. Анын чөйрөсүн актанттар түзөт. Актанттар субьект, обьект, адресат, адресант, аспап (курал), орун, убакыт, себеп, максат ж.б. түрлөрдө ишке ашат. Булар пропозициялык түзүмдүн зарыл элементтери.

7. **Синтаксистик өзгөрүп түзүүлөр** жөнүндө жогоруда да сөз болду. Аны трансформациялык синтаксис дешет [230,139-б.; 159,148-б.]. Когнитивдик менталдык мазмун түрдүү өзгөрүүлөргө багынбайт. Ал туруктуу. Сүйлөмдүн бардык трансформаларында – бир тилдеги, эки тилдеги, котормолордогу, көп тилдердеги – ал жалпы маанисин бузбайт, айрым гана формалдык өзгөрүүлөргө учурайт.

8. **Бир өңчөй байланыштын билип-таануудагы** кызматын Б.Ю.Норман өзгөчө белгилейт [159,172-194бб.]. Синтаксистик бирөңчөйлүктө менталдык категоризация ишке ашат. Адамдын оюнда бирдей, окшош сапаттагы, жалпы көрсөткүчтүү заттар, кубулуштар топтоштурулат, класстарга ажыратылат, категорияларга жиктелет. Булардагы гиперонимдик, гипонимдик катыштар, жалпылоочу жана түзүүчү аттар белгиленет.

Ошондуктан синтаксистик бир өңчөйлүк когнитивдик синтаксис үчүн баалуу обьект деп эсептелинет.

9. **Синтаксистик маргиналдардын когнитивдик кызматы.** Маргинал термини латынча *marqo* “чек, чет” сөзүнөн алынган. Синтаксисте маргиналдык элементтер катарында коммуникативдик мааниси тайыз, пикир билгизүүдө зарыл көрүнбөгөн аталыштар каралат. Сүйлөмдүн коммуникативдик өзөгүн заттар жана этиштер түзөт. Булар дүйнөнү категорияларга, класстарга, топторго ажыратат. О.Есперсен сөз түркүмдөрүн үч рангага, даражага ажыраткан эле: биринчи даражадагы сөздөргө зат жана ат атоочторду, экинчи даражадагыларга – сын атоочтор менен этиштерди, үчүнчү даражадагыларга – тактооч жана ушуга окшогондорду кошкон [76,107-114-бб.]. Б.Ю.Норман эки топко ажыратат да, сүйлөмдүн борборун заттар, этиштер түзөрүн айтат. О.Есперсенге “номиноцентризм” мүнөздүү. Кийинки изилдөөчү когнитивдик синтаксисте маргиналдар да (сан, сын атоочтор, тактоочтор) өз орду менен кыйла кызмат кылларлыгын белгилейт [159, 195-217-бб.].

10. **Жалган сүйлөмдөр когниционалык көз караш менен.** Псевдопредложение терминин лингвистикага В.А.Звегинцев киргизген [159,218б.]. Бул аталышка реалдуу негизи жок мисалдар дал келет. Класста талдануучу *Светает, Дождь идет* сыяктуу сүйлөмдөр чындыкка шайкеш болбойт. Лингвисттер ойлоп тапкан: *Глокая куздра штеко будланула бокра и кудрячит бокренка* (Л.В.Щебра), *Кентавр выпил круглый квадрат* (И.И.Ревзин), *Зеленые идеи яростно спят* (Н.Хомский) сыяктуу сүйлөмдөр да псевдо айтымдар катары түзүлгөн да, авторлордун идеяларын тастыкташ үчүн колдонулган. Булар да когнитивдик жактан жүйөөгө ээ: алар тилдин табиятын өздөштүрүш үчүн керек. Алар тилди терең өздөштүрүүгө өбөлгө боло алат.

Ошентип, когнитивдик синтаксис жалпы синтаксистик теориянын бир салаасы катары, аны байытып, толуктап жаткандыгын айта алабыз.

Синтаксис сүйлөм түзүлүшүн, түрлөрүн гана изилдебестен, сүйлөмдө камтылган концепттерди, алардын түрлөрүн, өз ара катышын, бири-бирине

болгон байланышын, пропозицияларды жана булардын курамындагы предикаттык-актанттык кубулуштарды да иликтейт.

1.3.**Когнитивдик синтаксистин базалык категориялары жана багыттары**

Когнитивдик синтаксисте концепттердин өз ара жалганып, семантикалык ири блокторду жаратуу механизмдери изилденет. Мында когнитивдик категориялар пикир түзүүчүлүк, ой жүгүртүүнү уюштуруучулук кызматын аткарат.

Когнитивдик категорияларды концепт, концептосфера, дүйнө сүрөтү, менталитет ж.б. түшүнүктөр түзөт. Бул категориялар өз ичинен кичи категорияларды (подкатегорияларды), ички түзүүчүлөрдү ажыратышат.

Мисал катары концепт түшүнүгүн алалы. Ал когнитивдик лингвистиканын баштапкы категориясы. Аны чындыгында так, даана, кыска аныктоо оңой эмес. Концепттин аныктамасы, түзүлүшү илимпоздор тарабынан түрдүүчө белгиленет. Мунун себеби – анын түпкү маңызында. Концепт – идеалдуу бирдик, ал ойдо жашайт, аны түздөн-түз байкоого болбойт. Биздин сезүү органдарыбызга ал таасирин тийгизбейт: аны көрүүгө, угууга, даамдоого, жыттоого же кармап көрүүгө болбойт. **Концепт эстутумдан сыртка чыгып, тилдик каражаттарда берилип гана материалдык сапатка ээ болот.**

Анын үстүнө концепт категориясы когнитологияда, лингвистикалык концептуализмде же когнитивдик лингвистикада гана учурабастан, ал философтордун, логиктердин, психологдордун, маданият таануучулардын, социологдордун, илимдин ж.б. тармактарынын өкүлдөрү тарабынан да колдонулуп жүрөт. Ошондуктан концепт көп пландуу түшүнүк катары пайдаланылып, өз мазмунуна түрдүү тармактардын “изин”, эпкинин кийирип турат.

Концепт терминин филологияда түптөлүп орношуна С.А.Аскольдов-Алексеев (1928ж.) менен Д.С.Лихачевдун (1983) ролу чоң. Булардын

аныктамасында, концепт деп нерселерди, кубулуштарды, аракеттерди, окуяларды чагылдырып жалпылаган жана аларды акыл-эсте алмаштырган ойтутумдун үзүмүн айтууга болот. Концепт – нерселердин ойлоодогу орунпайы (Д.С.Лихачев).

Кайсы бир аныктамаларда концептти эстутумдун, менталдык сөз корунун, концептуалдык системанын жана мээ тилинин, дүйнө сүрөтүнүн оперативдүү бирдиги катары, билимдин кванты же күкүмү катары мүнөздөшөт [130,90-92-бб.]. Башка аныктамаларда аны абстракттуу, конкреттүү-ассоциативдик жана эмоционалдуу-баалоочулук касиеттерди камтыган идея, ошондой эле түшүнүктүн ныкталган (прессстелген) тарыхы катары сыпатталат [191,411-42-бб.]. Мындай аныктамалар, бирин-бири толуктаган көз караштар өтө эле көп [176, 17-29-бб.]. Аларды санап, талдап олтурбай эле жогорку эки көз карашка саресеп салып көрөлү.

Биринчи аныктамада концепттин аң-сезимге карата катышы көрсөтүлөт. Концепт билим-тажрыйбанын бир кыпыны катары, эстутумдун, аң-сезимде сакталган дүйнө сүрөтүнүн, менталдык системанын, концептосферанын бирдиги катары каралат. Ошол эле учурда анын динамикалуулугу, ийкемдүүлүгү, оперативдүүлүгү белгиленет. Анын тилге байланыштуулугу айтылат да, менталдык сөз кору жана мээ тили жөнүндө сөз болот. Мында сөз кору (лексикон), “тил” лингвистикалык мааниде эмес, менталдык-психикалык мааниде колдонулгандыгы даана көрүнүп турат.

Экинчи аныктамада концепт идея катары берилет, анын абстракттуулугу, конкреттүү-ассоциативдик мүнөздө болушу, эмоционалдуу-баалоочулук касиетке ээ экендиги, тарыхый-өнүгүү жолу менен жаралган түшүнүк экендиги баса көрсөтүлөт. Демек, концепт түрүндө берилген идея абстракттуу да, конкреттүү да боло алат. Анда адамдын аң-сезиминдеги ассоциациялар жалпылоочу да, жекече да түрдө жашоосу белгиленет. Абстракттуу жалпылоо негизинен этноско, адамзатка тиешелүү. Концепттин өз эволюциясы баштапкы идеянын байып, такталып, жаңы семаларга ээ болуп,

пресстелип, салыштырмалуу туруктуу мүнөзгө өтүшүн камсыз кылат. Бул аныктамада концепттин өнүгүүсү, диахрониясы да камтылган.

Ошентип, концептти эстутумдун бир үзүмү же күкүмү катары элестетүүгө болот. Концептти аныктоонун бир нече параметрлери бар.

1.**Концепт деген эмне?** Жооптор түрдүүчө:

1) тилдик-когнитивдик бирдик (Е.С.Кубрякова);

2) психолингвистикалык кубулуш (А.А.Залевская);

3) абстрактуу илимий түшүнүк (А.Соломоник);

4) маданияттын түптүү бирдиги, абстракттуу, конкреттүү-ассоциативдик жана эмоционалдуу-баалоочу идея (Ю.С.Степанов);

5) тилдик-маданий кубулуш (Г.Г.Слышкин, В.И.Карасик ж.б.).

2. **Концепт эмненин бирдиги?** Муну камтуучу, өз кучагына алуучу бүтүндүктөр да түрдүүчө көрсөтүлөт:

1) менталдуулуктун, менталитеттин бирдиги (В.В.Колесов, С.Г.Воркачев);

2) аң-сезимдин бирдиги (Е.С.Кубрякова, З.Д.Попова);

3) ой тилинин бирдиги (С.А.Аскольдов-Алексеев, Т.А.Фесенко);

4) дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн бирдиги (Ю.Д.Апресян, В.В.Красных, Л.О.Чернейко);

5) менталдык – тилдик комплекстин бирдиги (В.В.Морковкин, А.В.Морковкина);

6) дүйнө жөнүндө маалыматтардын бирдиги (С.А.Борисова, Т.В.Матвеева) ж.б.

3. **Концепт эмне менен туюнтулуп, кантип берилет?**

1) гештальт аркылуу, фрейм-түзүлүштөр түрүндө (Л.О.Чернейко, В.В.Красных, З.Д.Попова);

2) тиешелүү сөздүн маанилеринин, ассоциацияларынын жана коннотацияларынын жыйындысы аркылуу (Д.С.Лихачев, Т.Ю.Сазонова);

3) обьектке тиешелүү маалыматтардын баары менен (В.Н.Телия);

4) эне тилдин категориялары жана формалары аркылуу (В.В.Колесов);

5) даяр сөздөр, фразеологизмдер, эркин сөз айкаштары, сүйлөмдөр, тексттер жана тексттердин жыйындылары аркылуу (З.Д.Попова, А.П.Булатова, Г.А.Фесенко);

6) сөз аркылуу (С.А.Аскольдов-Алексеев, И.В.Черемисина);

7) сөз уңгусу менен (Е.И.Зиновьева);

8) вербалдык да, вербалдык эмес да каражаттардын жыйындысы менен (В.И.Карасик) ж.б.

4. **Концепт эмнелерден, кандай түзүүчүлөрдөн турат? Аны эмнелер уюштурат?**

1) өзөк менен чекебелден (жакабелден) турат (З.Д.Попова, И.А.Стернин, З.К.Дербишева);

2) этимологиялык жана актуалдуу (тарыхый жана учурдагы) катмарлардан турат (Ю.С.Степанов);

3) минимумдук жана максимумдук көрсөткүчтөрдөн турат (А.Вежбицкая);

4) туташ жана ажырым бөлүктөрдөн турат (А.П.Булатова);

5) микро жана макро түрлөрдөн турат (Г.В.Токарев); микро жана супер түрлөрдөн уюшат (Г.В.Гафарова, Т.А.Кильдибекова);

6) ой сүрөтчөсү, схема, фрейм, инсайт, сценарий, калейдоскоп түрүндөгү концептер болот (А.П.Бабушкин, З.Д.Попова, И.А.Стернин ж.б.);

7) жекече, кичи топтук, ири топтук, улуттук цивилизациялык, жалпы адамзаттык түзүмдөрдөн уюшат (Г.Г.Слышкин, В.И.Карасик);

8) жекече жана топтук (кесиптик, курактык, жыныстык) түрлөрдөн түзүлөт (З.Д.Попова, И.А.Стернин);

9) улуттук жана коомдук бөлүктөрдөн турат (Г.Г.Слышкин);

10) атоолор, уникалиялар, универсалиялар, архетиптер жана инварианттардан турат (С.Г.Воркачев).

5. **Концепт кандай жалпы мазмунга ээ?**

1) маданияттык (С.Г.Воркачев, В.И.Карасик, Т.В.Матвеева);

2) тилдик-маданияттык (Н.В.Раппопорт);

3) когнитивдик (Е.С.Кубрякова, З.Д.Попова, И.А.Стернин);

4) эмоционалдык (А.Вежбицкая);

5) илимий (Т.В.Матвеева) ж.б. [Прохоров, 2009, 20-22-бб.; Дрофа, 2010, 38-39-бб.; Сабитова, 2010, 175-176 бб.; Амиралиев, 2014, 43-44- бб.; Стернин, Тагаев, Камбаралиева, 2015, 39-40-бб.; Абдувалиева, Мадаминова, Зулпукаров, 2017, 12-15бб.].

Концептти окумуштуулар түрдүүчө түшүнгөндүгү ушул кыскача обзордон анык болду. Келтирилген аныктамалар изилдөөчүлөрдүн жекече позициясын, концептуалдык-тармактык көз карашын чагылдырып турат.

Келтирилген көз караштарды, түркүн дефиницияларды жалпылап, концепттин **жалпы белгилерин** аныктоого болот:

1) концепттерге **комплекстүүлүк** мүнөздүү; бул сапат анын табиятына, жаралуу, жашоо, колдонуу бөтөнчөлүктөрүнө дал келет; концепт бир эле учурда тилдик – эстутумдук – маданияттык түзүлүшкө ээ;

2) аларга **менталдуулук** тиешелүү: булар аң-сезимде жаралат, эстутумда сакталат, пикир алмашууда иштейт.

3) концепттерде **баалуулук** берилет, сакталат, таркатылат, анткени алар коом үчүн зарыл мазмунга ээ болот;

4) буларга **статика** – **динамикалуулук** мүнөздүү; аларда туруктуу абал да, тынымсыз өзгөрүүлөр да жүрүп турат; динамикалуугугу жаралып – жоголуп, тарып – кеңейип, бутактап – бутактабай ж.б. сапаттарга өтүп турушу менен белгиленет;

5) аларда шарттулук, бүдөмүктүк, жагдайга багынычтуулук, так-даана чекке ээ боло албастык бар;

6) убакытта, кырдаалда, коомдук же жекече өнүгүүдө **актуалдуулук** сапатын кабыл алат;

7) тилдик алкакта алардын **көп катмардуулугу**; **дээрлик** бардык, концепттердин номинанттары менталдык, семантикалык, этимологиялык, деривациялык, мифологиялык, идиомалык ж.б. катмарлардан турат;

8) “**баалуулук – образдуулук – түшүнүк берүүчүлүк**” **үчилтигинин** чегинде колдонулушу жана сыпатталышы да – анын белгиси [182, 171-172-бб.; 207, 110-113-бб.].

Бул сапаттардын ээси болгон концепт өзүнүн көп кырдуулугу, бир так аныктамага баш ийбестиги менен өзгөчөлөнүп турат. Ушунун негизинде окумуштуулар концепт жөнүндө жазганга анын айрым гана белгилерин актуалдаштырып жүрүшөт. С.А.Аскольдов-Алексеев аны элес деп аныктайт, Д.С.Лихачев “маанинин алгебралык көрсөткүчү” деп, А.Вежбицкая маданияттын негизги сөзү деп, Ю.С.Степанов “сөз коштоп жүргөн элестердин, түшүнүктөрдүн, билимдердин, ассоциациялардын, ой сүртүмдөрдүн тутамы” деп, В.В.Колесов “түпкү маанинин үрөнү” деп, Н.Ф.Алефиренко “семантикалык эмбрион”, “маанилик урук” деп белгилешет [170, 29-35-бб.; 182, 170-171-бб.; 207, 110-113-бб.].

Мазмуну боюнча концепти бир нече кичи түрлөргө ажыратышат: элес, түшүнүк, схема, фрейм, сценарий (скрипт), гештальт ж.б. Буларга кыскача мүнөздөмө берели.

1. Элес – заттын жалпылоочу образы, сезүү органдары менен кабыл алынган анын турпаты. Мисалы, *аяз ата* десек, оюбузда кандай ассоциация болот? Жомокто, кыялда, кыштын суугун жаңы жылдын келишин билдирүүчү аппак сакал-муруту бар, ак тон, ак тебетей, ак мээлей, ак чокой кийген карыя түрүндөгү аяздын символун эске алабыз. Бул элес кыргыздын ойтутуму үчүн архетип эмес, ал кийин орус лингвомаданиятынын таасири менен пайда болгон көрүнүш. Жаңы жыл салты да – өздөштүрүлгөн адат.

2. Түшүнүк – заттардын эң жалпы, өтө зарыл жана маанилүү белгилеринин жыйындысы. Мисалы, *зоология* түшүнүгүн аныктоо үчүн анын эң негизги белгилерин жиктеп алабыз: 1) илим; 2) жаныбарлар жөнүндөгү; 3) алардын түрлөрү жашоосу, көбөйүүсү, пайдалуулугу. Бул белгилердин баары зарыл. Алар биригип аталган дисциплинанын түшүнүгүн билдирет: зоология-жаныбарлардын түрлөрү, жашоосу, көбөйүүсү жана пайдалуулугу жөнүндө илим. Мында белгилер үч баскычта: илим – жаныбарлар жөнүндө – түрлөрү,

жашоосу, көбөйүүсү, пайдалуулугу. Үчүнчү баскыч түшүнүктү тактайт, байытат. Алгачкы эки баскыч өтө зарыл: зоология – жаныбарлар жөнүндө илим.

3. Схема – мейкиндиктеги графикалык же контурдук түрдө берилген концепт. Схемага жөнөкөйлөтүү ыкмасы мүнөздүү. Кагаз бетиндеги схемалар эки өлчөмдө болот. Мисалы, таблицалар, графиктер, проекттер, карталар, жол белгилери.

4. Инсайт – заттын түзүлүшү, ички курамы жана кызматы жөнүндөгү маалыматтардын сөзгө “оролуп” берилиши [35,30-б.].

5. Прототип деп түркүн элестердин, түшүнүктөрдүн фреймдердин ж.б. концепттердин башатын түзгөн, алардын түпкүрүн чагылдырган концептти айтууга болот. Прототипке алгачкылык, бириктирүүчүлүк, синтездөөчүлүк касиеттер мүнөздүү.

6. Пропозиция – абстрактуу пикир. Ал элдик тажрыйбаны жалпылап чагылдырат, айтымдарда, сүйлөмдөрдө, типтүү фразаларда, элдик афористикада кенен учурайт. Биздин эмгектин максаты макалдардагы, элдик, эл аралык, пропозициялардын айрымдарын салыштырып сыпаттап чыгуу болуп саналат.

7. Фрейм – бул татаал түзүлүштөгү, көлөмдүү концепт. Заттар тууралуу стандарттуу, көнүк билимдердин, маалыматтардын жыйындысы фреймди жаратат. Мисалы, “Бишкек” концептин алсак, анын мазмунун шаар, борбор түшүнүгү, анын статусу, калкынын саны, составы, микрорайондору, тарыхы, көчөлөрү, ири имараттары ж.б. түзөт. Ал эми “университет” фрейминин көлөмү ага караганда кичирээк, бирок анын да түзүүчүлөрү көп.

8. Сценарийди скрипт деп да аташат. Ал да татаал түзүлүштө болот, бирок ага ырааттуулук, мейкиндик-убакытта ырааттуу динамикага ээ болуучулук касиеттери мүнөздүү. Сценарий окуялардын, кадрлардын, субьекттердин, аракеттердин, багыттардын алмашуусу менен коштолот. ”Үйлөнүү тою” концепти ар элдерде, ар жагдайда түрдүүчө скрипт боло алат. Бул концепт фрейм катары аныкталганда анын түзүүчүлөрү, катышуучулар,

салттар ж.б. белгиленет, сценарий катары аныкталганда анын башы-аягын бириктирген түрдүү аракеттер, жорук-жосундардын ирети көңүлгө алынат.

9. Гештальт да – ойтутумдагы ири, комплекстүү, бир бүтүндүктөгү түзүм. Ал өз кучагына көптөгөн окуяларды, түрдүү кубулуштарды камтыйт. “Өтмүш”, “тагдыр”, “өмүр” сыяктуу концепттер гештальт түрүндө жашайт.

Булардан тышкары да концептти түрдүү кичи топторго ажыратууга болот. Аларды микроконцепт – макроконцепт, этностук концепт – этнос аралык концепт, регионалдык концепт – глобалдык концепт, пассивдүү концепт – активдүү концепт, эски түшүнүк – жаңы түшүнүк, кенен түшүнүк (гипероним) – тар түшүнүк (гипоним), позитивдүү концепт – негативдүү концепт, чектүү концепт – чексиз концепт, абстрактуу концепт – конкреттүү концепт, бир маанилүү концепт – көп маанилүү концепт, даана концепт – бүдөмүк концепт ж.б. түрлөргө ажыратууга болот. Бир эле концепт түрдүү адамдардын аң-сезиминде бирдей болбогон мазмунга ээ. Мисалы, “Жер” концептин алсак, ал түркүн сапаттарга ээ болот. Бир жагынан алганда ал этнос аралык, глобалдык сапаттагы макроконцепт, анда активдүүлүк (айлануусу, жашоого негиз болуусу), жаңылык (байыркы кыргыздар планетаны билишпеген), негативдүүлүк (*жер жутту, жерге беришти* ж.б.), чексиздик (көзгө кыйыры көрүнбөйт) ж.б. ошол эле учурда анын номинанттарында микро, этностук, конкреттүү, позитивдүү ж.б. маанилер бар (*чеккен **жер** кычышып жатат*).

1.4. **Когнитивдик лингвистиканын негизги салаалары жана аспектилери**

Биз лингвокогнитология, когнитивдик лингвистика аталыштарын бирдей эле мааниде колдонобуз. Аларды синонимдер деп кароого да болот.

Лингвокогнитологиянын чегинде бир нече багытты жана изилдөө өңүтүн ажыратууга болот.

1. **Маданият таануу багыты.** Бул салаада концепт маданияттын элементи катары көрсөтүлөт да, ал көптөгөн илимий тармактардын негизин

түзөрү белгиленет (С.А.Аскольдов, Д.С.Лихачев, Ю.С.Степанов). Изилдөөнүн багыты – “маданияттан - тилге карай”.

2. **Тилдик маданият таануу багыты** же лингвокультурология. Мында концепт улуттук, тилдик маданияттын бирдиги деп эсептелинет. Ошондой эле концепт улуттук-этностук баалуулуктар, бөтөнчөлүктөр менен кошо изилденет. Изилдөөнүн багыты – “тилден – маданиятка карай” (В.И.Карасик, С.Г.Воркачев, Г.Г.Слышкин, Г.В.Токарев, З.К.Дербишева ж.б.).

3. **Логикалык багыт.** Бул салаанын чегинде концепт логикалык ык-методдордун жардамы менен иликтенет, мында тилдик формага анчейин көңүл бөлүнбөйт, концепт логикалык категория катары аныкталат (Н.Д.Арутюнова, Р.И.Павиленис, А.Абдулатов).

4. **Семантика-когнитивдик багыт.** Бул кичи тармак семантикага басым жасайт. Концептти жаратууда лексикалык, грамматикалык маанилердин кызматы өзгөчө көңүлгө алынат, концепт менен семантиканын биримдиги айрыкча белгиленет. Чындыгында, концепт “ичте” болгондуктан, аң-сезимдин түпкүрүндө жайгашкандыктан ага байкоо жүргүзүү, аны изилдөө татаал. Концепттин вербалдашуусун, “тышталып” семантикада берилишин талдоо оңой. Ошондуктан бул багыттын тарапкерлери өтө ыңгайлуу “тилдик семантикадан – концептосферага карай” жолун тандап алышкан. Концепттин мазмунун тилдик каражаттар аркылуу ачып берүү изилдөөчү үчүн оңтойлуу (Е.С.Кубрякова, Н.Н.Болдырев, Е.В.Рахилина, Е.В.Лукашевич, А.П.Бабушкин, З.Д.Попова, И.А.Стернин, Г.В.Быкова).

5. **Философиялык-семиотикалык багыт.** Мында маалымат белгилөөнүн когнитивдик негиздери изилденет (А.В.Кравченко).

Бул беш багытты З.Д.Попова, И.А.Стернин [170, 16-б.], У.Ж.Камбаралиева [110, 21-22-бб.] белгилешет. Мындан тышкары У.Ж.Камбаралиева алтынчы салааны сунуштайт.

6. Психолингвистикалык багыт. Бул багыт концептти жеке инсандын ой түйүнү катары, базалык, перцептивдик–когнитивдик–аффекттик түзүм катары айкындайт (А.А.Залевская, Б.Е.Дарбанов).

Биз К.З.Зулпукаровдун, С.М.Амиралиевдин, Б.Е.Дарбановдун, М.Е.Дарбановдун, У.Н.Камардинованын, Р.К.Ормокеевадын ж.б. тажрыйбасына таянып дагы бир нече изилдөө багыттарын ажыратууга негиз таптык [21, 7-11-бб.; 61,38-37 бб.; 16-35-бб.; 108,315-326-бб.;161,44-47-бб.].

7. Тарыхый-диахрониялык багыт. Концепттин жаралышы, өнүгүшү, байышы, өзгөрүлүшү, азыркы абалга жетиши – ушул багыттын предмети. Мисалы, этностордун оюндагы “Жер” концептинин эволюциясы, “Суу” концептиндеги айрым семантикалык элементтердин (“кычкылтек менен суутектен турган түзүм”) же белгилердин (H_2O) пайда болушу, “Күн” концептинин негизги номинанты атаган заттын формасы, көлөмү, түзүлүшү, пайда болуусу, келечекдеги өчүүсү жөнүндөгү маалыматтар ж.б. ушул багыттын чегинде талданат.

8. Катарлаштырып талдоо багыты. Концептти орусча сопоставительная лингвоконцептология же лингвокогнитология деп аталчу тармактын чегинде каралышы, биздин оюбузча, өзүнчө салаа боло алат. Анын натыйжалары экинчи тилди өздөштүрүү үчүн чоң өбөлгө болот. Бул багыт шериктештик өлкөлөрдө (Россия, Казакстан, Кыргызстан ж.б.) катуу өнүгүп жатат. Кыргызстанда контрастивдик лингвокогнитология М.Ж.Тагаев, З.К.Дербишева, К.З.Зулпукаров, Б.Е.Дарбанов, Г.А.Абыканова, У.Ж.Камбаралиева, Б.Б.Нарынбаева, А.Р.Бутешова, А.А.Калмурзаева, Ы.А.Темиркулова, Е.Н.Мурадымова, Й.Кенан, А.Зафер сыяктуу ж.б. типолог – когнитологдордун эмгектеринде берилген [230, 142-143-бб.].

Бул салааны синхрониялык жактан катарлаштырып изилдөө багыты деп атоого да болот.

9. Салыштырып талдоо багыты. Муну орусча сравнительная лингвокогнитология деп атоого мүмкүн. Бул багыттын чегинде тектеш тилдердеги тигил же бул концепттин семантикалык сферасы, түрлөнүшү, жалпылыктары, айырмачылыктары каралат. Мисалы, “Родина” концептин алсак, ал славян элдеринде окшоштуктарга да, өзгөчөлүктөргө да ээ. Украиналыктардын менталитетиндеги семантикалык оош-кыйыштар,

“жылыштар” да бул концепттин эволюциясынын бир үзүмү же көрүнүшү боло алат. Кыргыз менталитети үчүн “Мекен”, “Ата-Мекен”, “Ата-Журт” түшүнүктөрү да салыштырмалуу жаңы. Биринчи экөөндө арабча сөз бар, үчүнчү калька принциби менен (орусча *Отчизна* сөзүнөн) пайда болгон. Бул сөздөр байыркы түрк эстеликтеринде учурабайт. Алар биздин менталитеттеги лакунаны толтуруп турат [230, 143-б.].

10. Лексикографиялык лингвокогнитология багыты. Бул салаада концепттин мазмуну философиялык, логикалык, энциклопедиялык, тилдик (монолингвалдык, диалингвалдык) ж.б. сөздүктөрдүн негизинде аныкталат. Сөздүктөр концепт тууралуу ар тараптуу, терең, кенен, иреттелген маалыматтарды берет. Көп изилдөөлөрдө концепттин мазмунунда лексикографиялык катмар жиктелет.

11. Структура-семиотикалык багыт “семиотикадан – тексттин структурасына карай” принциби менен ишке ашат. Анын тарапкерлерин Москва-Тарту мектебинин өкүлдөрү деп да аташат (Ю.М.Лотман, Вяч.Вс.Иванов, В.Н.Топоров, М.А.Гаспаров ж.б.) (208, 23-б.). Айтып кетүү керек: жогоруда маданият таануу багытынын тарапкери катары бир гана Ю.С.Степанов аталса (З.Д.Попова, И.А.Стернин, У.Дж.Камбаралиева), В.И.Тхорик менен Н.Ю.Фанян үч өкүлдү санап, С.А.Аскольдов менен Д.С.Лихачевду бул фамилиядан мурда берет [208, 23, 29-бб.].

12. Когнитивдик – педагогикалык багыт (К.З.Зулпукаров, А.Абдулатов, Г.Ж.Абдимиталипова, М.Малабаев ж.б.). Мында провербиалдык каражаттарда чагылдырылган концепттерди окуу-тарбия ишинде колдонууга мүмкүн болгон ыкмалар баяндалат [90, 53-69 бб.; 91, 53-57 бб.; 92, 47-53 бб.; 93, 59-65 бб.; 94, 53-69 бб.]. Мунун теориялык проблемалары К.З.Зулпукаровдун “О предмете лингвопаремиологии” аттуу чакан макаласында талкууланган эле [95, 3-8 бб.].

Бул тизмени улантууга болот. Бирок жогоруда эң орчундуу багыттардын, изилдөө өңүттөрүнүн жалпы принциптери гана аталды. Биз өз ишибизде бул идеяларды кооштуруп колдонобуз.

1.5. Лингвопаремиология: предмети, статусу жана сыпаттоо өңүттөрү

Лингвопаремиологиянын предмети – элдик оозеки чыгармалардагы микрожанрлар: макал, лакап, белги, табышмак, ырым сөздөр, анекдоттор ж.б. Бирок бул жанрлар жөнүндөгү илимди фольклористикада паремиология дешет. Биздин максатыбыз тарыраак: кичи фольклордук чыгармаларды тилдик каражат катары, тил илиминин позициясында, учурдагы лингвистиканын принциптерине, идеяларына, методдоруна таянып изилдөө болуп саналат. Демек, лингвопаремиология толук өз алдынча автономдуу илимий тармак эмес. Бир жагы менен ал паремиологияга, экинчи жагы менен лингвистикага кептелип турат. Ошондуктан аны тармактар аралык дисциплина деп атоого болот.

Лингвопаремиологиянын предмети болгон элдик кичи чыгармаларды презентациялоо, системалаштыруу, изилдөө түрдүү принциптерге негизделет. Ошондуктан булардын ички маңызын, колдонушун, өнүгүүсүн, таркалышын иликтөө көп багыттарда жана өңүттөрдө аткарылат.

Паремиялык учкул сөздөрдүн презентацияланышы лексикографиялык, фольклордук, этнографиялык, лингвистикалык ж.б. алкактарда жүргүзүлөт. Буларды сыпаттоо да түрдүү критерийлер, өлчөмдөр менен жүзөгө ашырылат. А.А.Крикман паремияларды иликтөөнүн үч ыкмасын белгилейт: 1) семантикалык (виртуалдык) ыкма; 2) семантика-прагматикалык (актуалдуу) ыкма; 3) синтактика-семантикалык ыкма [128, 82-83-бб.]. Бул классификацияда семантикалык аспект үстөмдүк кылып турат: үч ыкма тең паремиялардын маани-маңызына байланыштуу жиктелип берилген.

Биздин оюбузча, **бүт паремияларды аталган үч ыкмага эле бөлүп таштоо орунтуксуз болмок.** Бул үч түргө элдик афоризмдердин көптөгөн тараптары, сапаттары, түрлөрү таптакыр эле сыйбай калат. Ошондуктан буларды сыпаттоону жана колдонуу, изилдөө үчүн жайгаштырууну кенен контекстте жүргүзүү зарылдыгын айтууга болот.

1. Паремияларды презентациялоонун **алфавиттик ыкмасы**. Макал-лакаптарды алфавит боюнча жайгаштыруу – өтө таркалган, көпчүлүк паремиологдор кабыл алган жол. Бул ыкма менен учкул сөздөрдү З.В.Абаева [1,281б.], С.Шамбаев [221, 200б.], К.Нускаев [160, 103б.], А.Алсеитов[20, 170 б.], М.Ибрагимов [96, 500 б.], А.Садыкулова [183, 280 б.] ж.б. Бул пунктка Д.Т.Давлетбекова түзгөн "Тысяча кыргызских пословиц и поговорок из собрания академика К.К.Юдахина" аттуу эмгегин да кошууга болот. Мында К.К.Юдахиндин материалдары алиппе принцибинде берилген (60, 116 б.). Бирок түзүүчү жыйнактын атын кыргызча туура эмес шөкөттөп алган: "Бир миң кыргыз элинин макал-лакаптары академик К.К.Юдахиндин жыйнагынан". Аны туурараак атоого да болмок. Мисалы, "Академик К.К.Юдахин жыйнаган кыргыз элинин бир миң макалы". Чындыгында, бардык учурда атактуу лексикограф сөздүктө бир эле *поговорка* терминин колдонгон. Бул контекстте *макал-лакабы* же *макалдары жана лакаптары* терминдери анчейин коошпойт [68, 573 б.].

Бул принцип түзүүчүлөр үчүн дайыма эле ишке туура ашырылбайт. Мисалы, А.Садыкулова өз жыйнагында *а* тамгасы менен башталган сөздөрдү *айыл – атадан – атын – ата – ажырашар – айтса – арык* тизмеги менен жайгаштырган [183, 5б.], туурасы: *ажырашар – айтса – арык – ата – атадан – атын.* Мындай катаны башка жыйнактардан да учуратууга болот. Мисалы, кытайдагы кыргыздардын макал-лакаптары берилген жыйнакта *уят - уйга* тизмеси ката, туурасы *уйга - уят* болуу керек [133, 110 б.]. К.Нускаевдеги *ак төө – ак ит – Ак-сай* тизмеги да алфавитке дал келбейт. Анткени экинчи сөздөрдүн биринчи тамгалары алиппелик тизмекте тетирисинче жайгашылат: *и – с – т* [160, 21 б.].

2. Паремияларды жайгаштыруунун **генетикалык принциби**. Бул тартип афоризмдердин булагын, келип чыгышын, жаралышын, таркалышын, биринчи планга коет. Дүйнөдө таркалган учкул сөздөр көп. Алардын айрымдары бир авторго же бир булакка (Библияга, Куранга ж.б. ыйык китептерге), айрымдары бир элге же тектеш элдердин тобуна, кайсы

бирөөлөрү тигил же бул доорго тиешелүү болушу мүмкүн. Ушул көз караш менен алганда чыгыш элдеринин макалдарын жыйнаган И.С.Брагинскийдин [37, 317б.], түрк элдеринин афоризмдерин топтогон С.К.Муратовдун [156, 293б.], орус макалдарынын жана фразеологизмдердин түпкү булактарын тапкан А.М.Бабкиндин [27, 263б.] эмгектери баалуу. Аталган принципке Н.С.Ашукин менен М.Г.Ашукинанын "Крылатые выражения. Литературные цитаты. Образные выражения" аттуу ири жыйнагы көңүлгө аларлык [26, 668б.]. Мында орусча идиомалардын, учкул сөздөрдүн түпкү төркүндөрү көрсөтүлгөн. Ошондой эле ири билип–таануучулук, тарыхый–филологиялык жана лингвомаданий кызматты С.Г.Шулежкованын "Крылатые выражения русского языка, их источники и развитие" аттуу китеби аткарып келүүдө [227, 285б.].

Бул багытта кыргыз лингвистикасында да азыноолак иштер жүргүзүлгөн. Х.Карасаевдин "Накыл сөздөр" аттуу эмгеги да тилибизде кенен таркалган сөз берметтеринин, учкул сөздөрдүн тегин ишенимдүү тескөөгө жана текшерүүгө алган [114, 368 б.]. Р.Эгембердиев көптөгөн фразеологизмдердин булагы катары, колдонулган тексттик-поэтикалык чөйрөсү катары "Манас"эпосун эсептейт [229, 20 б.].

Бул өңүттө русистикада да бир бараандуу эмгек жаралган. Ал "Опыт этимологического словаря русской фразеологии" деген ат менен Н.М.Шанский, В.И.Зимин, А.В.Филиппов басып чыгарышкан [222, 239б.].

3. Учкул сөздөрдүн **жаралуу дооруна карата** жайгаштырылышы. Накыл сөздөрдү байыркы ойчулдар топтоп, системалаштырып, жаштарга чечмелешип үйрөтүп келишкен. Аларды жаш муундарды тарбиялоодо, коомдук маселелерди чечүүдө, позитивдүү нравалык баалуулуктарды орнотууда колдонуп жүрүшкөн. Байыркы Египетте, Месапотамияда(шүмерлер, хурриттер, вавилондуктар ж.б. элдер), Иудеяда (Библия), Байыркы Индияда, Байыркы Кытайда, Байыркы Греция менен Римде (Конфуций, Лао-цзы, Фалес, Платон, Аристотель, Сенека ж.б.) дагы көптөгөн чөлкөмдөрдө өрнөк сөздөр акыл-ой казынасы катары бааланып, ооздон оозго, элден элге,

муундан муунга өтүп жүргөн. Булардын көпчүлүгү жазманын бардыгынан улам ушул күнгө чейин жетип келди. Булардын ичинен өтө активдүү болуп ыйык китептерде (Библия, Куран ж.б) пайда болуп, тынымсыз колдонулуп жүргөн афоризмдер, сентенциялар, максималар, притчалар паремиялык чыгармалар катары коомдогу тартипти мыйзамдуулукту, гумандуулукту ж.б. асыл санаттарды орнотууга, сактоого чоң салым кошуп келмекчи. Бул багытта кийинки эле учурларда жаралган ири көлөмдөгү жыйнактарды атабасак болбойт: “Энциклопедия афоризмов: Античность, Древняя Индия, Древний Китай, Библия” [231, 832б.], “Энциклопедия афоризмов: Средние века, эпоха Возрождения, эпоха Просвещения, русская афористика от Средневековья до Просвещения” [232, 992б.], “Энциклопедия афоризмов 19 века” [233, 976б.], “Энциклопедия новейших афоризмов: 20 век” [234, 752б.].

Тарыхый-хронологиялык принципти И.Голуб да жетекчиликке алат. Анын “Мудрость тысячелетий : мысли и афоризмы” аттуу эмгегинде : 1. Библиядагы накыл сөздөр; 2. Антик доорундагы даанышмандык; 3. Чыгыш даанышмандыгы; 4. Түрдүү доорлор өкүлдөрүнүн даанышмандыгы; 5. Өкүмдарлар менен аскер башчылардын даанышмандыгы; 6. Учурдагы даанышман сөздөр [54,190б.] аттуу бөлүктөрдү камтыйт.

Айрым учурда ушул жана мурунку критерийлерди ажыратып кароо кыйын болгонун байкоого болот. Мисалы, Ю.А.Гвоздарев фразеологиянын булактарына кайрылып библеизмдердин орус фразеологиясында [48, 26-34бб.], А.А.Абдулатов Библиядагы, Курандагы идиомалардын кыргыз паремияларында [5, 78-79бб.] кеңири учурашы тууралуу сөз кылышат. Бул изилдөөлөр бир тарабынан, мисалы, жаралуу дооруна караганда үчүнчү критерийге, экинчи жагынан алганда пайда болуу булагы болгондуктан экинчи критерийге баш ийиши мүмкүн.

4. Паремияларды **жаралуу, түптөлүү жана таркоо ордуна карап** презентациялоо. Бул географиялык критерий да көптөгөн эмгектердин түзүлүшүн аныктайт. Байыркы Египеттин дидактикалык афористикасын Н.П.Гуля [57, 188б.], чыгыш элдеринин тандалган макал-лакаптарын басып

чыккан Г.Л.Пермяков [169, 624б.] ж.б. фактыларды тандоодо географиялык эрежени жетекчиликке алган. Г.Л.Пермяков кыргыздын да 88 макалын орусча котормодо келтирет [376б.].

Түндүк Кавказ паремиологиясы боюнча белгилүү адис-фольклорист С.Д.Мастепанов 20-кылымдын 60-70-жылдары “Proverbium” журналында орус тилинде бир нече макалаларды басып чыккан эле: карачай-черкес макал-лакаптары (1967.-№ 8. -177-180бб.), кабарда-балкар макал-лакаптары (1969. -№12. -312-318 бб.), адыгей макал-лакаптары (1971. -№6. -583-585 бб.), калмак макал-лакаптары (1972. -№18. -669-670 бб.), осетин макал-лакаптары (1973. -№22. -835-844 бб.) ж.б. [68, 573б.].

5. Паремиялардын **функционалдык-стилистикалык чөйрөсүнө карата** жайгаштырылышы. Алардын чөйрөсү публицистика, саясат, идеология, дин, музыка, спорт, реклама ж.б. болушу мүмкүн. И.С.Губенко публицистикалык учкул сөздөрдү [56, 174-184бб.], К.В.Душенко политиктерге, саясий ишмерлерге таандык афоризмдерди [караңыз: 68, 573б.], С.Г.Шулежкова романстык жана опералык туруктуу сөз айкаштарын [226, 93б.], Б.Б.Максутова газета стилинде учуроочу орус-кыргыз фразеологизмдерин [144, 23б.] ж.б. караган.

6. Макалдарды бөлүштүрүүнүн **тематикалык принциби.** Бул критерий өтө көп эмгектердин түзүлүшүн аныктап турат (В.И.Даль, Г.Тажиева, А.Курманбекова, Т.Самудинов, В.Умаров, Б.Исаков ж.б.). Макалдарды темалар менен топтоштуруп берүү алгач В.И.Далда ишке ашкан. Ал орус макалдарын 165 топко бөлөт (Кудай – ишеним, чыдам – үмүт, сүйүнүч – кайгы ж.б.), ошондой эле макалдарга табышмактарды, ырым-жырым, жаңылмач ж.б. фольклордук мини чыгармаларды да кошкон [59, 981б.]. Т.Самудинов “Даанышман ойлор: афоризмдер, макал-лакаптар” аттуу эмгегинде: 1) акыл, мээнет, акыбет; 2) өмүр, өлүм, пендечилик; 3)достук, эрдик, ар-намыс 4) ынтымак, ырыс, береке; 5) жалкоолук, сараңдык, наадандык деп өрнөк сөздөрдү беш топко бөлөт (185, 590 б.). Ал эми В.Умаровдун “Ой бермети – акыл шербети” деген жыйнагы аталар сөзүн: 1) акыл, насаат; 2) ата-эне, аялзат;

3) байлык; 4) бакыт; 5) билим; 6) ден соолук; 7) достук; 8) жаратылыш; 9) байлык; 10) мекен; 11) сулуулук; 12) сүйүү; 13) тарбия; 14) тил; 15) ыйман; 16) эмгек кылып, он алтыга бөлүп берет [208,167б.]. Бөлүктөрдүн аталыштары бир кыйла негиздүү, кыска, так. Байлык темасы үчүнчү орунду, анын булагы болгон эмгек эң акырында калышын рыноктун түзүүчүнүн аң-сезимине тийгизген таасири катары баалоого болот. Бул жыйнакка автор өзү токуган, элге эч эле белгисиз да айрым жасалма айтымдар кирип кеткен.

Ж.Тажиева менен А.Курманбекова да көптөн бери кыргыз макалдарын жыйноо менен ийгиликтүү алектенишүүдө [196, 208 б.; 197, 140 б.; 198, 695 б.; 200, 728б.]. Булардын топтомдору элге өтө белгилүү, анткени көптөгөн нуска менен басылса да, алар тез эле таркап кетип жатат. Г.Тажиева менен А.Курманбекова макал-лакаптарды он түргө ажыратышат: 1. Көөнөрбөс рухтун көркөм добушу. 2. Тил – улуттун жаны, жан дүйнө казынасы. 3. Тарбиянын жакшысы – тарбиянын ачкычы. 4. Канткенде адам уулу Адам болот. 5. Жашоо – ажайып акбар дөөлөт жана улуу вазийпа. 6. Адам эмгеги менен улук. 7. Коом жана инсан. 8. Туулган жердин топурагы алтын. 9. Ынтымак бар жерде ырыс бар. 10. Жарык дүйнө, жашоо берген жер эне. Бөлүктөрдүн аталыштары эле накыл сөз түрүндө берилген. 2-бөлүктүн аталышына биз сызыкча коюуну туура көрдүк. 3-бөлүмдүн аталышы логикалык жактан тактоону талап кылат.

Лингводидактикалык өңүттө эл мугалими Б.Исаков да “Санат сөз” аттуу эки томдук окуу куралын басып чыккан [101,1, 312б., 2, 288б.]. Ал мектеп мугалимдери үчүн керек. Анын түзүлүшү да өзгөчө. Бөлүмдөрүнө эле көз жүгүртөлүчү: 1. Макалдар. 2. Санат сөз. 3. Сөз берметтери. 4. Илхам кеп. 5. Мээр сөз. 6. Насаат сөз жана нуска кеп. 7. Сын сөз жана чечен сөз. 8. Тил кутучасы. 9. Санжыралуу казына [101, 1,4-5-бб.]. Бул бөлүктөрдүн айрым материалдары 5-11-класстардын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап дозалаштырып (авторчо айтканда, шыбага, кутуча менен) презентацияланып, угууга, окууга машыгууга, жаттоого, текшерүүгө ылайыкташтырылып берилет [101, 1, 221-236-бб.]. Мындагы материалдардын

баарын макал-лакап деп айтууга болбойт. Биринчи бөлүмдө макалдар берилиши турган сөз. Экинчи бөлүм “Сөз берметтери” болсо, мында идиомалар басымдуулук кылат, бирок макал сыяктуу сүйлөмдөр да жок эмес (*Ачык айтып, ак сүйлө. Ай десе аркы жок, күн десе көркү жок. Кыбыраган кырды ашат* ж.б. [101, 1, 81, 84]). “Насаат сөз” бөлүмүндө да императивдик макалдар көп кездешет: *Жолдошуңду жолго таштаба. Кумурсканын уюгун бузба. Балдарыңа каргыш калтырба. Сууга акыр-чикир таштаба. Сын такпа. Салтты бузган эл бузат* ж.б. [101, 1, 153-156-бб.]. *Сын такпа* императиви өзүнчө гана эмес, ири жупташкан паремиялардын курамында да кездешет: *Уулдуу үй, уулдууга сын такпа, кыздуу үй, кыздууга сын такпа.* ”Санат сөздөр” бөлүгү да учкул сөздөрдөн турат. Алардын көбүн кыргыздын даанышмандарына тиешелүү саптар, маанилүү ойлор түзөт [2, 3-50-бб.). “Мээр сөздөр” бөлүгүндө жазма адабияттын өкүлдөрү чыгарган афоризмдер талданат жана окуучуларга сунушталат [2, 51-108-бб.]. Эпостордон алынган нуска сөздөр, учкул сөз айкаштары “Санжыралуу казына” бөлүмүндө жайгаштырылган. Булардын айрымдары лакапка айланып кеткен: *Жоону сайса, мен сайдым, аты калды Манаска* (Чубак). *Бөлүнсөң бөрү жеп кетет / Бөлүнгөндү бөрү жейт* ж.б. [2, 139 б.] ж.б.

8. **Макал-лакаптардын лингвомаданият таануу аспектинде сыпаттоонун** ыкмалары жана натыйжалары. Бул багыттын башатында С.И.Ибрагимов турат. Анын “Лингвокультурология – тилдик маданият таануу: теориясы жана тарыхы”[97, 104б.] китеби жана көптөгөн макалалары кыргыз макал-лакаптарын этностун маданий-тилдик казынасы катары талдайт.

2012-жылы З.К.Дербишева эки монография басып чыгарган эле. Алар “Кыргызский этнос в зеркале языка” жана “Ключевые концепты кыргызской лингвокультуры” деп аталып, толук бойдон кыргыздын улуттук баалуулуктарынын провербиалдык каражаттарда катталган доминанталарын талдоого арналат. Бул изилдөөчү биздин маданий баалуулуктарыбызды сегиз топко ажыратат:

1) кыргыздын жашоо баалуулуктары;
2) мейкиндикти тил аркылуу кабылдоо;
3) убакытты тил аркылуу кабылдоо;
4) туугандык байланыштар;
5) этностук-тилдик сүрөт;
6) кыргыздын аялзаты;
7) кыргыздын эмоциялары;
8) сөз менен акылдын күчү [65, 36-б; 40-389 бб.].

Экинчи монографиянын түзүлүшү башкача. Анда кыргыздын улуттук концептосферасынын бөлүктөрү концепт катары сыпатталат:

1) жашоо концепттери;
2) социомаданий концепттер;
3) улуттук-маданий концепттер;
4) антроморфтук концептер;
5) рухий-нравалык концепттер;
6) рухий-психологиялык концепттер;
7) рухий-маданий концепттер;
8) жаратылыш дүйнөсүнүн концепттери [66, 33-169 бб.].

Бул мамилелердин баары лингвоэтномаданият таануу аспектисинде каралып, бул тармактын улуттук пайдубалын негиздөөгө өбөлгө түзүлгөн.

Аталган идеялар автордун “Язык и этнос” [67, 14-143 бб.] аттуу эмгегинде бир топ өркүндөлөт. Ошентип, С.И.Ибрагимов менен З.К.Дербишева кыргыз лингвомаданият таануу илимине кыйла салым кошкондугун айтууга болот. Ошол эмгектерди кыргыз лингвопаремиологиясынын теориялык өбөлгөлөрү катары баалоого мүмкүн.

9. Макал-лакаптарды **негизги сөзгө карай топтоштуруу** жолу. Макал-лакаптарды уюштуруучу ачкыч сөздөр болот. Алардын мааниси жалпылоочу, интеграциялоочу, фраза түзүүчү касиетке ээ. Мындай сөздөр бир нече макалдарды бириктире алат, аларды маанилик жактан кошо кароого негиз түзөт. Бул принцип В.И.Далдын эмгектерине мүнөздүү. Анын “Толковый

словарь живого великорусского языка” аттуу төрт томдугуна кайрылып көрөлү. Мисалы, *блюдо* “идиш-табак” сөзүнүн маанисин ачыш үчүн ал катышкан макалдар чогуу берилет: *Кто таскает с блюда, того и бьют* “Ким табактан талашса, аны сабашат”, *Хороша рыба на чужом блюде* “Башканын табагындагы балык таттуу”, *Был Елизар, да только блюдо лизал “*Елизар деген болгон, табак гана жалоочу*”, Наполеон чаял, что ему поднесут кремлевские ключи на золотом блюде* “Наполеон Кремлдин ачкычтарын алтын табакта алып келип беришет деп ойлоочу” ж.б. [59, 1, 100б.]; *долг* “карыз; милдет” сөзүнө: *Долг не ревет, а спать не дает* “Карыз өкүрбөйт, бирок уктатпайт”, *Долги помнит не тот, кто берет, а кто дает* “Карызды алган эстебейт, берген эстейт”, *Столько долгу, сколько волос на голове* “Карызы баштагы чачындай бар” [59, 1, 461-462бб.] ж.б. Мындай зарыл сөздүн айланасына өрнөк сөздөрдү “уялаштыруу” – орус фразеологиясына мүнөздүү эле көрүнүш. Мисалы, Т.Г.Никитина, Е.И.Рогалева, Н.Н.Иванова “Большая книга примет” аттуу эмгегинде ушул принципти жетекчиликке алышкан. Мында ырым-белгилерди топтоштуруу негизги сөздөрдүн айланасында жүргүзүлөт. Мисалы, *воробей* “таранчы, чымчык” сөзү 19 ырым-белгини, *чайка* “чардак” сөзү 15 ырымды, *ворона* “карга” сөзү 28 белги – паремияны бириктирип турат [158, 71-75, 461бб.]. Бул жаныбарлардын жүрүм-туруму, үн чыгарышы, топтолушу, учушу түрдүү табигый кубулуштар тууралуу маалымат берет, кээ бир кубулуштарды алдын-ала кабарлай алат. Бул элдик ишеним паремияларда чагылдырылган.

Ж.Мукамбаев – белгилүү диалектолог, фольклорист, Тажикстандык кыргыздардын үрп-адатын, тилдик бөтөнчөлүктөрүн терең изилдеген окумуштуу. Кыргыздын ушул ареалдык тобунда таркалган макал-лакаптарды топтоп, буларды ачык сөздөрдүн тегерегинде жайгаштырып берүү принцибинин негизинде презентациялап берген [154, 158 –б.]:

1. Ала- Тоого байланыштуу макалдар [111-113-бб.].
2. Уйга байланыштуу макалдар [116-120-бб.].
3. Аюуга байланыштуу макалдар [120-121-бб.].

4. Арстанга байланыштуу макалдар [121-122-бб.].

5. Бөрүгө байланыштуу макалдар [122-125-бб.].

6. Доңузга байланыштуу макалдар [125-126-бб.].

7. Итке байланыштуу макалдар [125-126-бб.].

8. Эшекке байланыштуу макалдар [133-134-бб.].

Албетте, бул тизмени дагы улантууга болот. Бирок ушул 8 пункттун аталыштары эле автордун позициясы, концепциясы жөнүндө толук кабар бере алат.

Аталган принципти А.А.Жапанов ийгиликтүү пайдаланган. Ал "Кыргыз элинин макал-лакаптары" аттуу 2 томдук түзүп жарыялап [80,1,314б.,2,380б.], паремияларды сөз уяларына карап жайгаштырган. Мында жалпы материалдар алфавиттик тартипте берилет. Ар бир тамга менен башталган топтун ичинде макалды уюштуруучу ачкыч сөздөр жиктелип алынып, ал катышкан макалдардын түрмөгү өзүнчө жайгаштырылат. Мисалы, *а* тамгасы башатаган *абийир, абысын, абышка, ага, адам* ж.б. сөздөр катышкан макалдардын тизмеги кыргыз-орус тилдеринде келтирилет. *Адам* сөзү катышкан 21 макал, *ажал* сөзүнө 6 макал, *акылакылдуу* сөзүнө 26 макал келтирилет [80,1,11-31-бб.]. Ошондой эле *ит* сөзүнө 22 макал, *көп* сөзүнө 15 макал [1,202-204-бб.; 277-279-бб], *төө* сөзүнө 15 макал [2,167-168-бб.] берилет. Бул эмгекте 2 принцип айкалыштырылып колдонулган. Ошондуктан айрым учурларда мисалдар кайталанып да калат. Мисалы, *Арам тамак аш болбойт* макалы *а* тамгасынын тобунда эки ирет (*арам, аш), т* тамгасынын тобунда бир ирет (*тамак)* келтирилип калганы. Бирок эки принципти бирге колдонуу паремияларды ар тараптан иликтөөгө өбөлгө боло алат.

10. Паремиялардын **салыштырылып берилиши.** Бул өңүттө теориялык изилдөөлөр да, лексикографиялык эмгектер да бар. Теориялык изилдөөлөр, албетте, үч багытта жүргүзүлөт: биринчиден, адамзатка тиешелүү түркүн тилдердеги жалпы маани-мазмундардын паремияларда берилиши; экинчиден, тектеш тилдердеги, материалдык жактан да, маани жактан да жалпы паремиялардын изилдөө объектиси болушу; үчүнчүдөн, тектеш эмес

тилдердеги макал-лакаптардын конструктивдик–семантикалык, семантикалык же конструктивдик гана шайкештиктердин учуроосу.

Биринчи багыт универсалдык-лингвистикалык алкакта, экинчи багыт тектештирме-салыштырма багытта, үчүнчүсү контрастивдик жана типологиялык багытта аткарылат.

10а. Универсалдык лингвистиканын багытында көптөгөн тилдерде учуроочу, түрдүү элдердин паремияларына мүнөздүү жалпы когнитемалардын болушу ырасталат. Когнитема – сүйлөм түрүндө белгиленүүчү, ойтутумда өз орду бар пропозициялык түзүм. Мисалы, *Кудай жалгыз, Ата-энеге сый урмат, ичер сууга түкүрбө* ж.б. эстутумдун үзүндүлөрү бүткүл адамзатка тиешелүү болушу мүмкүн. Бул багыт Г.Л.Пермяков, М.Кууси, А.Крикман, Ю.И.Левин, В.Фойт, А.Абдулатов, Е.В.Иванова, А.А.Калмурзаева, М.И.Мирзахидова, А.Жусупова, Д.Т.Айылчиева ж.б. эмгектеринде сунушталган жана өнүктүрүлгөн [166, 420 б.; 167, 324 б.; 168, 376 б.; 169, 624 б.; 132, 53-81 бб.; 128, 82-104 бб.; 135, 138-154 бб.; 214, 230-238 бб.; 5, 39-41 бб.; 98, 280б.; 104, 412-438; 105, 112-120 бб.; 68, 590-629 бб.; 15, 489-512 бб.; 16, 195-198 бб.; 17,24-27 бб.]. Биздин иш да ушул алкакта аткарылып, айрыкча Г.Л.Пермяков менен В.Фойттун идеяларына, жоболоруна жана факт-материалдарына негизделет.

10б. Тектеш эмес тилдердин паремияларын катарлаштырып контрасттык өңүттө изилдөө – таркалган тармак. Мындай изилдөөлөрдө конструктивдик-семантикалык аналогия, формалдык аналогия жана семантикалык аналогия аныкталат. Булар экинчи тилди үйрөнүүдө өзгөчө баалуу. Бизге белгилүү жыйнактарда орус, латынь, француз, англис жана немис тилдеринин [173, 101б.], тажик, орус тилдеринин [106, 163б.], самоли, орус тилдеринин [111, 271б.], норвег, орус тилдеринин [32, 176 б.), кыргыз, орус, англис тилдеринин [221, 200 б.; 69, 81-84 бб.] учкул сөздөрүндөгү эквиваленттери аныкталган.

Буларга катар белгилүү кыргыз паремиолог-типологу А.И.Лисс аткарган көптөгөн изилдөөлөрдү атап кетүү зарыл [138, 22-23 бб., А.А.Анарбаев менен

кошо]. Айрыкча бул окумуштуунун “Сопоставительный анализ пословичных фразеологизмов английского, русского и киргизского языков в научно-лингвистическом и методическом аспектах” аттуу эмгеги өзүнүн тереңдиги, новатордугу жана прикладдык максатка ылайыктуулугу менен көңүлгө арзыйт [137, 101-б.]. Аталган багытты контрасттык лингвопаремиология деп атоого болот.

10в. Бул багыт тектеш тилдердеги маданий-тарыхый алакалары тыгыз элдерге таандык паремияларды иликтейт. Мисалы, иран тилдүү элдердин, герман тектүү этностордун, семит курамдуу калктардын, Кытай өлкөсүндөгү этностордун афористикалык каражаттары тектештирме-салыштырма лингвопаремиологиянын негизинде изилденет. Ушул багытта славян элдеринин учкул сөздөрүн В.М.Мокиенко [148, 221-б.; 149, 287-б.], түрк элдеринин афористикасын С.К.Муратов [156, 293-б.] жыйнап презентациялап чыккан. Ушул көз караш менен алганда В.А.Ивановдун “Компаративное изучение орнитологических пословично-поговорочных изречении” аттуу макаласы баалуу [99, 14-15 бб.] чыккан.

11. Макалдарды **таалим-тарбия берүү өңүтүндө** мүнөздөмө берүү багыты да өрчүгөн (А.Э.Измайлов, Г.И.Богин, Ж.Ы.Койчуманов, З.Б.Цаллагова ж.б.). А.Э.Измайловдун “Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средний Азии и Казахстана” аттуу көлөмдүү эмгегинде педагогикалык паремиологияга орчундуу көңүл бөлүп, таалим-тарбия үчүн баалуу кыргыздын 590, өзбектин 655, кара-калпактын 545, казактын 385, түркмөндүн 760, тажиктин 315 нуска сөздөрүн талдайт. Аларды анализдөө Совет доору үчүн салттуу нравалык (адептик), акыл, атеисттик, үй-бүлө ж.б. тарбия түрлөрү боюнча жүргүзүлөт [100, 471 б.]. Ушул эле идеялар тезистик түрдө Г.И.Богин тарабынан чечмеленет [33, 6-7 бб.].

Ж.Ы.Койчуманов “Элдик педагогиканын берметтери (Кыргыз макал-лакаптары педагогикалык аспекте)” аттуу изилдөөсүндө макалдарды төмөнкүдөй ырааттуулукта карайт: 1. Акыл тарбиясы. 2. Саясат тарбиясы. 3. Эмгек тарбиясы. 4. Адеп тарбиясы. 5. Дене тарбиясы. 6. Эстетикалык тарбия.

7. Үй-бүлө тарбиясы. Бул бөлүмдөр өз ичинен кичи бөлүмчөлөргө ажыратылат: биринчи бөлүк 4 бөлүкчөдөн, экинчи бөлүк он кичи бөлүкчөдөн ж.б. турат.

Ушул эле багытта З.Б.Цаллагованын “Теория и практика афористических средств и форм традиционного воспитания у народов Северного Кавказа” [216, 415б.] аттуу ири изилдөөсү аткарылган. Бул иште географиялык бир алкакта жашаган кичи этностордун макалдары илимий-педагогикалык максатта талданат.

12. Паремияларды **коммуникативдик-синтаксистик каражат катары** иликтөө зор илимий жүйөөгө ээ. Анткени бардык паремияларда синтаксистик түзүм бар, баары маалыматты чагылдырат, каттайт, сактайт жана таркатат. Бардык макалдарда жана алардын ар биринде: 1) бүтүндүк бар; 2) салыштырмалуу туруктуулук көрүнүп турат; 3) өз алдынча информация камтылат; 4) формалдык-мазмундук биримдик бар; 5) башы, аягы бар жана чектүү; 6) айтылыш үчүн себеп, максат, жагдай болот; 7) тикеленип даяр формула катары колдонулат; 8) элдик тажрыйбаны, билимди, баалоону чагылдыруу ишке ашырылат; 9) мезгил-мейкиндиктеги биримдик болот; субъект, предикат, жак, чак, орун ж.б. семантикалык категориялары шарттуу келет; 10) адресант-адресат жалпы мүнөздө; 11) тема, предмет бар; 12) образдуулук, элестүүлүк алардын таасирдүүлүгүн күчөтөт; 13) эч болбогондо бир көркөм каражат (троптун же фигуранын бир түрү) учурайт: салыштыруу, метафора, метанимия, синекдоха, антитеза, гипербола ж.б.; 14) элдик тажрыйбаны сиңирип алгандыктан таалим-тарбиялык касиет бар; 15) этностун баарына же көпчүлүгүнө маалым билим, тажрыйба, талап, эреже берилет [95, 3-8бб.].

Бул касиеттер паремияларды синтаксистин деңгээлде кароого өбөлгө түзөт. Аларды синтаксистик зарыл түзүүчүлөрүнө кошууга болот. Булар адабий (жазуучулар түзүп, стандартка салып берген) сүйлөмдөрдөн бир кыйла айырмаланат. Алар пикир берүүнүн этнос оозеки иштеп чыккан

формулаларына баш ийип, жалпы тилдин синтаксистик моделдери аркылуу эле жасалат.

Паремияны синтаксистик алкакта изилдөө көптөгөн лингвисттер тарабынан ишке ашкан (З.К.Тарланов, С.Гапаров, С.Джаватов, А.Т.Дунканаев ж.б.). З.К.Тарланов 1970-жылы “Синтаксис русских пословиц” [200, 38б.] аттуу доктордук диссертация коргоп, бул багытта көптөгөн илимий макалаларды, монографияларды, окуу куралдарын басмадан чыгарган эле. Анын 2007-жылы басып чыгарган окуу куралы макалдар синтаксисин учурдагы лингвистикалык деңгээлге көтөрүп чыгара алды [201, 408 б.]. Салттуу синтаксиске бекем берилгендиги менен, жаңылыктарга кош көңүл караганы менен С.Гапаровдун белгилүү “Кыргыз макал-лакаптарынын синтаксистик түзүлүшү” аттуу эмгеги да ушул өңүттө аткарылган [47, 211 б.]. Мында окуу китептеринде кабыл алынган негизги синтаксистик бөлүмдөр, категориялар, түрлөр паремиялык каражаттардын негизинде сыпаттоого алынган. Ушундай эле түзүлүштү азербайжан илимпозу С.Н.Жаватова да кабыл алган [76, 129-130 бб.].

Бир топ жаңычылдыгы менен А.Т.Дунканаевдин синтаксистик изилдөөлөрү тилчилердин оюн бура алды. Ал семантикага, коммуникативдүүлүккө өзгөчө көңүл бөлүү менен, паремиялардын тексттик касиеттерин толук ачууга жетише алды. Айрыкча анын “Кыргыз макалдарынын тексттик-коммуникативдик өзгөчөлүктөрү” деген монографиясы [73, 148 б; 74, 234-238 бб.; 75, 202 б.] кыргыз грамматикасы, лингвопаремиологиясы, текст таануусу үчүн ири салым катары каралууда. Бул иш синтаксиске жаңы өңүт берди.

13. Паремияларды **лингводидактика (дидактолингвистика) өңүтүндө изилдөөнү** да лингвопаремиологиянын бир тармагы катары сыпаттоого болот. Макал-лакаптар этностун билим-тажрыйбасын чагылдырып каттайт. Алар бүт элге белгилүү. Бөтөн элдин тилин, үрп-адатын, салтын, этикасын, көз карашын, сүйлөө маданиятын өздөштүрүүдө булар эң керектүү каражат боло алат. Россияда тилдик (тил аркылуу) өлкө таануу деген лингвопрагматикалык

салаа бар. Бул салааны орусча лингвострановедение дешет. Орус эместерди орус тилин, тарыхын, салтын, маданиятын өздөштүрүүдө паремиялар орчундуу орун ээлейт. Бул салаанын негиздөөчүлөрү Е.М.Верещагин, В.Г.Костомаров [127, 86-94 бб.], өнүктүрүүчүсү Ю.В.Прохоров [175, 23 б.], тарапкерлери Т.М.Королева, Л.И.Гончарова [126, 129-130бб.] ж.б. макал-лакаптардын экинчи тилди өздөштүрүү үчүн өтө баалуу материал экендигин белгилешет. Бул багытта А.А.Абдулатовдун "Паремияларды когнитивдик-педагогикалык өңүттө сыпаттоонун айрым проблемалары" аттуу монографиясы да дидактолингвистика тармагынын алкагында аткарылып, тилди үйрөнүүчүлөр жана үйрөтүүчүлөр үчүн зарыл сунуштарды, кеңештерди бере алган [5, 149 б.].

14. **Көркөм чыгармадагы провербиалдык мейкиндик** да лингвопаремиологиянын чакан обьектиси боло алат. Бул маселе алыскы, жакынкы чет өлкөлөрдө кенен каралып чыккандыгы түрдүү булактардан белгилүү. Биз бул жерде А.А.Гладышеванын "Крылатые слова М.Ю.Лермонтова [52, 71-75бб.], А.Жалиловдун "Т.Сыдыкбековдун чыгармаларындагы макал-лакаптарды жана учкул сөздөрдү изилдөөнүн урунтуктуу маселелери" [78, 10-11бб.], Г.А.Мадмарованын "Пословично-поговорочные изречения и их роль в воссоздании "картины мира" в произведениях художественный литературы" [141,46-47бб.], В.А.Скогоревдин "Афоризмы комедии "Горе от ума" А.С.Грибоедова" [187, 118-125 бб.], К.З.Зулпукаров, А.Ж.Абдимиталипова менен А.А.Абдулатовдун "Касымалы Жантөшевдин "Каныбек" романындагы сөз берметтери" [94, 53-69 бб.] сыяктуу эмгектерди атоо эле жетиштүү деп ойлойбуз. Буларда паремияларды колдонуу менен автор өз чыгармасынын мазмунун, көркөмдүк сапатын, таасирдүүлүгүн канчалык даражада көтөрө алгандыгы тууралуу кенен сөз болот.

15. **Поэтикалык тексттеги афористика** да лингвопаремиологиянын бир кичи аспекти болот. Бул багытта чет өлкөлөрдө да, биздин республикада да бир кыйла изилдөөлөр жүргүзүлдү. Айрым басылып чыккан эмгектерге

кайрылып көрөлү. Бул багыттан алганда Б.Тилавовдун “Поэтика таджикских пословиц и поговорок” [204, 123б.], Н.Т.Тавулованын “Афористическая поэзия абазин” [193, 143б.], Г.Ж.Абдимиталипованын “Параллелдүүлүктүн экспрессивдүүлүктү жаратуучу мүмкүнчүлүктөрү” [3,184б.], К.З.Зулпукаров, Г.Ж.Кожоева, С.К.Эшманованын паремиялык каражаттардагы кайталоо фигуралары менен конфигурацияларына арналган изилдөөлөрү [90, 53-69 бб.; 91, 53-57 бб.; 92, 47-53 бб.; 93, 59-65 бб.; 119, 464-641 бб.; 237, 641-804 бб.] көңүлгө аларлык.

16. Паремияларды **монографиялык түрдө автору көрсөтүлүп презентацияланышы** – лингвопаремиологиянын мини предмети. Бул аспект салтка айланып калган. Бир кыйла учкул сөздөрдүн автордук булагы, жаратуучусу белгилүү. Адамзатка өтө белгилүү афоризмдердин, притчалардын авторлору катары Конфуций [122, 1120б.; 123,320б.;], Лао- цзы [Дао: гармония мира – М.; Харков, 1999, 9-34бб.], Диоген [71, 215б.], А.Шопенгауэр [224, 889-1397бб.], М.Хайдеггер [215, 384б.], О.Вайнингер [43, 69-97, 189-193бб.], И.В.Гете [51, 335-345бб.], Г.Гейне [49, 430-435бб.] ж.б. окумуштуулар, жазуучулар эсептелишет.

А.А.Жапанов “Афоризмдер: Сөздөн күчтүү эч нерсе жок” аттуу эмгегинде [том 1 – Б., 2011–438б., том 2 – Б., 2011 – 402б.] өзү жыйноочу, котормочу жана классификатор катары иш кылган. Мында накыл сөздөрдүн авторлору көрсөтүлүп, булар тематикалык принципте жайгаштырылган. Биринчи томдо 37 тематикалык топ, экинчи томдо 40 тема ажыратылып берилген.

Келтирилген фактылар, талданган өңүттөр жана эмгектер, лингвопаремиологияны өзүнчө илимий тармак катары аныктоого жол коет. Анын пайдубалын паремиология, фольклористика, лингвопоэтика, стилистика, лингвоэтномаданият таануу, дидактика ж.б. классикалык илимдер түзөт. Ал комплексттүү илимий салаа катары теориялык да, практикалык да мааниге ээ. Колдонуу чөйрөсү да кенен.

1.6. **Параллелизм түшүнүгүнүн филологиялык обьект катары изилдениши**

Филологияда параллелизм түшүнүгү кенен анализденген. Бул проблема адабият теориясы, лингвистика, стилистика, текстология боюнча адистер кайрылышкан.

Параллелизм – поэзия менен грамматика тармактарында жыш, өзгөчө, басымдуу кызмат кылган тилдик-көркөм ыкма.

Поэзия бүт бойдон параллелдүүлүккө негизделет. Дж.М.Хопкинс: “Поэзиянын техникалык жагын ыктымалдуулук менен айтууга болот: анын бүт техникалык бөлүгү параллелизм принцибине таянат. Поэзиянын түзүлүшү – бу байыркы еврей поэзиясындагы жана чиркөө музыкасындагы антифондордун формалдык деп аталчу параллелизмдеринен баштап байыркы грек, италиялыктардын жана англичандардын кылдат чеберчилик менен жаралган ырына чейин туруктуу параллелизмден турат” [240, 99б.].

Р.О.Якобсон параллелизмдин изилдениш тарыхын талдап латынча проза жана ыр терминдеринин этимологиясына кайрылат да, *проза* “түз багытталган кеп, туура (алга карай) багытталган кеп”, *версус* (ыр) “кайтуу, кайталануу, артка кайтарылуу, кайрылуу” маанилеринде колдонгонун айтат [240, 100б.]. Демек, ыр түшүнүгү латынча кайталануу түшүнүгүнө шайкеш келет. Кыргызча “ыр” түшүнүгү поэтикалык гана чыгармалардын бөтөнчөлүгүн атабастан, кайталануусу андан да көп обондуу көркөм поэтикалык чыгармаларды да туюнтат. Ушунун негизинде **дүйнө поэзиясынын негизги көрсөткүчү катары саптардагы жандаштыкты, бирдейликти, кайталоолорду, кайталануларды, барабардыкты атоого болот.**

Поэтикалык саптарда көпчүлүк учурда тыбышка тыбыш, муунга муун, морфемага морфема, сөзгө сөз, сүйлөмгө сүйлөм дал келет. Мындай шайкештик сап аралык, строфа аралык параллелдүүлүктү жаратат. Ошол эле учурда параллелдүүлүк ушул шайкештикти талап кылат.

Роберт Лауд “Библия” ыйык китебин англисчеге которуп, киришүүсүндө байыркы иврит тилинин материалында поэтика үчүн

параллелизм терминин киргизген эле [240, 100-101бб.]. Бул кечил-окумуштуу параллелизм деп бир ыр сабы менен экинчи саптын, бир ыр менен экинчи ырдын өз ара жупташып-жандашып дал келишин атаган. Параллелдүү саптардын ал үч түрүн белгилеген эле: 1) синонимдик параллелдер; 2) антитетикалык (антонимдик) параллелдер; 3) синтетикалык (концентрленген) параллелдер. Бул түрлөрдү ажыратуу шарттуу түрдө, анткени алар еврей поэзиясында аралашып колдонулат [3, 9-10бб.].

Кийин библиялык параллелизм кубулушу көптөгөн изилдөөчүлөрдүн обьектиси болгон (Т.Кьюмен, В.Поппер, Г.Л.Гинзбург, В.Ф.Олбрайт, Ф.М.Крусс, Д.Н.Фридман ж.б.). Бул эмгектерде еврей поэзиясындагы параллелдүүлүк башка семит элдеринин көркөм чыгармаларындагы аналогдору менен салыштырылып каралган [240, 100-127 бб.; 3, 10б.].

Дж.Ф.Дейвис байыркы еврей поэзиясы кытайлыктардын эзелки поэтикасына таң калгыдай окшош экендигин далилдеген. Изилдөөчүлөр кытай поэзиясындагы параллелдүүлүк өтө кадимки замандан тартып талданып келгендигин аныкташкан. Кытай илимпоздору параллелдүлүктүн 29 түрүн белгилеп жүргөндүгү байкалган [3, 11б.].

Параллелдүүлүктүн поэтикалык, метрикалык, грамматикалык, лексикалык каражаттарын изилдөө байыркы инд-европалыктарда (мисалы, индустарда), финн-угорлордо, алтайлыктарда жакшы өрчүгөндүгү белгиленет [240, 102-103бб.]. Славян элдеринин поэзиясына мүнөздүү параллелдүүлүктү Ф.Миклошич, А.Потебня, С.Шафранов, Л.Тимофеев, Б.Томашевский, Н.Венгров, Р.Якобсон изилдешкен [3, 14-15бб.]. Түрк жана кыргыз поэзиясындагы параллелизм бир топ изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бөлгөн (В.В.Радлов, Т.Ковальский, Н.С.Трубецкой, В.М.Жирмунский, Б.Керимжанова, Т.Р.Кордабаев, М.Борбугулов, А.Шамахсудов, И.Расулов, К.Рысалиев, С.Гапаров ж.б.) [3, 16-19бб.].

Параллелдүүлүктүн поэзиядагы, лингвостилистикадагы маанисин ачууда, анын изилденишин жалпылап сунуштоодо Г.Ж.Абдимиталипованын “Кыргыз тилиндеги параллелдүүлүктүн лингвостилистикалык касиеттери”

аттуу китебинин ролу чоң [3, 7-152бб.]. Бул эмгекте параллелизмдин аныктамасы, түрлөрү конкреттүү мисалдар менен кенен көрсөтүлгөн. Бирок анда параллелдүүлүктүн контакттуу–дистанктуу, тексттик–текст аралык, улуттук–улут аралык, автордук–автор аралык, тилдик–менталдык болуу мүмкүнчүлүктөрү көңүлгө алынбаган. Биздин изилдөө ушул бөксөнү толтурууга арналат.

Негизги тыянактар

Келтирилген жалпы мүнөздөмөнүн негизинде төмөндөгүдөй тыянактарды айтууга болот:

1. Синтаксис – тилдеги көп аспектилүү, көп тармактуу деңгээл. Анын контрастивдик, трансформациялык, позициялык, коммуникативдик, функционалдык, логикалык, семантикалык, парадигматика-синтагматикалык ж.б. өңүттөрү бар. Кыргыз синтаксисинде мындай комплекстүү изилдөөлөр жүргүзүлө элек.

2. Когнитивдик лингвистика республикада өнүгүп жатат. Анын илимий-терминологиялык аппараты, категориялары, бөлүктөрү, методологиялык базасы түптөлүп калды. Бирок когнитивдик синтаксис боюнча атайын изилдөөлөр жок.

3. Когнитивдик синтаксистин да базалык категориясы болуп концепт эсептелинет. Концепттердин өз ара жалганышы – синтаксиске тиешелүү обьект. Синтаксис үчүн концепттердин бир предикаттын чегинде айкашып келип, туруктуу мазмунду, пикирди билгизиши баалуу. Провербиалдык каражаттарда типтүү, баалуу, таасирлүү, турмушта текшерилген сүйлөмдөр катталат.

4. Концепт менен пропозиция – эстутумдун элементтери. Алар ойтутумда жашайт. Пропозиция – концепттин бир түрү, сыртка сүйлөм түрүндө берилет. Бир пропозиция-сүйлөм өз ичине бир нече кичи концепттерди – элести, түшүнүктү, сүрөтчөнү ж.б. камтый алат.

5. Когнитивдик лингвистиканын тармактары көп. Анын синтаксистик деңгээлинде логикалык, семантикалык, семантикалык-компаративистикалык, дидактикалык жана этномаданий багыттар үстөмдүк кылат. Ошондуктан когнитивдик синтаксис элдик тажрыйбаны чагылдырган провербиалдык каражаттардын негизинде изилдениши керек.

6. Этностун билим-тажрыйбасы, көз караштары, менталитети макал-лакаптарда, ырым-жырымдарда, велеризмдерде, аян-белгилерде, табышмактарда ж.б. паремияларда кенен жана ар тараптан презентацияланат. Паремияларды когнитивдик-тилдик ык-методдордун жардамы менен изилдөө – биздин иштин негизги милдети. Ошондуктан биз лингвопаремиологиянын идеяларын, принциптерин жетекчиликке алабыз.

7. Паремияларда этностук жана этнос аралык параллелдүү конструкциялар өтө көп. Параллелдүүлүк – көркөмдүк, биримдик, бүтүндүк, окшоштук, жупташтык, жандаштык түзүүчү өтө зарыл менталдык-тилдик каражат. Анын поэтикалык, стилистикалык, фонетикалык, морфемикалык жана грамматикалык касиеттери изилденгени менен, когнитивдик-менталдык, этнос аралык бөтөнчөлүктөрү тилчилердин көңүлүн толук бура элек.

2-бап.

Паремиялардагы синтаксистик параллелдүү пропозициялардын репрезентативдерин изилдөөнүн негизги материалдары, методдору жана айрым натыйжалары

Кириш сөз

Бул баптын негизги максаты болуп кыргызча жана этнос аралык провербиалдык каражаттардын айрым түрлөрүн салыштырып изилдөө болуп саналат.

Адамзатка мүнөздүү жалпы ой-пикирлер, баалоо сүйлөмдөрү, нормативдик императивдер көп. Алардын мазмуну, турпаты, түзүлүшү окшош, колдонуу максаттары, жагдайлары бирдей келет. Ошондуктан паремиологдор бүт адамзатка тиешелүү лингвоменталдык формулалар тууралуу сөз кылышат.

Мындай жалпы формулалар өз ара параллелдүүлүк касиетине ээ. Алардагы реалиялар, аталыштар, сөздөр түрдүүчө болгону менен жалпы формуланын ичинде бирдей эле кызмат аткарып калат. Формуланын мазмуну жекече сөздүн конкреттүү маанисин жокко деле чыгарып коет.

Мисалга «Бир зат бүтүндүктү жарата албайт» деген менталдык формуланы алалы. Мунун негизин баарыбызга маалым эле чындык түзүп турат.Анын мазмунунда эч бир кынтык жок. Ойдун далили өз маанисинде эле жатат. Бул формуланы константа же пропозиция десек болот. Пропозиция – ойтутумдун предикативдүү бир бөлүкчөсү. Ал текшерилген, тастыкталган, этнос кабыл алган пикир, улуттун дээрлик баардык өкүлдөрүнө маалым коммуникативдик-когнитивдик бирдик.

Бул жерде пропозиция идеализацияланган конструкт катары аталды. Ал пропозициялык жалпы маани реалдуу эмес. Нагыз пикир алмашууда пропозициянын конкреттүү трансформалары иштетилет. Бул пропозицияны

бирөө *Жалгыз тарыу ботко болбойт* деп жүзөгө ашырса, экинчиси *Жалгыз дарак токой болбойт* деп белгилейт. Кайсы бир сүйлөөчү үчүн *Жалгыз таш дубал болбойт* варианты оңтойлуу болушу мүмкүн. Аталган үч макалдын жалпы маани-маңызы окшош. Алар өз ара синонимдик катышта, мазмундук жандаштыкта. Кандай гана болбосун, кыргыз менталитетин жана тилин алып жүрүүчүлөр үчүн константа да, анын трансформалары да белгилүү болуу керек. Ансыз адресант менен адресаттын ортосунда өз ара түшүнүү болбой калат. Ойтутум ичиндеги пропозиция гана тигил же бул вариантты тандоого, атоого жана түшүнүүгө жол ачат.

Бул макалдарда *тарыу, дарак*, *таш* жөнүндө сөз жок. Бул сөздөрдүн денотаты паремиялардын предмети эмес. Баардыгында өтмө, жалпылоочу маани–маңыз бар: жекече зат бүтүндүктү туюнта албашы, бөлүк эч убагында өзү кирген ири көлөмгө барабар болбостугу көрсөтүлөт.

Келтирилген ар бир трансформадагы субъект жекече түрдө, бир затты атайт. Ал эми предикаттын курамындагы зат жалпылоочу мааниде, биринчи затка карата гипероним болуп турат. Жекече зат гиперонимдин бир түзүүчүсүн атап, гипонимдик кызмат аткарат. Ошентип, пропозицияда гипоним гиперонимди алмаштыра албастыгы туюнтулуп, бул пикир текшерилген, танууга болбой турган чындык катары кабыл алынган.

Бул мисал бир гана тилдин ичиндеги ой билдирүүдөгү параллелдүүлүктү көрсөтүп жатат. Мындай паралелдүүлүк тил аралык, этнос аралык да мүнөздө болот.

Бул бапта тил аралык паремиялык пропозициялардын айрым түрлөрү, булардын трансформалары салыштырылып иликтенет.

2.1. Иликтенчү фактылардын булактары, константалык көрсөткүчтөрү жана изилдөө методдору

Изилдене турган фактылар түрдүү булактардан алынды. Бул булактардын катарында З.В.Абаева [1,281б.], А.Абдулатов [4,149б.],

Д.Т.Айылчиева [17,447-564бб.], У.Асаналиев [22,408б.], Н.С.Ашукин, М.Г.Ашукина [26,668б.], А.А.Гердт [50,211б.], И.П.Гуля [57,188б.], В.И.Даль [59,991б.], И.М.Деева [64.16-17бб.] А.А.Жусупова [68,565-585 бб.], С.Закиров [85,126б.], М. Ибраимов [96,500б.], Я.И.Калонтаров [106,284б.], Х.Карасаев [114, 368б.], Г.Ж.Кожоева [119,464-641бб.], А.А.Крикман [128, 82-104бб.], М.К. Кууси [132, 53-81бб.], А.Н.Лисс[137,101б], В.М.Мокиенко [149, 287б.], Г.Л.Пермяков [166, 420б.; 167, 324 б.; 168, 376 б,;169, 624 б.], З.К. Тарланов [201, 480 б.], Г.Тажиева, А.Курманбекова [199, 728б.], В.Фойт [214, 230-238бб.], З.Б. Цаллагова [216, 415б.], М.А.Черкасский [217,63-74бб.], Г.Шулежкова [225, 42-57бб.; 226, 93.; 227,285б.], С.К.Эшманова [237, 641-807бб.] ж.б. тапкан, топтоштурган, чечмелешкен фактылык материалдар колдонулду. Айрым учурларда бул эмгектердеги тематикалык бөлүнүштөр, топтордун аталыштары пайдаланылды.

Изилдөө төмөндөгү константалык маанилердин чегинде аткарылды:

1. Актанттардын дал келүүсү – дал келбөөсү;

а) субьекттердин дал келүүсү – дал келбөөсү,

б) обьекттердин дал келүүсү – дал келбөөсү;

в) субьект-обьекттердин дал келүүсү – дал келбөөсү.

2. Эки заттын сан боюнча өз ара дал келүүсү – дал келбөөсү.

3. Эки заттын көлөм боюнча өз ара дал келүү – дал келбөөсү.

4. Эки заттын убакыт боюнча өз ара дал келүүсү – дал келбөөсү.

5. Эки заттын орду боюнча өз ара дал келүүсү – дал келбөөсү.

6. Заттардын сапаты боюнча өз ара дал келүүсү – дал келбөөсү.

8. Аракеттердин сапаттык дал келүүсү – дал келбөөсү.

9. Заттардын табияты боюнча дал келүүсү – дал келбөөсү.

10. Сапаттык даражалардык дал келүүсү – дал келбөөсү.

11. Заттардын өз ара алмашуусу же алмашпоосу.

12. Заттардын сырттан байкалышы – байкалбоосу.

13.Заттардын, аракеттердин тизмектешүүсү – тизмектешпөөсү, өз ара алмашуучулугу – алмашпоочулугу.

14. Заттардын бири-бирине өтүп кетиши – өтпөстүгү.

15. Заттардын биригиш-бирикпөө касиетинин мейкиндикте, убакытта берилиши.

16. Заттардагы туундулук – туунду эместик.

17. Заттардын өз ара багынычтуулугу – багынычсыздыгы.

18. Заттардагы өзгөчөлүүлүк – бир түрдүүлүк.

19. Заттардагы бүтүндүк – карама-каршылык.

20. Заттардын өзгөрүүчүлүгү – өзгүрүлбөстүгү.

Биздин иште ушул жыйырма формулага шайкеш мисалдар топтолуп (III бап), аларды туюнтуучу провербиалдык каражаттар өз ара салыштырылып каралды. Бирок тиешелүү материалдар кыскартылгандыктан айрым арахетиптик маанилердин көрсөткүчтөрү келтирилген жок. Талдоонун жүрүшүндө этнос аралык макалдардын жалпылыктары жана бөтөнчүлүктөрү белгиленди. Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгүдөй методдор колдонулду:

1. Эмпирикалык методдор.
2. Теориялык методдор.

Эмпирикалык методдор төмөнкү ыкмалар, жолдор аркылуу ишке ашты:

1) жыйноо; факт-материалдар түрдүү булактардан, паремиялык жыйнактардан, чыгармалардан топтолду.

2) каттоо;, материалдарды атайын карточкаларга өткөзүп, картотека уюштуруп, өзүнчө текчелерге жайгаштыруу жүргүзүлдү;

3) иреттөө; фактыларды системага салып, тегине, тилине, мазмунуна жараша тартипке салуу ишке ашырылды;

4) топтоштуруу; когнитемалык-пропозициялык жана константалык көрсөткүчтөрүнө жараша макалдарды классификация жумушу аткарылды;

5) чечмелөө; ар бир топко кирген макалдар өзүнчө интерпретацияга алынды, ар бирине пропозициянын чегинде мүнөздөмө берилди; комментарийди кенен берүү көлөмдү эбегейсиз чоңойтуп жибериши мүмкүн болгондуктан интерпретация кыскача жүргүзүлдү;

6) которуу; фактылар негизинен орусча болгондуктан алар кыргызчага которулду; которуу, котормолорду текшерүү адистер, эксперттер аркылуу ишке ашты;

7) лингвистикалык эксперимент; бул ыкма тилдик фактылардын тигил же бул пикирди билдирүүдөгү вариантташуу түрүн, чегин аныктоо үчүн колдонулду; бир эле ойду бир нече трансформа аркылуу берилишин беш жол менен текшерүүгө жана көрсөтүүгө болот:

а) макалдан бир элементти түшүрүп коюу;

б) текстке бир элементти кийирип (кошуп) коюу;

в) паремиядагы бир элементти башка элемент менен алмаштырып жиберүү;

г) паремиядагы эки элементтин ордун алмаштырып коюу;

д) макалды тилдик тажрыйба мүмкүндүк берген чекте өзгөртүп түзүү.

Бул ыкмалар паремиядагы константалык маанини, этнос кабыл алган мазмундуу когнитеманы өзгөртө албайт, булар жол койгон гана өзгөрүүлөрдүн алкагында ишке ашат.

Теориялык методдор эмпирикалык методдорго таянат. Булардын жардамы менен жыйналган иреттелген факты–материлдарды теориялык деңээлде иштеп чыгуу милдети аткарылды. Иш үчүн өзүнчө метод иштелип чыккан жок. Изилдөө салттуу гана ыкмалардын негизинде жүргүзүлдү. Этнос аралык менталдык-тилдик параллелдүүлүктү аныктоо төмөнкү теориялык методдордун көмөгү менен ишке ашты:

1) сыпаттоо; бул методдун жардамы менен макал-лакаптардагы пропозициялар, булардын түрлөрү, тиешелүү мисалдар мүнөздөмөгө алынат;

2) салыштыруу; бул жол менен бир тилдеги эле параллелдүү макалдар, бир нече тилдердеги мисалдар өз ара байланыштырылып, алардын жалпы жана бөтөнчө сапаттары белгиленет; ошондой эле салыштыруу процедурасы аркылуу эки же бир нече пропозициялар, буларга кирген фактылар талданат;

3) анализ; бул ыкма кыргыз билип-таануусунда талдоо деген ат менен белгилүү; анын чегинде жыйналган макалдар түрлөнөт, топтоштурулат, алардын ички конструктивдик-функционалдык түзүлүшү, көрсөткүчтөрү ажыратылып, жиктелип, ар бир элементи өзүнчө сыпатталат; макалдын ички курамы майдаланып, бөлүктөргө «устукандалып» мүнөздөмөгө алынат;

4) синтез; константа, инвариант, пропозиция түшүнүктөрү синтездөө процедурасынын натыйжасында пайда болгон; бул методдун жардамы менен сандаган материалдар топтоштурулат, комплекстүү, бириктирилген ири блоктор катары иликтенет; бөлүктөрдөн турган бүтүндүктөр аныкталат;

5) жалпылоо; иликтөө процессинде алынган корутундулар, тыянактар жана натыйжалар ушул методдун жардамы менен шөкөттөлдү;

6) моделдештирүү; паремиядагы когнитемалар жана конструктивдик формулалар шарттуу белгилер аркылуу туюнтулуп, абстракттуу каркас катары белгиленди;

7) аналогия; түркүн макалдардагы окшоштук, изоморфтуулук, семантикалык бирдейлик аларды чогуу кароого өбөлгө болду ж.б.

Аталган методдор өңүттөр жана ыкмалар өз ара жалгашып, комбинацияга кирип, орток методдорду жаратат. Ошондуктан биз когнитемалык салыштыруу, когнитемалык анализ, пропозициялык синтез, формалдык жактан жалпылоо, семантикалык жалпылоо, конструктивдик моделди иштеп чыгуу ж.б. ык-методдор жөнүндө да сөз кыла алабыз.

2.2. Паремиялардагы инварианттулук-варианттулук кубулушу

Инвариант түшүнүгү тил илиминде жакында эле пайда болду. Бул термин лингвистикага математикадан өтүп келген. Мунун тил теориясында түптөлүшүнө Р.О.Якобсон, Н.С.Трубецкой, М.Халле, Д.Джоунз, Л.Ельмслев, В.М.Солнцев, В.И. Кодухов, А.В.Бондарко, А.М.Мухин ж.б. лингвисттердин салымы чоң.

Инварианттуулук тил теориясында орчундуу орун ээлейт. Инвариант – семантикалык кубулуш. **Инвариант деп** тигил же бул тилдик бирдиктердин жекече, чектүү жана конкреттүү колдонуштарын **жалпылоочу, бириктирүүчү маанини айтабыз.**

Тилдик бирдиктердин кичи, даана, контекстке багынычтуу маанилерин семантикалык жактан интеграциялоо, синтездөө инвариантты табууга жана белгилөөгө жол ачат.

Инвариант түшүнүгү өзүнүн антиподусуз жашабайт. Мындай анын антиподу – вариант. Варианттардын болуусу гана инвариантты талап кылат. Инвариант варианттарды, вариациларды, трансформаларды жалпылоо жолу менен гана аныкталат. Инвариант өз варианттарынын үстүндө жайгашып, булардын жалпы аталышы катары кызмат кылат. **Инвариант өз варианттарында**, **трансформаларында, конкреттүү колдонууларында гана жашайт**. Инвариант менен вариант өз ара тыгыз байланышта. Буларды ажырым кароого болбойт. Инвариант болбосо варианттар өз алдынча колдонулбайт. Анткени инвариант өз варианттарын бириктирип түзөт. Вариант болуу үчүн да инвариант зарыл. Варианттар эмненин өзгөрүлмөлөрү болмок? Вариантты вариант кылган эмне? Албетте, инвариант. Инвариант – жалпылоочу башталыш. Анын түзүүчүлөрү –варианттары. Варианттарсыз инвариант болбойт.

Инвариант жалпылоочу, бириктирүүчү, интеграциялоочу гана эмес, абстракциялоочу да касиетке ээ. Ал абстрактуу түшүнүк. Аны конкреттүү варианттардын жыйындысы уюштурат. Инвариантка туруктуулук да мүнөздүү. Ал бардык варианттары үчүн бирдей, туруктуу, негиздүү өзгөрүлбөс касиетке ээ.

Биз иштин бул бөлүмүндө провербиалдык каражаттардагы инвариаттуулук менен варианттуулуктун өз ара катышын жалпылап мүнөздөмө беребиз.

Буга чейин кыргыз тилинин материалында инвариант менен варианттын карым-катышы анчейин каралбаган эле. Биздин оюбузча, паремиялардагы

инвариант – аларды топтоштуруучу жана жалпылоочу семантикалык кубулуш. Ал акыл-ойдогу жалпылоочу пропозициянын материалдашкан, синтаксистик турпатты кабыл алган мазмундук каркасы. **Инвариант өзварианттары аркылуу жандуу кепке кирет**.

Логикада, Н.И.Кондаковдун оюу боюнча, инвариант – бул обьекттердин бүтүндөй бир жыйындысы менен байланышкан жана обьекттердин бул жыйындысын өзгөртүү учурунда өзгөрүлбөгөн сапат, сан ж.б. көрсөткүчтөр, инварианттык чоңдук – бул бир системадагы өзгөрүүлөрдүн туруктуу чоңдугу[121, 196-197б.].

Биздин иште инварианттуулук жана константалуулук терминдери синонимдер катары колдонулат. Экөөндө тең тилдик каражаттардагы жалпы, зарыл, туруктуу, өзгөрүлбөс, абстракттуу сапаттар чагылдырылат.

Тилдик бирдиктердин өзгөрүлгөн, трансформацияланган учурларында аларда сакталган туруктуу сапаттарды, белгилерди инвариант же константа деп атоого болот. Инвариант менен константа тутумдаш, маанилеш болгонуна карабай өз ара жиктелип турат.

Инвариант – тилдик бирдиктердин колдонушун синхрондук кесиндиде алгандагы жалпы, туруктуу жана бириктирүүчү башталыш. Ал бир учурда жаңы бир доордо колдонулган варианттарды, вариацияларды, трансформаларды уюштуруп, байланыштырып турган жалпы ат. Ал эми константа түшүнүгү диахрониялык алкакта кызмат кылат да жалпы, стабилдүү, көөнөрбөс, туруктуу көрсөткүчтөрдү туюнтат. Константа өзгөрүлмөлөргө, туруксуз каражаттарга, эскирип, колдонуудан чыгып калган тилдик бирдиктерге, колдонулуп-колдонулбай, олку-солку болгон категорияларга, жаңыдан пайда болуп жаткан тилдик каражаттарга карама-каршы коюлат. Демек, константа – бул тилдин өнүгүшүндөгү диахрониялык кубулуштардын туруктуу көрсөткүчү. Инвариант менен константаны толук бири-бирине каршы коюуга болбойт. Анткени тилдеги ар бир факт синхрониялык да, диахрониялык да сапатка ээ. Ар бир категория жандашбашка категориялар менен кошо бир учурда колдонулат. Ошол эле

учурда ал тилдин убакыт менен алга жүрүүсүндөгү бир көрсөткүчү катары кызмат кылат.

Инварианттуулук жана константалуулук маселеси эквиваленттүүлүк түшүнүгү менен байланыштуу. Анткени эквиваленттүүлүктү функционалдык жактан бирдей, варианттык жана синонимдик катыштагы тилдик каражаттар түзөт. Функционалдык жактан бирдей элементтер тилдин бардык алкактарында – фонетикада, морфологияда, морфемикада, сөз жасоодо, морфологияда, лексикада, фразеологияда жана синтаксисте – кездешет. Ошондуктан **эквиваленттүүлүк провербиалдык каражаттарда учурайт** деп ишенимдүү айтууга болот.

Дүйнө тилдеринде мааниси, түзүлүшү боюнча бирдей же окшош паремиялар көп кездешет. Бирок алар вербалдашуу каражаттары боюнча кескин айырмаланат.

Константа жана өзгөрүүлөр терминдери илим таанууда, математикада, информатикада ж.б. тармактарда жыш колдонгону менен тилчи - илимпоздор үчүн өткөн кылымдын акыркы чейрегине чейин көп маалым эмес эле.

Бул түшүнүктөрдү алгачкылардан болуп М.М.Гухман, Ю.С.Степанов, В.А.Маслова, А.Е.Кибрик, Л.И.Дрофа ж.б. лингвисттер колдоно баштады [124, 21-48бб,; 125,16-54бб.]. Ал гана эмес Ю.С.Степановдун 824 беттен турган ири эмгегинин аталышында эле константа термини бар: «Константы: Словарь русской культуры. Опыт исследования» [191, 824б.]. Ушул окумуштуунун ою боюнча, маданияттагы константаны дайыма же, эч болбогондо, өтө узак убакытта жашоочу түшүнүк катары аныктоого болот. Аны маданияттын туруктуу принциби деп атоо да мүмкүн [121,76-б.]. Демек, константалык концепт өз мазмунунда улуттук дүйнө сүрөтүнүн туруктуу, өзгөрүлбөс «үзүндүсүн» чагылдырат.

В.А.Маслова константа түшүнүгүн мындан да айкыныраак белгилейт. Анын ою боюнча, маданияттын концепттери – бул байыркы заманда пайда болгон, ойчулдардын, жазуучулардын жана тилдин катардагы колдонуучуларынын көз караштары менен учурга чейин жеткен концепттер

[147, 16б.]. Ушундай концепттер көп. Этностун когнитивдик-тилдик сүрөтүнүн туруктуу концепттери катары *Кудай, адамгерчилик, рух, мекен, ата-эне* ж.б. сөздөр аркылуу туюнтулуучу аң-сезимдин үзүндү –элементтерин кароого болот. Тиешелүү концепттер көптөгөн кылымдар бою элдин ойтутумунда орун алып, түптөлүп, өөрчүп, өнүгүп келе жатат. Алар элдик дүйнө караштын өзөккү фрагменттери.

Лингвистикада константа түшүнүгү бир кыйла конкреттүү мазмунга да ээ болуп бара жатат. А.Е.Кибрик «Константы и переменные в языке» деген эмгегинде [118,536-б.] константа түшүнүгү дүйнө тилдериндеги чексиз варианттулуктарды, өзгөрүүлөрдү чектөөчү ыкма катары белгиленет. Константалар – базалык ченемдер, өзгөрүүлөр – үзгүлтүксүз көптүктөр түзгөн конфигурациялардын ченемдери [118, 28-б.]. Константа идеясы бардык же көпчүлүк тилдерге мүнөздүү жалпы, базалык, туруктуу касиеттерди, өзгөрүлмө идеясы тилдердеги туруксуз, көп түрдүү, варианттуу, трансформацияланууучу сапаттарды чагылдырат. Мисалы, бардык тилдер үчүн субьект, предикат, обьект, сүйлөөчү жак, угуучу жак ж.б. –константалар, ал эми жөндөмөлөрдүн бар-жоктугу, саны боюнча экиден кыркка чейин болушу, «кар» затынын аталышы-аталбашы ж.б. –өзгөрүлмөлөр, бардык тилдер үчүн булар мүнөздүү эмес.

Провебиалдык каражаттар – тилдин өзгөчө катмары. Латынча *proverb* «фраза, накыл сөз» сөзү аталган терминдин башаты. Бул каражаттар өзүнчө мейкиндикти түзөт. Бул мейкиндик тилдеги макал, лакаптардын идиомалардын жыйындысын жаратат. Провербиалдык мейкиндик терминин математик Ю.И.Левин сунуштап киргизген [135, 109-б.]. Бул түшүнүктү кыргыз лингвопаремиологдору да максаттуу жана ырааттуу колдонуп келишет [103,19-30-бб.; 15,447-564бб.;16,195-198-бб.; 17,24-27-бб.;21,7-8бб.; 68, 565-585-бб.; 69, 81-84-бб.; 70, 231-235-бб.; 237, 641-807-бб.ж.б.].

Ошентип, провербиалдык каражаттарды изилдөө үчүн инварианттулук-константалуулук түшүнүгүнүн варианттуулук-өзгөрүлмөлүүлүк түшүнүгүнө

карама-каршы коюлуп, булардын ички биримдигин табуу өзгөчө маниге ээ экендигин белгилеп кетебиз.

2.3. **Паремиялык пропозициянын когнитивдик-тилдик дүйнө сүрөтүндөгү орду**

Дүйнө сүрөтү – гносеологиялык түшүнүк. Ал илимдин түрдүү тармактарында колдонулат. Аны көбүнчө чөйрө жана дүйнө жөнүндөгү билимдердин жыйындысы катары аныкташат. Дүйнө сүрөтү жеке адамдын, социалдык топтун, жалпы коомдун аң-сезиминде пайда болот жана жашайт. **Дүйнө сүрөтү эки жол менен калыптанат:** 1) сезүү органдарынын жардамы менен (абстракттуу ой жүгүртүүнүн негизинде); 2) ошондой эле аң-сезимдеги концептосферанын туунду белгилерде чагылдырылышы аркылуу пайда болот. Биринчи жол аркылуу дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү, экинчи жол аркылуу дүйнөнүн тилдик сүрөтү жаралат. Дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү деп көрүү, угуу, жыт алуу, даамдоо, дене жана дене мүчөлөрүнүн туюусу (ысык-суук, катуу-жумшак жана башка), ойлоо (анализдөө, синтездөө, жалпылоо, окшоштуруу, айырмалоо ж.б.) аркылуу комплекстүү калыптанган билимдерди айтышат. Бул билимдер билип-таануунун (когницияныи) негизинде жыйналат жана жалпы концептосфераны түзөт. Дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү – бул бар чөйрөнүн аң-сезимдеги элестери, издери. Бул элестер жеке адамдын жана коомдун ойтуюмунда калыптанат да, чөйрөнү сезүү органдары аркылуу түздөн-түз эмпирикалык түрдө жана атайын ой жүгүртүү процессинде чагылдырылышынын натыйжасы катары каралат.

Ал эми дүйнө сүрөтүнүн туунду формасы тилдик каражаттар аркылуу уюшат. Тилдик каражаттар аң-сезимдеги элестердин калыбы катары кызмат кылат. Алар материалдык мүнөздө дүйнөнүн когнитивдик сүрөтүн шөкөттөйт, жөнөкөйлөтүп түшүнүүгө, түшүндүрүүгө ылайыктап сыртка чыгарат. Когнитивтик сүрөт «ичте», аң-сезимде болсо, тилдик сүрөт “сыртта”, тилдик белгилерде жашайт. Тилдик белгилерде бардык маалыматтар берилет. Алардын булактары өтө көп: фольклор, диний, нравалык, укуктук ж.б.

нормалар канундар; окуу китептериндеги маалыматтар, прессадагы информациялар, көркөм адабияттар, илимий эмгектер ж.б. Бирок тилдик маалыматтар когнитивдик маалыматтарга караганда жардыраак.

Ошентип, жеке адамдын, социалдык топтун, коомдун аң-сезиминдеги дүйнө сүрөтүн эки түргө ажыратууга болот: 1) дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү 2) дүйнөнүн тилдик сүрөтү. Когнитивдик дүйнө сүрөтү бар чөйрөнү түздөн-түз чагылдыруудан пайда болот, көп түрдүү, татаал түзүлүштө. Аны тилдик каражаттар менен толук берүүгө болбойт. Тилдик дүйнө сүрөтү туунду мүнөздө, ал аң-сезимдеги когнитивдик сүрөттүн туунду белгилеринин системасы катары кызмат кылат. Тилдеги тыбыштар морфемалар, сөздөр, сөз айкаштары, сүйлөмдөр, тексттер - белгилер. Булар когницияны «тыштоо», материалдаштыруу же репрезентациялоо үчүн кызмат кылат. Дүйнөнүн тилдик сүрөтү ортомчу системалар аркылуу бар чөйрөнү чагылдырат. Мында аң-сезим менен бар чөйрөнүн аралыгында ортомчу каражаттар милдеттүү түрдө болот. Бул ортомчу каражаттарга вербалдык системалар, интернет ресурстары, телекөрсөтүү, көркөм чыгармалар, окуу китептери ж.б. кирет.

Дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү менен тилдик сүрөтү жаралуу булактары, түрлөнүшү, татаалдыгы, көлөмү боюнча ажырым касиетке ээ болгону менен, көп учурда булардын арасынан кескин чийин, сызык өткөрүүгө болбойт. Алар туташып, бирин-бири колдоп, кубаттап тыгыз толуктап турат. Ошондуктан биз дүйнөнүн **когнитивдик-тилдик сүрөтү** жөнүндө көбүрөөк сөз кылабыз. Бул багыт биздин изилдөөнүн максатына шайкеш келет.

Дүйнөнүн когнитивдик-тилдик сүрөтүнүн түзүлүшү кандай? Ал кандай компоненттерден, түзүүчүлөрдөн турат? Биз жогоруда дүйнөнүн когнитивдик сүрөтү жөнүндө сөз кылганда концептосфера терминин колдонууга мажбур болдук. Анткени концептосфера менен когнитивдик дүйнө сүрөтү - ирегелеш, тутумдаш, бири-бирисиз жашабаган түшүнүктөр. Концептосфера жеке адамдын, социалдык топтун же коомдун когнитивтик ой-туюмундагы маалыматтык база, аң- сезиминин уюткусу жана пайдубалы. Концептосфера да, когнитивдик дүйнө сүрөтү да концепттерден түзүлөт. Демек, концепт –

лингвокогнитологиялык түшүнүк, бул илимий тармактын көрөңгөлүү категориясы. Концепт бир эле лингвокогнитологияга таандык эмес. Бул термин антропоцентристтик лингвистиканын башка тармактарында да арбын колдонулмакта. Аны категория катары лингвомаданият таануу, лингвоконцептология, менталингвистика, лингвоэтномаданият таануу, лингвопсихология ж.б. илимий тармактарда колдонуп жүрүшөт.

Концепттин түрлөрү 1-бапта каралды. Концепт категориясынын түзүүчүлөрү болуп, элес, түшүнүк, схема, инсайт, фрейм, скрипт, суперконцепт, гештальт ж.б. эсептелинет. Бул системада пропозиция концепт катары өзгөчө маниге ээ.

Пропозиция-семантикалык инварианттын бир түрү. Ал сүйлөм, айтымдарга гана тиешелүү. Пропозиция сүйлөмдүн парадигмаларына мүнөздүү. **Сүйлөмдөгү анын трансформаларындагы модалдык жана коммуникативдик парадигмалардын бардык мүчөлөрүнө тиешелүү жалпы семантикалык инвариантты пропозиция дешет.**

Бул термин илимге латын тилинен кирген. Propositio «пикир, сүйлөм» англис, француз жана башка тилдерге кирип, өзүнчө илимий зарыл түшүнүк катары таркаган. Пропозиция термини алгач «ой» + «сүйлөм» комбинациясын туюнткан [34, 401б.]. Азыр **пропозиция субьективдүү өзгөрүүлөргө баш ийбеген туруктуу ойдун, пикирдин аталышын билдирет.**

Мисал үчүн, бир этноменталдык кыргызча императивди келтирели: *Эңкейгенге эңкей*. Бул таркалган нравалык-нормативдик талап. Анын маани-маңызы жалпы кыргызга маалым. Бул фразанын субьекти да, предикаты да буйрук ыңгайдын формасында жайгашкан. *Эңкей* этиш синтетикалык мазмунга ээ. Ал буйрукту да, буйрукту угуучуну, аткаруучуну да билгизет.

Бул императивдин субьекти – ар кандай эле угуучу, жеке аткаруучу.Буйрук формадагы этиш бардык адресаттарды жалпылайт. Ал көптүк маанини да, жеке маанини да камтыйт. Жагдайга карата, угуучунун санына жараша конкреттүү мазмунга ээ болот. Мында адресанттын да позициясы берилип жатат. Сүйлөөчү тажрыйбалуу, ишеним туудура турган,

кеңеш бере ала турган жак болуу керек. Сүйлөөчүнүн тилдик тажрыйбасы, ойкампасынын байлыгы, жагдай жана башка факторлор ушул формуланы гана тандоого жана колдонууга алып келди. Башка шарт, башка мүмкүнчүлүктөр бул императивди тандаттырбай да коюшу ыктымал.

Кыргыздын лингвоменталитети башка варианттарды сунуштай алат:

А. 1. *Эңкейгенге эңкейгин*

2. Эңкейгенге эңкейиңиз /эңкейгиле/ эңкейели...

3. Ийиленге ийил/ийилгин/ ийилиңиз...

4. Сыйлаганды сыйлаңыз /сыйлагын, сыйлаң/ сыйлаңыз...

Б. 1. Какайганга какай /какайгын.

2. Какайганга какайыңыз.

3. Какайганга какайгыла...

В. 1. Эңкейгенге эңкей, какайганга какай.

2. Эңкейгенге эңкейгин, какайганга какайгын.

3. Эңкейгенге эңкейиң, какайганга какайың (говорлордо).

4. Ийилгенге ийил, какайганга какай...

Г. 1. Эңкейгенге эңкейгин, чалкайганга чалкайгын.

2. Ийилгенге ийилгин, чалкайганга чалкайгын...

Д. 1. Эңкейгенге эңкейгин, башың жерге тийгиче /тийгенче.

2. Какайганга какайгын, башың көккө тийгиче / тийгенче.

Е. 1. Эңкейгенге эңкейгин, башың жерге тийгиче, атаңдан калган кул эмес, какайганга какайгын, башың көккө тийгиче, пайгамбардын уулу эмес ж.б.

Бул варианттар – тилде учураган бардык трансформалардын чекеси эле. Варианттар көлөмү боюнча, сөздүк курамы боюнча, сүйлөмдүк түзүлүштөрү боюнча түрдүүчө. Бирок баарына мүнөздүү пропозиция бар. Аны «мамилеге жараша мамиле кылуу керек» деп белгилөөгө болот. Бул пропозиция өз-ара карама-каршы «Урматтаганды урматта» жана «Урматтабаганды урматтаба» деген эки кичи пропозицияны бириктирип турат. Бул антитезалар жалпы пропозициянын чегинде бирин-бири танбай,

толуктап колдонулат. Буга орустун **Каков привет, таков ответ** деген макалы да шайкеш келет. Сүйлөөчүнүн ойтутумунда бул пропозициянын көп кырдуу парадигмасы бар деп айтууга болот. Бирок мындай толук парадигма этностун эстутумунда гана боло алат. Улуттун өкүлдөрү өз табитине, мүнөзүнө, билимине, жагдайга ж.б. факторлорго жараша бирөөнү гана тандап айтат. Убакыт кенен болсо, сүйлөөчү өзүнүн поэтикалык билимин көрсөткүсү келсе, ал эң көлөмдүү вариантты тандайт. Көп учурда ал эсине келген гана формуланы атайт.

Биз бул жерде тилдик парадигмалардын өз пропозициясына карата татаал катышта болорлугун белгилеп өтүшүбүз керек. Бул катышты «жалпы – жекече», «абстракттуу – конкреттүү», «туруктуу – өзгөрүлмөлүү», «статикалуу – динамикалуу», «жагдайсыз – жагдайлуу», «максатсыз – максаттуу», «менталдык – тилдик(кептик)», «адресатсыз – адресаттуу», «адресантсыз – адресантуу» ж.б. көрсөткүчтөр аркылуу белгилей алабыз. Чынында эле, пропозиция инварианттык-менталдык сапатта болуп, ага жалпылык, абстракттуулук, туруктуулук, статикалуулук, жагдайсыздык, максатсыздык, адресант-адресаттын болбостугу мүнөздүү. Ал эми варианттарга, тескерисинче, жекелик, конкреттүүлүк, өзгөрүлмөлүүлүк, динамикалуулук, жагдайлуулук, максаттуулук, адресанттуулук, адресаттуулук ж.б. сапаттар тиешелүү экендигин айтууга болот.

Мында биз менталдык-психологиялык, синтаксистик параллелдүүлүк жөнүндө, булардын туташ биримдикте экендигин белгилей алабыз: О+П формуладагы синонимдүү предикаттар (*эңкейгенге эңкейгин = сыйлаганды сыйлагын = ийилгенге ийилгин…; кекейгенге кекейгин = какайганга какайгын = чалкайганга чалкайгын = дердейгенге дердейгин…*) ошол эле моделдеш антонимдик предикаттар (*эңкейгенге эңкейгин – какайганга какайгын, сыйлаганды сыйлагын, - сыйлабасты сыйлаба, иштегенге иштегин, - керсейгенге керсейгин*…) формалдык жактан жупташ. Караңыз:

а*) эң-кей-ген-ге эң-кей-гин*

антонимдерден турат

ка-кай-ган-га ка-кай-гын

б) *кер-сей-ген-ге кер-сей-гин*

кор-сой-гон-го кор-сой-гун } синонимдерден турат

Бул параллелдүүлүктөрдө формалдык окшоштукту муунга муун, мүчөгө мүчө, сөзгө сөз, сүйлөмгө сүйлөм дал келип жаратты. Семантикалык окшоштук антонимдик да, синонимдик да катыштагы сүйлөмдөрдү бириктирет, интеграциялайт. Булардагы «мамилеге жараша мамиле кылуу керек” инварианттык мазмун баарын синтездей алат.

Психологиялык шайкештик да инварианттын ичинде берилген: эки субъект, бири-бирине бирдей мамиледе болушу, бири дымактуу болсо, экинчиси да дымактуу болушу, бири сылык болсо, экинчиси да сылык болушу талап кылынып жатат. Макалда менталдык-психикалык, моралдык-нравалык барабарлаштыруу, теңдештирүү идеясы берилген.

Каралып жаткан бардык варианттар фреймдик-сценарийдик жалпылыкка ээ. Булардын фреймдик түзүлүшүн адресант (сүйлөөчү), адресат (угуучу), катышпаган тарап (үчүнчү жак), окуя прецедент жаратып, ал эми сценарийин 1) жүйөө, мотив; 2) адресанттын сөзү; 3) текст (макал); 4) угуучу; 5) угуучунун реакциясы (жообу); 6) натыйжа (угуучу үчүн сабак, кеңеш) түзүп турат. Ар бир сөздө элес бар. Анын үстүнө макалдын бардык трансформаларында имитативдер образдуу сөздөр колдонулат. Булар өз ара алакага барган тараптардын боюн, денесин алып жүрүү ыкмаларын, сүйлөө манераларын көрсөтмөлүү сүрөттөп турат. Имитация сүрөттөп сыпаттоо түрүндө берилген. Ал эми сценарийдеги «текст (макал)» пункту өзүнчө түзүмгө ээ, анда эки катышуучу (актант), эки жүрүм-турум аталат, фреймдеги «окуя» пункту да кош актанттарды, эки түрдүү жорук-жосунду камтыйт. Булар концепттердинкичи «кутучалары», кичик түзүүчүлөрү.

Ошентип,биз **пропозицияны улуттун эстутумунда туруктуу орун алган менталдык бирдик катары түшүнүп, жандуу кепте түрдүү сүйлөмдөр, фразалар, айтымдар аркылуу туюнтула аларлыгын белгилеп кетишибиз керек.**

2.4. Паремиядагы параллелдүүлүк жана анын фрейм, сценарий түзүүдөгү кызматы

Паремиялар негизинен лингвопоэтикалык түзүлүштө болгондуктан алардын көркөмдүүлүгүн рифма, ритм, параллелдүүлүк ж.б. каражаттар уюштурат. Анафора, эпифора, интерфоралар алардагы фонетикалык жактан жупташып жандашууну камсыз кылат. Кайталоолор (саптык, строфалык ж.б.) параллелдүүлүктү күчөтүүгө катышат.

Паралелдүүлүктүн фрейм менен сценарийдин курамындагы кызматы лингвисттер тарабынан иликтене элек.

Мисал үчүн «Боз үй» концептин алалы. Бул түшүнүк көчмөн элдердин маданиятына тиешелүү. Анын көчмөн элдер тууралуу билим–маалыматы бар адамдарын аң-сезизминде гана болушун божомолдоого болот. Бул концепттин толук мазмуну энциклопедияларда, этнографиялык, тарыхый эмгектерде, айрым көркөм чыгармаларда берилген. Биз анын паремиялык мазмунун фрейм катары сыпаттоого аракет жасайбыз.

Бул фрейм белгилүү табышмактын жандырмагы. Табышмак өзүнчө паремиялык чыгарма деп эсептелинет. Табышмакта фреймдин негизги слоттору жана жалпы сүлпөтү текст катары шөкөттөлгөн. Табышмакты келтирели:

Биз үч жүз кырк бир тууганбыз,
Белибизди кыл чылбыр менен бууганбыз,
Бирибиз тоодо, бирибиз чөлдө
Ошентип оокат кылганбыз.

Табышмак-текст төрт саптан турат. Бул поэтикалык текстте параллелдүүлүк бүтүн жана жыш эмес. Саптардагы муундар сан боюнча өз-

ара дал келбейт: биринчи сап – 8 муун, экинчи сап – 12 муун, үчүнчү сап – 10 муун, төртүнчү сап – 8 муун. Мында шайкештик биринчи жана төртүнчү саптарда бар. Алар текстти рамага алып, анын баш-аягындагы бирдейликти камсыз кылып турат. Биринчи үч саптын башындагы *би-бе-би* анафоралык үндөштүгү да параллелдүүлүккө үлүш кошуп турат. Үчүнчү саптагы *бирибиз тоодо – бирибиз чөлдө* бир өңчөй сөз айкаштары саптагы изоморфтуулукту жаратып, таандык мүчөлүү ат атоочтун (1 жак, көптүк түр) кайталоосунан, антонимдик лексемалардын (*тоо-чөл*) жатыш жөндөмөдөгү формаларынан уюшулган.

Кыргыз ырларында таркалган үчилтик рифма (1,2, 3-саптардагы) да параллелдүүлүккө тиешелүү: аларда да жандаш окшоштук, изоморфтуулук бар:

туу – ган – быз

буу – ган – быз

кыл – ган – быз

Акыркы үч муун тыбыштык, морфемалык жактан абсолюттук түрдө бирдей: *ган+быз.* Биринчи сөздөгү – *ган* мүчөсүндө гана этиштик маани «жукарып», жоюлуп, субстантивди жасоочу функциясы күчөп кеткен. Ошондуктан *тууган* сөзү этиш эмес, зат атооч катары сыпатталынат. Рифманы түзгөн бул үч уңгуларында параллелдүүлүк бирдей эмес. Алар муун саны боюнча гана окшош: баары бир муундан турат. Биринчи эки уңгудагы созулма - *уу* үндүүсү алардын биримдигин, параллелдүүлүгүн күчөтө алган. Бул строфанын төртүнчү сабындагы, *ошентип оокат* сөздөрүндө да анафоралык *о-оо* дал келүү байкалат. Ошентип аталган табышмактын формасы параллелдүүлүккө негизделген элдик чыгарма экендигин ишенимдүү эле айтууга болот.

Эми табышмакты ойтутумдун бир “үзүмү” же фрейми катары мүнөздөмөгө алып көрөлү.

Табышмакта «Боз үй» фрейминин репрезентативдери бир нече түрдө берилген.

1. Жалпылоочу номинанттар: табышмакта *боз үй* татаал сөзү *биз* прономинативи аркылуу белгиленген. Бул ат атооч – боз үйдүн каймана образдуу жашырылган аты. *Биз* фрономинативи берген жалпы маани аффиксалдык түрдө да үч жолудан материалдашкан: -*быз* (*тууганбыз, бууганбыз, кылганбыз*), - *биз* (*белибизди*, *бирибиз*, *бирибиз*).

Мында *биз*/*быз*/*биз* лексемалык жана аффиксалдык прономинативдер «Боз үй» концептин алмаштырып турат (уйгур, өзбек тилдеринде *алмаш* «ат атооч»). Алар жалпылоочу жана алмаштыруучу касиетке ээ.

2. Бөлүктөрдүн, байланыштардын номинанттары: 1) *үч жүз кырк бир тууган* сөз айкашы образдык-элестүү түрдө «Боз үй» концептинин слоттору болгон а) төрт канат керегени; б) кырк уукту; в) түндүктү; г) үч туурдукту; д) түндүк жабууну; е) эшик жабууну; ж) эргилчекти бириктирип атайт: 2) *белибизди кыл чылбыр менен бууганбыз* сөз айкашы а) уук тизгичти; б) уук боолорду; в) кереге байлагычты; г) кереге башты; д) кырчоону; е) туурдук боону; ж) эшик боону) жел боону атап жатат. Булардын баарын элдик менталитет *кыл чылбыр* сөзү менен кыйыта белгилеп, образдуу берип койгон.

3. Слоттордун мейкиндиктеги орду: боз үйдүн ылдыйкы бөлүгүн “дубалын” түзгөн керегелер, туш кийиздер, эргилчек *чөл* сөзү менен, жогорку бөлүгүн шыбын, үстү жагын түзгөн ууктар, туурдуктар, түндүк, эшик жабуу *тоо* сөзү менен «жашырып» белгиленген.

4. Слоттордун жалпы кызматы биримдикте гана «Боз үй» концептин түзөрлүгү, адамдардын жашоосуна өбөлгө болорлугу *Ошентип оокат кылганбыз* сүйлөмү аркылуу берилет.

Ушунун негизинде «Боз үй» концепти кыргыздын этностук ойтутумунда өзүнчө көркөм, бүтүн фрейм катары орун алгандыгын айта алабыз. Анын көркөмдүүлүгүн анафора, эпифора, рифма, кайталоо, метафора, антитеза (*тоодо-чөлдө*), параллелдүүлүк, жалпылоо жана башка каражаттар түзөөрлүгүн көрдүк. Ошол эле учурда фрейм менен анын слоттору түз аталбай, метафоралык каражаттар аркылуу каймана берилиши табышмактын бөтөнчүлүгүн жарата алды.

«Боз үй» концепти өзүнчө сценарий, скрипт боло алат. Анткени аны тигүү өзүнчө ирет менен жүргүзүлөт. Анын скриптин ырааттуу аткарылган аракеттер катары белгилесек жарашат: 1) журт тандоо; 2) орунду ырастоо (тазалоо, тегиздөө ж.б.); 3) керегелерди жаюу, аларды жайгаштыруу; 4) бакандап түндүк көтөрүү; 5) уук тизүү (учун түндүккө кийирүү, кереге башына байлоо, уук тизгичти тартуу); 6) туш кийиз тартуу; 7) туурдуктарды жабуу, байлаштыруу; 8) эшик жабууну тартуу; 9) түндүк жабууну жайгаштыруу; 10) кырчоо (курчоо) тартуу; 11) жел боо тартуу; 12) бата кылып тилек тилөө. Бул сценарий – бир гана вариант. Кээде аракеттер көбөйүп кетет, кээде азаят, айрым пункттарды кошуп коюуга деле болот. Бул аракеттерди талап кылган себептер башатын, тигилген үйдү баалоо аягын түзсө, бул сценарийди дагы жайылтууга мүмкүнчүлүк бар: А – себеп, жүйөө максаттар, Б – он эки пункттан турган аракеттердин тизмеси, В - үйдүн тигилишин баалоо, сыноо.

Айрым паремияларда параллелдүүлүк менталдык-тилдик сценарийди түзгөн каражат катары кызмат кылат.

Кыргыз этносунун эстутумунда төмөнкүдөй когнитивдик-тилдик түрмөктүн бардыгы белгилүү: *Мык таканы сактайт, така туякты сактайт, туяк тулпарды сактайт, тулпар эрди сактайт, эр элди сактайт, эл жерди сактайт.* Бул учкул сөз бардык региондордо белгилүү жана айтылып жүрөт. Мындагы сценарийде ырааттуулук бар, бирок өтө белгилүү, «Театрга баруу» же «Саякат жасоо» сыяктуу сценарийлерден айырмалуу. Бул сценарийлерде субьекттин кыймыл-аракетинин башталышы, жүрүшү, орундан орунга өтүүсү, ырааттуу жагдай-окуялардын болушу, аякташы, сыяктуу баскычтардан турат.

Биз талдай турган макалда параллелдүүлүк үстөмдүк кылат. Муну схема түрүндө белгилөөгө болот: С+О (табыш. ж.) + *сактайт*. Бул схемада *сактайт* предикаты бардык сүйлөмдөрдө бар. Ал туташтыруучулук, маалымат уюштуруучулук касиетке ээ. С (субьект) менен О (обьект) макалдын бардык бөлүктөрүндө учурайт. Обьект – табыш жөндөмөдө. Фразалардын параллелдүүлүгүн текстти тизмектеп көрсөтүүгө да болот.

Мык така-ны сактайт,

Така туяк-ты сактайт,

Туяк тулпар-ды сактайт,

Тулпар эр-ди сактайт,

Эр эл-ди сактайт,

Эл жер-ди сактайт.

Биз бул жерде параллелдүүлүктүн бир нече түрү берилгендигин көрүп турабыз. Абсолюттук параллелдүүлүктү баяндооч (предикат) түзүп турат. Калган бөлүктөрдө морфемалык, лексикалык барабардык бар. Обьекттердин түзүлүшүндө аккузативдин (таб. ж.) мүчөсү жана алты уңгу өз ара параллелдүү, субьектти атаган алты зат да өз ара параллелдүү. Лексикалык барабардык толук бирдей эмес: бир муундуу заттардын бирдейлигин эки муундуу *така*, *туяк*, *тулпар* сөздөрү «бузуп" койду. Айрым учурда *тулпар* сөзүн бир муундуу *ат* сөзү менен да алмаштырып айтышат.

Бул афоризмдин скрипти өзгөчө. Мында бирин-бири алмаштырган окуялар, биринен-бири кийин келген аракеттер, убакытта ырааттуу жайгашкан эпизоддор жок. Макалдын композициясын субьект болгон заттардын көлөмдүк жактан бирдей эместиги, көлөмү кичине субьект, көлөмү өзүн камтыган обьектти коргошу, булардын «микро көлөмдөн – макро көлөмгө» принциби менен чынжырча туташышы жаратып турат. Бул чынжырча төмөнкүдөй баскычтардан турат: «мык такадан кичине» - «така туяктан кичине» - «туяк - тулпардын бир бөлүгү» - «тулпар эрге багынычтуу» - «эр элдин өкүлү» - «эл жерден кичине». Мында градациялык катыш белгиленген.

Кыргыздын этноменталдык пикиринде бардык ири заттар кичи бөлүктөрдөн турарлыгы, ага баш ийери, бири-бирин талап кыларлыгы белгиленет. Бул формула тил илиминдеги иерархиялык катышты сыпаттаган белгилүү формулага окшойт: «фонема морфемага кирет – морфема сөзгө кирет – сөз сөз айкашына кирет – сөз айкашы сүйлөмгө кирет – сүйлөм текстке кирет» [89, 152-153, 165-166 бб.]. Айтып кетүү керек: бул формула абсолюттук мүнөздө болбостон салыштырмалуу күчкө ээ. Анткени бир эле

тыбыш морфема да, сөз да боло алат, бир эле морфема сөз да, сүйлөм да болуп кетет. Аталган макалдын сценарийи текст менен эле чектелбейт. Анткени ойтутум сценарийи тилдик формуладан кенен. Ал паремиянын колдонуу жагдайы, убактысы, максаты, анын адресанты менен адресаты, ошондой эле аталгандан кийинки натыйжа-жыйынтык, таасир, угуучунун баалоосу ж.б. факторлор да когнитивдик сценарийдин курамын түзгөн элементтер боло алат.

2.5. Параллелдүүлүктү жаратуучу каражаттардын кээ бир түрлөрү

Абсолюттук түрдөгү параллелдүүлүк жок. Дүйнөдө эки нерсе өз ара эч эле тептегиз барабар-жандаш боло албайт. Жандаштык-барабарлык салыштырмалуу. Баракка так өлчөнүп чийилген эки сызык да салыштырмалуу параллелдикке ээ. Алар бир учурда жана бирдей узундукта-аралыкта жүргүзүлгөн эмес. Эң так приборлор булардагы «кынтыкты» таба алат. Ойлоодо-тилде да параллелдүүлүк чамаланып, айрым көрсөткүчтөрдүн негизинде гана аныкталат.

Параллелдүүлүктүн көзгө урунган, көп таркаган тилдик жана менталдык айрым түрлөрүн белгилеп кетели.

1. Тилдик эки же андан көп сандагы толук кайталоолордун параллелдүүлүгү. Булар маани-маңызы, көлөмү, тилдик турпаты, максат-милдеттери, колдонуу орду боюнча түрдүүчө.

а) келме: *Лаа илааха илл Аллаху Мухамадур расуулуллох,*
Лаа илааха илл Алаху Мухамадур расуулуллох,
Лаа иллаха ил Аллаху Мухамадур расуулуллох...

Бул келменин мазмуну «Бир Алладан башка кудай жок, аллахтын элчиси Мухаммад болот» түрүндө белгиленет. Бул келме – жаратканга табынуунун эң таркаган формуласы. Ал көңүлдү жубатуу үчүн, туура сүйлөө, жашоо үчүн, боорукер болуу үчүн чоң өбөлгө. Түрдүү адамдар аны түркүн варианттарда келтирет. Келменин саны да чектелбейт: үч ирет, жети жолу, кырк, жүз... мерте айтуу талап кылынат. Бул келменин айтылыштарында деле абсолюттук бирдейлик, төп келүүчүлүк учурабайт.

б) түрдүү көлөмдөгү клишелер, кептик формулалар афористикалык каражаттар; Советтер Союзунда бардык газеталардын аталыштарын «Правда», «Известия», «Советтик Кыргызстан» ж.б. үстүндө он төрт тилде *Пролетарии всех стран, соединяйтесь*! деген чакырык милдеттүү түрдө берилчү. Ал убагында идеологиялык эң чоң жүк көтөрөр эле. Бул императив бардык эмгекчилерди биригүүгө, эзүүчүлөрдүн мүлкүн, укуктарын тартып алууга үндөөчү. Бул азыр историзм болуп калганына карабай улуу муундардын көңүл чордонунда орун алып келет.

в) поэтикалык кичи чыгармалар, обондуу ырлар, анекдоттор, тамаша-мыскылдар ж.б. тынымсыз кайталанып, убакыт-мейкиндиктеги параллелдүүлүк касиетине ээ тилдик-менталдык каражаттар катары колдонулат. Ар күнү беш убак биз угуп жүргөн азанды алсак, ал өзүнчө мазмунга жана обонго ээ текст. Анда тексттин бардык касиеттери бар: тема, милдет, бүтүндүк, композиция, баш-аягы, стили, адресант, адресат ж.б. анын биримдигин жаратат.

Мындай чыгармалардагы кайырмалар да, мисалы гимндерде, өзүнчө текст курамындагы параллелдүүлүктү түзүүчү каражаттар боло алат.

г) С+П түзүлүшүндөгү эки субектти салыштырчу кошмок сүйлөмдөрдөгү параллелдүүлүк; *Сен – сен, мен – мен* “Тыңдоочу (*сен*) өзүнчө сапаттарга, сүйлөөчү (*мен*) өзүнчө сапаттарга ээ” маанисинде; *Бала – бала, кексе – кексе* «Жаштын тажрыйбасы аз, улгайган кишинин тажрыйбасы, айла-амалдары мол» маанисинде; булардагы биринчи сөз субьекти, экинчи сөз предикатты туюнтат; предикат субьекттин өзгөчөлүктөрүн белгилейт. Ал атоочтордон турган параллелдүү конструкциянын эки бөтөнчөлүгүн белгилөөгө болот: *сен=сен* – кайталоого негизделген жуп жандаштык, бирок булар барабар эмес: биринчиси – субьект (ээ), экинчиси – предикат (баяндооч). Ал эми *мен=мен* катышы да ушундай эле алакада. Бирок бул татаал сүйлөмдө конструктивдик да параллелдүүлүк бар: *сен – сен = мен – мен*, башкача белгилеп, төмөндөгү схеманы алууга болот:

Сен–сен
| |

Мен–мен

Мында субьектке субьект, предикатка предикат шайкеш келип, сүйлөм аралык параллелдүүлүк жаралды.

Ушул эле түрдө контексттик–жагдайлык эмес, прецеденттик түрдөгү, макалга окшогон *Сөөм–сөөм, карыш–карыш* айтым кенен учурайт. Анын маанисин «Алыс жакынды билип жүр» деген императив түзөт. Биринчи сүйлөм жакындыкты, достукту, ынактыкты, туугандыкты билгизет,экинчи сүйлөм алыстыкты, бөтөндүктү, сынаакы эместикти туюнтат. Мындагы субьект-предикаттык катыш жогоркулардай эле.

2. **Айрым кайталанбаган элементтери бар прецеденттик параллелдүүлүктөр**. Прецеденттик сүйлөмдөр, фразеологизмдер этноско, анын дээрлик көпчүлүгүнө маалым болот. Аларда элдик байкоо, тажрыйба, пикир чагылдырылат. Булар эстутумдун элге белгилүү компоненттери. Дүйнөнүн тилдик сүрөтүндө булардын орду чоң. Параллелдүүлүк парадигматика-синтагматикалык мүнөздө болот. Мындай дегенибиз - параллелдүү тилдик каражаттар система түрүндө, бирөңчөй фактылар катары да, тизмектелишип, бирине-бири байланышып да келе берет. Аларда тизмектешүүчүлүк менен бирөңчөйлүк бир эле учурда, чогуу, комплекстик түрдө кездешет. Бир формулага баш ийген эки макалга көңүл бөлөлү:

а) *Адам – адам менен адам*

б) *Киши – киши менен киши*

Бул эки паремия – синонимдер. Алар этностун эстутумунда өз ордуна ээ. Буларда элдик пикир чагылдырылган. Алардын мазмунун «Өзүмчүлдүк – терс сапат» деген пикир ээлеп турат. Бул пикир ар кыл жагдайларда вариантташа алат. Кырдаалына, мезгил-ордуна, кептин катышуучуларына, булардын максаттарына жана башка факторлорго карап алар «Өзүңү эле ойлой бербе», «жакындарыңы (тааныш-билиштерди, туугандарды, жолдош-жоролорду, коңшу-колоңдорду, биргеиштегендерди ж.б.) эстен чыгарба», «Өзүң жеке эч нерсеге жетишпейсин», «Элдин камын ойло», «Башкалардын кызыкчылыктарын да эсте тут» сыяктуу кеп-кеңештерди билдире алат.

Алардын мазмуну ийги динамикалуу, кырдаалга жараша өз потенциалын кенен ача алат.

Бул паремияларда *адам – киши* экилтиги үч жолу кайталанып сүйлөмдөрдөгү барабар жандаштыкты жаратты. Бул макалдардын ортосундагы катыш парадигмалык мүнөздө. Эки синонимдин ортосундагы байланыш парадигманы жаратат. Бул эки сөздүн жалпы маанисин адамзаттын өкүлдөрүнүн жалпы аты түзөт. Ошол эле учурда эки синонимдин мазмунунда айырмачылыктар байкалат: экинчи сөздөгү «мейман, конок, бейтааныш, кимдир-бирөө, жолоочу...» сыяктуу семалар анын биринчи сөзгө карата бөтөнчөлүгүн белгилейт. Анын үстүнө биринчисинде семиттик тек, экинчисинде син – тибет тилдерине мөнүздүү белгилер да аларды ажырымдап турат [238,118б.].

Парадигмалык системаны эки паремиядагы беттеш төрт жупташтык, синонимдик катыштар жаратып турат. Эки сүйлөмдүн алакасы – парадигмалык кубулуш.

Ошол эле учурда буларда сөз тизимине, ырааттуу айкашууга негизделген алакалар бар. Биринчи иретте предикаттык синтагманы бөлүп алабыз: С+П формуласына А1+А3 дал келет. Мында *адам* 1 – субьект (ээ), *адам* 3 – предикат (баяндооч). Буларда кайталоого негизделген пикир берилет. Бул пикир 1г пунктундагы мисалдарга окшош: субьект менен предикат бир эле сөздөн уюшулган. Аларда грамматикалык-маанилик ээрчишкен шайкештик бар, бирин-бири колдогон, талап кылган алака үстөмдүк кылат. 1г пунктундагы мисалдардан булар бир күчтүү сапаты менен айырмаланат. Мындагы С+П формуласы жайылып өз курамына милдеттүү түрдө комитативди (А2) кабыл алат. Комитатив – биргеликти, кошо, чогуу болууну талап кылган сүйлөм мүчөсү. Бул кызматты жупташкан *адам менен = киши менен* түрүндөгү зат + жандооч формасындагы аналитикалык курам аткарып турат. Комитатив аталган параллелдүү S+П формуласына интерпозитивдик орун алып кирген. Ал толуктоочтук милдетти аткарат да, субьект менен предикатты туташтырган, аларды жайылткан синтаксистик элемент.

Ушундай катыштагы түзүлүшкө ээ сүйлөмдөр тилибизде өтө көп. Аларда жандаш, параллелдүү кайталоолор, алардын бузулуулары арбын.

Дагы прецеденттик текстке – азанга кайрылалы. Азан текстке мүнөздүү бардык сапаттарга ээ: 1) темасы, аталышы бар; 2) предмети айкын; 3) максаттуу; 4) негизги, үстөмдүк кылуучу идеянын болушу; 5) тилдик бир өңчөйлүк (арабча); 6) стилдик бирдейлик; 7) оозеки жазуу түрүндө жатталат, үйрөтүлөт, таркалат; 8) маалымат камтыйт, сактайт, таркатат; 9) адресанты бар (айтуучу); 10) адресат болот (угуучу); 11) айтуучу (чакыруучу) менен угуучунун бетме-бет же убакыт-мейкиндикте алыс болушу (контакттык же дистанттык), 12) рецепиенттин ишенүүсү, баалоосу (кыраатты арабчага жакындык деңгээлин, азанчынын үнүн ж.б.); 13) мазмундун биримдиги; 14) композициялуулук, көп баскычтуулук, ички бөлүнүштөрдүн болушу жана алардын бир мазмунга баш ийиши; 15) бөлүктөрдүн биримдиги жана туташтыгы; 16) бөлүктөрдүн тизмектешүүчүлүгү, ырааттуулугу, түгөлдүгү; 17) бөлүктөрдүн интеграциясы, кошулуусу; 18) текст бөлүктөрүндөгү парадигмалык-синтагмалык биримдик; 19) текст бөлүктөрүндөгү байланыштардын көп түрдүүлүгү (лексикалык, грамматикалык, композициялык, фигура-интонациялык ж.б.); 20) азан текстинин бүтүндүгү, толуктугу (киринди элементтерди кабыл албоосу); түшүрүүгө, өзгөртүүгө, оңдоого болбостугу; 21) өз алдынчалыгы, автономдуулугу, автосемантикалык сыпатка ээ болушу; 22) баш-аягынын чектелүүлүгү; 23) ырааттуу алга жылышы, динамикалуулугу, баштан аякка карай бөлүктөн бүтүндүккө карай умтулушу; 24) обондуулук, ритм-мелодикалык кайталоолордун болушу; 25) бардык белгилердин комплексттүү, бирин-бири толуктаган сапатка ээ болушу ж.б. аны текст катары сыпаттайт.

Бул белгилердин эң негизгиси – интеграциялык касиети (Маразыков, I-III, 2005). Бул белги бардык башка белгилерди координациялоочу, комплекстик түрдө аныктоочу мүнөзгө ээ.

Каралып жаткан исламдык диний тексттеги параллелдүүлүккө кайрылалы. Мындагы параллелдүүлүк тексттеги обону, ыргагы бирдей үзүндү-саптардын, бип-бирдей кайталоолорунан уюшат.

Аллоху акбар,

Аллоху акбар,

Аллоху акбар,

Аллоху акбар.

Бул бөлүк төрт ирет кайталанат да, жандаш төрт илтикти жаратты. Калган бөлүктөр эки иреттен жупташат.

2. *Ашхадуан лаа иллааха иллалох,*
   Ашхадуан лаа иллааха иллалох.
3. *Ашхадуанна Мухамадар расулуллах*
   Ашхадуанна Мухаммадар расулуллах
4. *Хаййа ьаллассолаах,*
   Хаййа ьаллассолаах.
5. *Хаййа ьалал фалаах,*
   Хаййа ьалал фалаах.
6. *Ассалаату хойрумминан нава*
   Ассалату хойрумминан нави.
7. *Аллоху акбар,*
   Аллоху акбар,
8. *Лаа илааха илаллах.*

Бул тексттин башкы бөлүгү төрт жолу кайталанса, акыркысы кайталанбайт. Азанды чакыруунун баш-аягы даана жиктелет, бирок бирдей белгиленбейт.

Бул тексттин өзүнчө милдет-максаттары, лексикону, көнүк түрмөктөрү, психофизиялогиялык таасири бар. Ал сигналдык, символдук, суггестивдик маниге ээ. Азан өз учурунда сааттын милдетин да аткарып убакытты белгилеп келген. Азан – этнос аралык, регион, маданий аралык, дүйнөлүк маанидеги күчтүү жөрөлгө. Азан – кудайга табынуунун ыйык символу.

Текстте кудайдын аты 16 ирет берилет. Азан айтуу, угуу ишенимди түздөйт, оңдойт, жаратканга баш ийип, ыраазычылык билдирип, жашоого жол ачат. Мындагы кайталоолор тексттик-обондук параллелдүүлүктү түздү. Азанда бир гана сүйлөм кайталанбайт.

Мындай тексттер бардык конфессияларда кездешет. Иудаизмде, христианчылыкта, буддизмде ж.б. дин тармактарында кайталанып, обондуу, ыргактуу айтылган тексттерди дин кызматкерлери ишеним үчүн, жаратканга табынуу үчүн, ниетти тазартуу үчүн пайдаланышат.

Обондуу параллелдүүлүктөр бардык элдердин ырларында кездешет. Биз А.Огонбаевтин «Күйдүм чок», Бек Борбиев обон чыгарган «Асел» аттуу ырларынын обондуу текстин тикелеп чыгып алардагы кайталоолордун санын жана түрлөрүн аныктадык (Тексттердин өзү эле 4,5 бетти ээлеп калды).

3. **Ири тексттеги кайталанган параллелдүүлүктөр.** Параллелизм поэтикалык – тексттерди уюштуруучу орчундуу каражат. Ал «ак ырларда» гана сейрек учурайт. Ал эми ритм, рифма толук сакталган поэзия параллелсиз болбойт. Саптардагы муундардын, сөз бөлүктөрүнүн, сөз айкаштарынын жандаш барабардыгы параллелдүүлүккө тиешелүү. Бул көрүнүш ири поэтикалык тексттерде, дастандарда, эпостордо кенен кездешет. Мисал үчүн Т.Сатылгановдун «Дүнүйө” аттуу көлөмдүү поэтикалык чыгармасына кайрылалы. Анын биринчи строфасы мындай:

Бул дүнүйө бекерсин
Бир күнү өтүп кетерсиң.
Опосу жок дүйнөнүн
Түбүнө ким жетерсин?

Саптарда муун жана сөз боюнча шайкештик бир аз бузулган: экинчи сап сегиз муундан, 4 сөздөн, калгандары 7 муундан, 3 сөздөн турат. Мындай көрүнүш, башка ырларда деле болот. Бирок кыргыз ыр түзүлүшүнө кенен таркаган 1,2,4 саптардын уйкаштуулугу муун боюнча дал келбегендикти «жаап» койгондой туюлат:

Б-е-к-е-р-с-и-ң

к-е-т-е-р-с-и-ң

ж-е-т-е-р-с-и-ң

Биз бул жерде үч үндүүнүн (*е-е-и*), үч үнсүздүн (*р-с-ң*) үч сапта толук кайталангандыгын, булардын поэтикалык гармонияны, уккулуктуулукту жараткан рифма түзүүчүлүк касиетин көрүп турабыз. Калган эки үчилтик унсүздөр (*б-к-ж-к-т-т*) бул рифманы бузбай, толуктап, үч саптын соңунда абсолюттук кайталоо болуп калбастыгын уюштурду. Ал гана эмес ушулар рифманын бүтүндүгүн жаратты дешке болот.

«Дүнүйө» ырынын тексти толук бойдон текстгик параллелдүүлүккө негизделген. Экинчи строфаны келтирели:

Келериңде, дүнүйө,

Толукшуп чыккан айдайсың.

Кетериңде, дүнүйө,

Суу жүрбөгөн сайдайсың.

Бул жерде аркы-терки жупташуу бар: биринчи сап менен үчүнчү сап, экинчи сап менен төртүнчү сап лингвистикалык, лингвопоэтикалык, логикалык жактан бири-бирине параллелдүү:

1. *Келериңде, дүнүйө…*

   Кетериңде, дүнүйө…

Бул эки саптын айырмасын *л-т* тыбыштары гана түзүп турат. Мезгил бышыктоочту уюштурган арсар келер чактын формалары (*кел-ер* - *кет-ер*), таандык *–иң* мүчөсү менен жайгашып, субстантивдешип, жатыш жөндөмөсүнө түшүп, бир бүтүндүккө келип, темпоралдык-убакыттык семантиканы билгизип келди. Бул жерде кайталанган *дүнүйө* каратма сөзү да параллелдүүлүккө катышты. Эки саптын ажырымдык-биримдигин эки гана тыбыш белгилеп берди. Булар антонимдик катышты жаратты.

2. *Толукшуп чыккан айдайсың…*

   Суу жүрбөгөн сайдайсың.

Бул саптардагы параллелдүүлүк постпозицияда, алардын соңунда:

-кан ай-дай-сың

-гөн сай-дай-сың

Мындагы жупташтыкты үндөшпөгөн эле атоочтуктун өткөн чак формалары менен салыштырма *–дай* формасындагы эки уйкаш зат атооч (*ай - сай*) жаратты. Саптардын аягына *–сың* жак мүчөсү колдонулган. Ал экинчи жактын жекелик түрүнүн көрсөткүчү. Бул жерде маанилик параллелдүүлүк жок, тетирисинче, эки сүйлөм өз ара контрасттык катышта.

Каралып жаткан строфа прагматикалык жактан маанилүү. Токтогул *дүнүйө* сөзүнө кенен, көп кырдуу, образдуу маани ыйгарып, анын мазмунуна «убакыт, тагдыр, жашоо, байлык, оомат…” сыяктуу семаларды ийирген. Ошол эле учурда бул аталышты жандандырып, руху, аң-сезими бар зат катары элестетет. Бул маанилик трансформацияны *дүнүйө* сөзүнүн каратма түрдө адресаттык функцияда колдонушу, ага автордун же адресанттын кайрылышы, адресатты, экинчи жактын мүчөлөрү аркылуу «кишилештирип» туюнтулушу (*-иң,-сың*) тастыктап турат.

Эми үчүнчү строфаны келтирели:

Келериңде, дүнүйө,

Асмандагы күндөйсүң.

Кетериңде, дүнүйө,

Кайгылуу көңүл кирдейсиң.

Мындагы 1,3- саптардын катышын жогоруда белгиледик. Айтып коюш керек: *дүнүйө* сөзүндөгү вокативдик кызмат авторго таандык текстерде көрсөтүлбөйт, биз гана үтүр коюп, аны каратма сөз катары белгиледик. 2,4-саптарды карасак:

Асмандагы күндөйсүң...

Кайгылуу көңүл кирдейсиң.

Буларда муун боюнча барабардык байкалбайт. Уйкаштыкты *күндөйсүң – кирдейсиң* предикаттары түзүп турат. Предикаттар сүйлөмдөрдүн маанилик өзөгүн белгилеп жатат. Булар да карама-каршы мазмунда, бирине –бири коошпойт. Экинчи строфага караганда бирдейликти түзгөн морфемалардын саны мында бир санга аз.

Эми эки строфанын өз ара алакасын талдап көрөлү. Аларды салыштырып экөөнүн биринчи эки сабы (1,2) жана экинчи эки сабы (3,4) мазмундук жактан параллелдүү экендигин байкоого болот:

1. *Келериңде, дүнүйө,*
   Толукшуп чыккан айдайсың…
   Келериңде, дүнүйө,
   Асмандагы күндөйсүң

2. *Кетериңде, дүнүйө,*
   Суу жүрбөгөн сайдайсың.

3. *Кетериңде, дүнүйө,*
   Кайгылуу көңүл кирдейсиң.

Кош саптардын биринчи жубунда оомат, кел-кел айга, күнгө теңелет. Предикаттарда позитивдүү гана маани бар. Ал жашоого көрк берет, караңгылыкта жарык чачат, аба-ырайын аныктоого белги берет. Күн – жашоонун булагы. Ансыз караңгылык, чексиз суук болмок, жерде жашоо токтомок, тирүүчүлүк жок болмок, өсүмдүктөр өспөй калмак, жандыктар кырылмак жана башка катастрофалар жүрмөк. Ошентип, дистанттуу аралыкта жайгашкан эки кош саптын логикалык–маанилик жактан өз ара төп келишкенин байкоого болот.

Экинчи жуптагы кош саптарда деле семантикалык жакындык бар. Бирок семантикалык окшоштук предикаттардын өзүндө эмес, сүйлөмдүн жалпы контекстинде берилет. Негативдүү маани *кирдейсиң* баяндоочунда гана бар, аны *к а й г ы л у у* терс эмотивдүү маанидеги сөз күчөтүп турат. Ал эми *сайдайсың* предикаты позитивдүү да, негативдүү да мааниде. Токтогул түзгөн контекстте анын терс маанисин *суу жүрбөгөн* сүйлөмгө окшош аныктоочу сөз айкашы билдирип жатат. Башка контекстте *сайдайсың* сөзү (мисалы, *жайма-жай аккан сайдайсың, балыгы көп сайдайсың*) оң семантиканы кабыл алат.

Кандай гана болбосун, салыштырылып жаткан эки жупташ кош саптарда маанилик шайкештик, окшоштук бар: биринчилеринде позитивдүү, экинчилеринде негативдүү мазмун берилген.

Бул салыштырууларды жана корутундуларды кийинки, төртүнчү строфа дагы ишенимдүү колдойт:

Келериңде, дүнүйө,

Өзөнгө бүткөн талдайсың

Кетериңде, дүнүйө,

Өлүмдөн бетер алдайсың.

Бул куплеттин ар бир сабы жогоруда келтирилген саптарга толук дал келет, аларды кубаттайт. Аталган формалдык-конструктивдик жана функционалдык-маанилик шайкештиктер жаңы позицияда тастыкталат. Бул жерде сөздөрдүн, саптардын, сүйлөмдөрдүн, строфалардын (текст фрагменттеринин) параллелдүүлүгү жөнүндө кенен сөз кылууга болот. Ырда 37 строфа бар. Буларда *келериңде, дүнүйө – кетериңде, дүнүйө* антонимдик кошилтик 37 ирет кайталанат. (Токтогул. Чыгармалардын эки томдук жыйнагы. I том. Ырлар. – Фрунзе ,1989. – 43-48бб.). Бул чыгарма поэтикалык-тилдик параллелдүүлүктүн кайталангыс үлгүсү катары кенен, атайын талдоого татыктуу. Бул ишти өзүнчө аткаруу керек.

4.**Строфалардагы параллелдүүлүк**.Бул кубулуш кыргыз поэзиясында кенен таркалган. Элдик «Күңөтай» аттуу ырдан эки строфа келтирели:

Сап-сап учкан таранчы

Сабын бузбай саначы.

Сан кыздардын ичинде

Күңөтай барбы карачы.

Топ-топ учкан таранчы

Тобун бузбай саначы,

Топ кыздардын ичинде

Күңөтай барбы карачы.

Бул эки куплетте параллелдүүлүктүн толук үлгүсү бар. Биз белгилеген *сап-сап – сабын – сан / топ-топ – тобун – топ* үчилтиги үч саптын анафоралык (тыбыштык, морфемалык, сөздүк) үндөштүгүн жана параллелдүүлүгүн түзүп турат. Булар строфалар аралык дифференциялоочу, айырмалоочу да, ошол эле учурда аларды туташтыруучу, окшоштуруучу да касиетке ээ. Ал эми строфалардын калган бөлүктөрү – абсолюттук кайталоолор. Төрт саптын калган тарабы бири-бирине толук дал келет.

Ошентип, тилде параллелизм кубулушу кенен таркалгандыгын ишенимдүү айтууга болот. Алардын түрлөрү көп. Биздин изилдөө үчүн анын синтаксистик элементтерди пропозиция жаратуучу ролун белгилөө орчундуу.

2.6. Когнитивдик-синтаксистик параллелизмдин тил аралык мүнөздө болушу жөнүндө

Субьект, предикат, обьект терминдери лингвистикада орчундуу маниге ээ. Алар логикалык да, грамматикалык да категориялар катары колдонулат. Бул түшүнүктөрдү жиктөө – узак салты бир илимий багыт. Ал терминдер байыркы латын грамматикаларында эле колдонулуп келген.

Субьект, предикат, обьект категориялары логикалык пикирдин жана анын тилдик көрсөткүчү болгон сүйлөмдүн алкагында негизи катары сыпатталып жүрөт. Когнитивдик синтаксисте бул түшүнүктөр так маанилүү болгондуктан кеңири колдонулат [159,42 б.; 115, 3-207]. Субьект, предикат жана обьекте болгон логикалык көз караш грамматикалык (синтаксистик) көз караштан кескин айырмалат. Логикалык-рационалдык грамматикада (А.Арно, К.Лансло, П.Николь ж.б.) пикирдин борбордук эки категориясы белгиленет. Булар – субьект менен предикат. Пикирде субьект менен предикат бирге болот. Ж.-М. Земба айткандай, «то, что не есть субьект, обьявляется предикатом, а то, что не есть предикат – субьектом» [115, 4-б.]. Мындай түшүнгөндө ар кандай пикир эки бөлүктөн турат – субьект жана предикаттан. Булар пикирдин түзүлүшүндөгү логикалык схеманын өзөгүн түзөт. **Бул**

логикалык схеманы пропозиция дешке болот. Демек, пропозиция субьект менен предикаттан турат.

Пикирди мындай эле түшүнүү бир жактуулукка алып келет. Анткени обьект категориясы анын сыртында калып, өзүнчө аныкталбай калат. Муну менен кошо сүйлөмгө тиешелүү көптөгөн көрсөткүчтөр, структуралык-коммуникативдик каражаттар С+П (субьект плюс предикат) формуласына сыйбай калат. Ошентип, логикалык схема же пропозиция сүйлөмгө тиешелүү бир кыйла кубулуштарды камтыбастан аларды сыпаттоого жол бербей коет.

Канткенде деле С+П формуласы **пикир билгизүүнүн эң жалпы жана өзөккү каркасы катары** каралууга тийиш. Анткени көпчүлүк пикирлер субьект- предикаттык түзүлүшкө ээ болот. С+П формуласы сүйлөм–айтымдын орчундуу түрлөрүн бириктирип, аларды жалпылап мүнөздөөгө мүмкүндүк берет. Ошол эле учурда сүйлөмдө актуалдуу бөлүштүрүүнүн, семантикалык синтаксистин, коммуникативдик синтаксистин, трансформациялык грамматиканын, позициялык синтаксистин ж.б. курамында да С+П схемасы өтө маанилүү. Бул формула паремиялар үчүн өтө орчундуу болуп, алардын менталдык–тилдик негизин түзүүгө катышышы А.А.Жусупова менен Д.Т.Айылчиевдин эмгектеринде ишенимдүү жана ар тараптан сыпаттоого алынган [15,447-464бб.; 16,195-198 бб.;17,24-27бб.; 68,565-585бб.; 69,81-84.; 70,231-235бб]. Мисалы, логикалык *жекелик–бүтүндүк* контрастын ала турган болсок, анын биринчи тарабы экинчи тарабынын бирдиги, бөлүгү, же түзүүчүсү гана болуп калат. Түзүүчү бүтүндүктү алмаштыра албайт, бүтүндүн жекече гана тетиги. Ошонун негизинде «**Жалгыз зат бүтүндүктү түзө албайт»** деген жалпылоочу пропозицияны жиктеп алууга болот.

Бул пропозицияны когнитема деп атоого да негиз бар. Биринчи термин логикада, экинчи термин когнитологияда түптөлүп, алар когнитивдик лингвистикада орчундуу кызмат кылып жатат.

Бул когнитеманы үч топтогу макалдар вербалдаштырганын көрүүгө болот. Ошого ылайык анын ичинде үч кичи когнитеманы жиктеп берүүгө жол бар.

1. **Жалгыздын аракети чектүү**. Чуваштарда: *Жалгыз аары көп бал бербейт*. Бул макал кыргызча да жолугат: *Жалгыз аары жарытып бал жыйнабайт*. *Жалгыз пил чоң чаң чыгарбайт* (овамбо). Кыргызчада бул пикир татаал контекстте берилет: *Жалгыз жүргөн жарыбайт, жарыса да марыбайт. Жалгыз эрдин аты чыкпайт, аты чыкса да заты чыкпайт. Жалгыз аттын чаңы чыкпайт, жалгыз эрдин даңкы чыкпайт. Жалгыз аттын чаңы чыкпайт, чыкса да даңы чыкпайт* (кырг.). Демек, бир заттын аракети чектүү жана көп натыйжа бере албайт. Бул макалдар жаштарды бирге аракеттенүүгө, бири-бирине көмөктөшүп, натыйжалуу иш кылууга үндөйт.

2. **Эки заттын кызматын бирөө аткара албайт:** *Жалгыз өгүз кош болбойт, эки арамза дос болбойт. Жалгыз кол түйүн чечпейт* (кыргызча). *Эки баш бирөөнөн акылдуурак. Бир адам жакынды көрөт, эки адам алысты көрөт* (кыт.).*Эки көз бир көзүңөн көбүрөөк көрөт* (латынча). *Эки пикир бирөөнөн баалуурак* (французча). Бул макалдарда бир заттын эки затка карата алсыздыгы, чабалдыгы же толук кызмат аткара албастыгы элдик ой катары берилет.

3. **Бир зат көп заттардын бириккен кызматын аткара албайт.**

Бул когнитема кыргыздын этностук ойтутумунда кеңири экспликацияланган: *Бир таш тоо эмес, бир баш эл эмес. Жалгыз таруу ботко болбойт. Жалгыз дарак токой болбойт. Жалгыз таш үй болбойт. Бир дарак бакча эмес, бир таш дубал эмес. Жалгыздын колунан келбеген жаамы журттун колунан келет. Жалгыз жыгач үй болбойт, жалгыз жигит бий болбойт. Жалгыз таруу ботко болбойт, жалгыз адам тутка болбойт.* Ж.Ы.Койчуманов келтирген акыркы төрт мисалда аталган когнитема жупташкан татаал сүйлөмдөрдө берилет. Бул параллелдүү сүйлөмдөр маанилик-конструктивдик жактан да, когнитивдик-семантикалык жактан да жандаш, бирин-бири толуктап, кубаттап турат. Акыркы эки сүйлөмдөрдө *бий* сөзү *жигит* сөзүнө карата, *тутка* сөзү *адам* сөзүнө карата «аз – көп (бүтүн)» катышында эмес, «төмөнкү даража – жогорку даража» катышында берилген. Бийдин милдеттери элге, көпчүлүккө тутка, өбөк, жөлөк, ачкыч болуу милдети

жөн адамдын, жөн жигиттин милдеттерине караганда жогору бааланып турат. Ошондуктан башка макалдар менен биргеликте булар аталган кичи когнитеманын көрсөткүчтөрү катары каралды. Башка элдерде да аналогиялык түрдөгү макалдар учурайт: *Бир атчан өлкөнү басып албайт* (арабча). *Бир киши күчтүү боло албайт* (груз.). *Бир толкун ташты жылдырбайт* (синг.). *Жалгыз – бул баары бир эч ким эмес* (исп.). *Жалгыз эркек эркек эмес* (шведче). Бул макалдар да жогорудагы макалдарга мазмуну боюнча ыктап турат. Анткени баарына мүнөздүү жалпы семантикалык-логикалык каркас бар. Бул каркастын субьекти да, предикаты да бирдей же окшош. Субьект менен предикат бирдей концептуалдык мазмунга ээ.

Үч топтогу паремиялардын субьекти *жалгыз* (*бир*) *зат* менен предикаты *бүтүн*(*толук*)*эмес* (ар кыл варианттарда) биригип, «Жалгыз зат бүтүндүктү түзө албайт» пропозициясын жаратты.

Жалгыз зат түшүнүгүн вербалдаштыруучу каражаттар булар: *жалгыз аары, жалгыз пил, жалгыз жүргөн, жалгыз эр, жалгыз ат* (1-топто), *жалгыз өгүз, жалгыз кол, бирөө, бир адам, бир көз* (2-топто), *бир таш, жалгыз таруу, жалгыз дарак, жалгыз таш, жалгыз жыгач, жалгыз жигит, жалгыз адам* (3-топто). Булардын баары – субекттин аталыштары. Субьект катары көптүктүн, бүтүндүктүн бөлүгү каралып жатат.

Ал эми предикаттын (предикат – баяндоочтон кенен түшүнүк) репрезентативдери катары *көп бал бербейт, жарытып бал жайнабайт, чоң чаң чыгарбайт,жарыбайт/марыбайт,аты чыкпайт/заты чыкпайт, чаңы чыкпайт/даңкы чыкпайт, даңы чыкпайт* (1-топто), *кош болбойт, түйүн чечпейт, акылсызыраак, жакынды көрөт, азыраак көрөт, баасыз* (2-топто), *тоо эмес, эл эмес, ботко болбойт, токой болбойт, үй болбойт, бакча эмес дубал эмес, колунан келбейт, бий болбойт, тутка болбойт* (3-топто). Бул предикаттар субекттин мазмунун ачып, анын бөтөнчө сапаттарын белгилеп жатат. Айтып кетүү керек: үч мисалдын предикаттары реконструкцияланып берилди. *Эки баш бирөөнөн акылдуурак* (кыт.) мисалында нагыз субьект *эки баш*, предикат – *бирөөнөн акылдуурак*. Бирок бул мисалды трансформациялап

Бир баш экөөнөн акылсызыраак деп берип, талданып жаткан когнитемага өзгөртүп кошуп койдук да, когнитеманын чегинде субьект катары *бир баш*, предикат катары *экөөнөн алсызыраак* сөз айкалышын карадык. Ошондой эле *эки көз бир көзүңөн көбүрөөк көрөт* (кырг.) макалын талданып жаткан когнитемага ылайыктап өзгөрттүк: *Бир көз эки көзүңөн азыраак көрөт.* Мында да субьект – *бир көз*, предикат – *эки көзүңдөн азыраак көрөт*. Мында логикалык-пропозициялык предикат өз курамына сын-сыпат бышыктоочту (*азыраак*), толуктоочту (*эки көзүңөн*) жана баяндоочту өз кучагына алып турат. Баштапкы фраза менен анын дериватынын мааниси бирдей. Ошондуктан бул экөөн тең аталган когнитеманын репрезентанты катары карадык. Ушундай эле катышта французча макал *Эки пикир бирөөнөн баалуураак* менен анын трансформасы *Бир пикир экөөнөн баасызыраак* бирин-бири толуктап турат. Экөөнүн ортосунда бир эле менталдык–семантикалык мазмун бар.

Бардык предикаттарда тануу көрсөткүчтөрү бар:

1) *-ба, -бе,-бо, -бө, -па, - пе, -по, -пө* мүчөсү жыйырма үч жолу,

2) *эмес* сөзү төрт жолу (*тоо эмес, эл эмес, бакча эмес, дубал эмес*);

3) *-сыз* аффикси трансмормацияларда эки ирет (*акылсызыраак*, *баасызыраак*);

4) бир ирет антонимдик трансформада (*азыраак – көбүрөөк*) бир ирет тек эле антонимдер аркылуу (*жакынды - алысты*) берилген.

Ошентип, бир жалпы когнитивдик-семантикалык пропозиция провербиалдык каражаттарда үч кичи конкреттүү когнитемаларга ажыратылып субьект менен предикаттан тургандыгын айтууга болот. Бардык мисалдарда “бир / жалгыз (зат)” түшүнүгү текстин темасын, субьектин түзүп, «бүтүн /толук / жогору эмес» түшүнүгү анын предикатын же жалпы сапатын туюнтуусу байкалат.

Келтирилген түркүн провербиалдык сүйлөмдөрдү бириктирип турган маанини «**Жалгыз зат бүтүндүктү түзө албайт**» деп белгилөөгө болот. Бул

маани бардык учкул сөздөрдү бириктирип, алардын ички мазмунундагы жандаштыкты, параллелдүүлүктү туюнтуп турат.

Айрым мисалдар өз ичинде когнитивдик-синтаксистик паралелдүүлүктү камтып алган.

Караңыз: *Бир – таш – тоо – эмес*
Бир – баш – эл – эмес

Мында *бир* - *бир*, *таш* - *баш* (айырма биринчи тыбыштарда берилген), *тоо – эл* (мында уйкаштык жок, параллелдүүлүктү зат атоочтор, алардын бүтүндүк маанилери, бир муундуулугу, жөндөмөсү ж.б.), *эмес* - *эмес* катыштагы көмөкчү сөздөр өз-ара кайталануучу жандаштыкта колдонулган. Буларда субьект – *бир таш, бир баш* сөз айкаштары (мындагы сан атооч аныктооч боло албайт), предикат – *тоо эмес, эл эмес* түрүндөгү аналитикалык формалар.

Жогорудагы талдоо пропозициянын бир тилде жана түрдүү тилдерде окшош же жакын мазмунга ээ болорлугун, бирок түрдүүчө шөкөттөлө аларлыгын көрсөтө алдык.

Негизги тыянактар

1. Когнитивдик синтаксис – жаңыдан түптөлүп келе жаткан грамматикалык тармак. Ал сүйлөмдөрдүн ой тутумдагы ордун, менталдык-тилдик маани-маңызын изилдейт.

2. Когнитивдик синтаксис үчүн пропозиция түшүнүгү баалуу. Ал айтымдардагы түркүн түзүлүштөгү чекене маанилерди жалпылоо үчүн керек.

3. Пропозиция бир эле сүйлөмдүн трансформаларын, өзгөрүлгөн түрлөрүн, башка тилдердеги котормолорун, варианттарын бириктирүүчү кызмат аткарат. Ал негизинен С+П формуласына баш иет.

4. Изилдөө үчүн факты-материалдар ар кыл жыйнактардан, китептерден, монографиялык изилдөөлөрдөн алынды. Паремияларды тактоодо булак катары Н.С.Ашукин, М.Г.Ашукина, А.А.Гердт, И.П.Гуля, В.И.Даль, А.А.Крикман, Г.Л.Пермяков, М.К.Кууси, З.К.Тарланов, З.Б.Цаллагова,

М.А.Черкасский, С.Т.Шулежкова ж.б. эмгектери ири кызмат аткарды. Ошондой эле кыргызча макал-лакаптарды А.А.Абдулатов, Д.Т.Айылчиева, А.А.Жусупова, Х.Карасаев, М.Ибрагимов, Г.Ж.Кожоева, Ж.Ы.Койчуманов, Г.Тажиева, А.Курманбекова сыяктуу паремиологдордун топтомдорунан, изилдөөлөрүнөн алдык.

5. Изилдөөнүн жүрүшүндө эмпирикалык да, теориялык да методдор колдонулду.

6. Иште инварианттуулук-варианттуулук дихотомиясына мүнөздөмө берилип, бул категориянын когнитивдик синтаксисти изилдөөдө колдонуш мүмкүнчүлүктөрү каралды.

7. Пропозиция – фразанын логикалык-семантикалык инварианттуу каркасы. Анын трансформалары, өзгөрүүлөрү, котормолору варианттарын түзөт [23,18-б.]. Паремиялык пропозициянын дүйнөнүн тилдик–провербиалдык сүрөтүндө чагылдырышы, колдонулушу жана иштеши сыпатталды.

8. Паремиялардагы концепттик түшүнүк, элес, скрипт, фрейм ж.б. түрлөрүнүн орду, берилиши, кызматы анализге алынды.

9. Параллелдүүлүктү түзүүчү тилдик каражаттардын айрым түрлөрү аныкталды.

10. Текст ичиндеги тилдик-менталдык параллелизмдин негизги бөтөнчөлүктөрү белгиленди.

11. Параллелдүүлүктүн поэтикалык тесттерде арбын болуш шарттары, жүйөөлөрү, негиздери көрсөтүлдү.

12. Когнитивдик параллелдүүлүктүн ойтутумда жаралышы, жашашы белгиленип, ал этнос аралык мүнөздө болуп, тилде түрдүүчө репрезентациялануунга дуушар болушу тастыкталды.

3 – бап.

Паремиялык сүйлөмдөрдөгү логикалык-семантикалык инварианттуулук жана анын тилдерде трансформацияланышы (изилдөөнүн натыйжалары)

Кириш сөз

Макал-лакаптарда жалпылоочу касиет күчтүү өнүккөн. Алар элдик тажрыйбаны чагылдырат, жалпылайт, типтүү формулаларга баш ийдирет жана этностун бардык өкүлдөрүнө түшүнүктүү, зарыл лингвоэтномаданий каражаттар катары жашайт.

Элдердин ой жүгүртүүсү негизинен окшош. Анткени түрдүү этностор заттардын өз ара алакасын, аралыгын, көлөмдүк катышын окшош эле аныкташат, окуялардын себептерин, жүрүшүн, натыйжасын бирдей белгилешет, оң-тетирини, пайда-зыянды, жагымдуулук-жагымсыздыкты бир кылка сезишет жана аташат. Адамзаттын эстутумундагы дүйнө сүрөтү өтө көп жалпы когнитемаларга, пропозициаларга ээ. Мындай жалпылыктар анын паремикалык корунда кенен жана даана чагылдырылат.

Паремиялардагы пропозициялык жалпы пикирлер прототиптүү константалык маанилерге кошулушат да, булардын трансформалары өзгөртүлгөн, динамикалуу түрлөрү катары колдонулат.

Бул баптын максаты болуп дүйнө элдеринин макал-лакаптарында камтылган жалпы тилдик-менталдык формулаларды салыштырып изилдөө саналат.

Бизге маалым паремиялык чыгармалар орусча катталган. Биз аларды кыргызчага которуп, айрым жалпы константалык типтерге ажыратып, ичинен инварианттык тайпаларды жиктеп, буларды майда топторго бөлүштүрдүк.

Майда топчолорду түзгөн факты-материалдар варианттардын, кичи трансформалардын көрсөткүчтөрдү катары аныкталды.

3.1. Өзгөрүлбөстүк - өзгөрүүчүлүк дихотомиясынын паремияларда берилиши

Бардык заттарды өзгөрүлүү жана өзгөрүлбөө сапатына карап экиге бөлүүгө болот: алардын айрымдары өзгөрүлөт, айрымдары өзгөрүлбөйт. Бул бүткүл адамзатка белгилүү чындык. Бирок паремияларда мындай бөлүштүрүү өзгөчө аткарылат. Конкреттүү заттар, алардын туруктуу сапаттарга ээ экендиги же ээ эмес экендиги аркылуу жалпылоочу пикир жаралат. Заттардын дайын эле касиеттери кенен маани кабыл алып, эл жараткан туруктуу формуланын, эреженин көрсөткүчү болуп саналат.

Биз **«Нерселер, алардын кээ бир касиеттери өзгөрүлөт же өзгөрүлбөйт»** инварианттык маанинин бир нече кичи топторун талдап көрөлү.

А. Бул катыштагы инвариантты туюнтуучу макалдарга мүнөздүү **«Бардык нерселер өз касиеттеринен дайыма сактап, эч бир шартта алар өзгөрүлбөйт»** деген жалпылоочу маанини көптөгөн макалдар бере алат.

а) *Пияздын жыты дайыма бирдей* (арабча). *Жылан бамбук чыбыгына да оролушка аракет кылат* (кытайча). *Меккеге алып барсаң да, сарымсактын даамы өзгөрүлбөйт* (чеченче). *Сөгүп да, күлүп да дүйнөнү өзгөртүүгө болбойт* (идишче). *Ракушка эч убакта заңдабайт* (корейче). *Таранчы жүз жыл бою да секире берет* (япончо). *Мышык мыелобой кое албайт* (гача). *Эл өз салтын өзгөртпөйт* (малагасийче). *Итти канчалык ургулаба, сөөккө умтула берет* (индонезийче). *Чочкону сыласаң да, тепсең да коркулдаганын койбойт* (карелче). *Гиена эч убакта улуганын койбойт* (соточо) ж.б. Бул сүйлөмдөргө мүнөздүү жалпы мазмун бар. Бул мазмун аталган заттарга түздөн-түз тиешеси жок. Макалдардын темасы түрдүүчө. Аларда пияз, сарымсак, мышык, ит, чочко ж.б. жөнүндө сөз болот. Макал үчүн алардын ар биринин өзүнө гана мүнөздүү сапат зарыл. Бул сапат зат үчүн туруктуу. Бул туруктуулукту адам өзгөртө албайт. Паремияларда баалуу кеңеш бар: «Туруктуу касиетти өзгөртүүгө аракет кылбоо керек, ал ашыкча түйшүк».

б) Кийинки кичи топтогу макалдар жогорулардан бир аз айырмаланат. Буларда **“Туруктуу сапат каршылыкка карабай сактала берет”** деген мазмун үстөмдүк кылат.

Алмаз чылада деле жаркырай берет (түркчө). *Алтын ылайда деле жалтылдайт* (монголчо). *Булакты канчалык ылайлаба, баары бир тунуп кетет* (осетинче). *Дарыя миң тоскоолдук аркылуу деле деңизге куюлат* (кытайча). *Жапайы тоокту алтын идиштен баксаң да, токойго качат* (индонезийче). *Алтынды канчалык караласаң да, кара болбойт* (алтайча). *Сууну канча урба, өз агымын токтотпойт* (осетинче). *Жүктү канчалык басырылтсаң деле жеңил болбойт* (тамилче). Мында да макалдардын тематикасы, предмети түркүн мүнөздө. Баарынын башын инварианттык маани бириктирип турат.

Туруктуу сапатка ээ заттардын номинанттары түрдүүчө: металл (*алмаз, алтын*), суюктук (*булак, дарыя, суу*), жаныбар (*тоок*) ж.б., алар терс, жагымсыз шарттарда деле өз сапатын өзгөртпөйт: *жаркырайт, жалтылдайт, карарбайт; тунат, куюлат, токтобойт* ж.б. Ошондой эле тоскоолдук, каршылык көрсөтүүчү кубулуш аттары да ар кыл: *чыла, ылай, каралоо, уруу, басырылтуу* ж.б. Баарына мүнөздүү жалпы маани чекене бөтөнчөлүктөрдөн жогору турат. Ал макалдардын когнитивдик–пропозициялык мазмуну.

в*) Ак жибекке оросоң деле, көлөкө кара болот* (монголчо). *Жейренди канчалык баксаң деле буттары жоонорбойт* (нзема). *Эскини канчалык жамаба, жаңы болбойт* (азерб.). *Майлап да ит куйругун түздөй албайсың* (бенгалча). *Сылап сыйпаласаң деле ит куйругу түзөлбөйт* (индонезийче). *Ийри жыгач түзөлбөйт* (кыргызча, өзбекче, тажикче). *Кара өгүз түсүн өзгөртпөйт, леопард аласын өзгөртпөйт* (ассириялыктарча). Бул топтогу макалдардын айрымдары жогору келтиргендерге окшош. Бирок **өзгөрүлбөгөн заттарга карата аракеттер позитивдүү.** Оңдоо, түзөө, жакшыртуу аракеттери эч бир оң натыйжа бербейт. Ошондуктан бардык паремиялардын предикаттарына тануу мүчөсү колдонулган.

Б. Кийинки макалдардын инварианттык мааниси бир аз башкача. Аларды бириктирүүчү мазмунду**: «Бардык нерселер кайсы бир сапаттарын дайыма өзгөртүп турат жана эч убакта аларды көпкө туруктуу кармай албайт»** - деп белгилөөгө болот.

Бул инварианттык пропозициянын номинанттары да түрдүүчө, бирок биригип жалпы когнитеманы түзүшөт. Мисалдарга кайрылалы. а) *Бешиктеги бала беш жолу өзгөрүлөт* (татарча). *Киши тагдыры бир түндө бир нече өзгөрүлөт* (корейче). *Мезгил өзгөрүлөт, аялдарга да сакал чыгат* (сонгиче). *Дарыя да нугун өзгөртөт* (удмуртча). *Ал тургай деңиз да ордун которот* (осетинче). *Көлөкө жакка да күн тиет* (корейче). *Бүкүрү эле – түздөлдү, сокур эле – көрүп калды* (индонезийче). *Аялдын мүнөзү куюн сымал* (б.а. туруктуу эмес; нивхче). Макалдардын темасы түрдүүчө. Аталган реалиялар да ар кыл. Баарына өзгөрүү мүнөздүү экендиги чындык катары каралат.

б) Мөңгүлөр да жылып кетет (осетинче). *Күн тийген тарапка да көлөкө түшөт* (корейче). *Кайнак суу да сууйт* (вьетнамча). *Иттин куйругу жыйырма жыл ийри болуп жүрүп, акыры түшүп калды* (хиндиче). *Бүгүн бар нерсе эртеге жок болот* (хайя). *Күздө күн жети жолу өзгөрүлөт* (удмуртча). *Дүйнө бул хамелеондун териси эле* (ошондой эле өзгөрүлүп турат, ливиялыктарча).

в) Арык толот, толгон азат (казакча). *Арык ат семирет, оору киши оңолот* (тувача). *Дүйнө краб сымал, бир туруп алдыга, бир туруп артка жүрөт* (гача). *Дүйнө кептеркана: бири келет, бири кетет* (кыргызча, өзбекче). *Бирөө дүйнөгө келет, бирөө кетет (санскритче). Жашоо – өзгөрүлмө көз ирмемдердин чынжыры* (санскритче). *Дүйнө сарайдагы шамалдай, бирде жогору, бирде ылдый жүрөт* (күрдчө).

Буларда да жашоонун жылып турушу, тынымсыз өзгөрүлүп турушу, бирде өйдө, бирде ылдый жылышы, бирде келип, бирде кетип турушу, бирде толук, бирде азып турушу белгиленет.

В. Кийинки ири топто пропозициялык – фреймдик маанинин сүлпөтү башкараак. Анда «**Кайсы бир нерселер касиеттерин сакташат, башкалары**

сакташпайт; кайсы бир нерселердин кай бир сапаттары сакталат, башкалары туруктуу болуп кала берет» деген мазмун камтылат. Бул когнитема төмөнкү учкул сөздөрдө чагылдырылган: *Эч ким дайыма эле акылдуу боло бербейт* (түркчө). *Эч ким туруктуу жерге жайгаша албайт, тоолор гана бир орунда кала берет* (масаиче). *Фура да жагымдуу жытты дайыма эле сактай албайт* (хаусача; фура–ичимдик). *Туз да ачып кетет* (корейче). *Аба ырайы өзгөрүлөт, жаман адам өзгөрүлбөйт* (ногойчо). *Дарыя дайым эле бир нукта ага бербейт* (чеченче). *Сулуу дайыма сулуу, айлакер дайыма эле айлакер эмес* (карелче). *Адам азса да, акылы азбайт* (кундуча). *Куник бетти өзгөртсө болбойт, жаман кыялды түзөтсө болот* (малагасийче).

Г. Бул топтогу макалдардагы инварианттык мазмунду төмөндөгүдөй белгилесе болот: **«Бардык заттар дайыма эле өз сапаттарын сактап, бардык шарттарда өздөрү менен өздөрү калышат».** Мисалга келтирели: *Мышык мышык бойдон калат* (вьетнамча). *Тумакты кандай айландырба, тумак бойдон калат* (удмуртча). *Сууну сокуда жанчсаң деле, суу болот* (орусча, грузинче). *Эмне кылбагын, каман каман бойдон калат* (криочо). *Периште бүгүн деле, эртен деле периште* (осетинче). *Алтынды кыкка көмсөң да, алтын бойдон калат* (йеменче). *Алмазды ылайга ыргытсаң деле, алмаз бойдон калат* (татарча*). Арстандын арасында чоңойсо деле, ит ит бойдон калат* (арабча). *Карга деңизден нары барып келип деле карга бойдон калды* (орусча). *Алтын ээрчен эшек эшек бойдон калат* (түркчө). *Кембагал дайыма кембагал болот* (грузинче). *Акылсыз жакшы кийим кийип деле акылсыз бойдон калат* (корейче). *Бөрү болуп туулсаң, бөрүчө өлөсүң* (мокшача). *Арстан чапчуурлары мокосо да арстан бойдон калат* (арабча).

Бул макалдарда туруктуу сапаттарды, жаратылыш берген касиеттерди, көнүмүш адаттарды өзгөртүүгө болбостук айтылат. Жашоо шартын өзгөртүп, абалын алмаштырып деле заттарды башкача сапаттарга ээ кылуу мүмкүн эместиги элдик байкоо, тажырыйба катары каралат.

Д. Мындагы жалпы маани **«Бардык нерселер негизги сапаттарынан ажырап, тынымсыз өзгөрүлүшөт»** төмөндөгү макалдарда берилет*: Күлүк карып чобур болот* (амхара). *Бүркүт карыса, чычкан алат* (кыргызча, казакча). *Биз жашообузду акмакчылык менен баштайбыз, тажрыйба топтоп акылман болобуз* (масаи). *Эски буюм башка колго өтсө, жаңы болуп калат* (ашанти). *Бүгүнкү «эртең» эртеге «бүгүн» болот* (осетинче). *Баары агып турат, баары өзгөрүлүп турат. – Все течет, все меняется* (орусча). Акыркы макал кенен мааниде. Мында реалдуу заттар белгиленбейт. Анын мазмуну бардык конкреттүү маанилерди камтып турат. Бул топтогу макалдардын мааниси мурунку топтордун маанисине карата антиномиялык катышта, аларга карама- каршы келет.

3.2. Өзгөчөлүүлүк – бирөңчөйлүк константалык маанинин паремияларда берилиши

«Өзгөчөлүүлүк – бирөңчөйлүк» - константалык мазмун. Анын тилдик – логикалык каражаттары арбын. Алар бир нече түргө ажыратылат.

1.Бирдей эместик – бирдейлик контрасттык маани жогоруда аталган кошилтикке баш иет, төмөндөгүдөй когнитемаларда жүзөгө ашат.

А. **Бардык заттар (алардын ичинде окшоштору да) бөтөнчөлүккө ээ болуп, бир тарабы менен өз ара жиктелишет.**

а) *Ар бир гүлдүн өз жыты бар* (түркчө, өзбекче, уйгурча, күрдчө, тажикче, армянча). Бардык гүлдөрдүн бирдейлиги, окшоштугу, жалпылыгы *гүл* сөзүндө презентацияланган. Бүткүл гүлдөрдү жалпылоо *ар бир* сөз айкашында, бөтөнчөлүктү белгилөө *өз* ат атоочунда берилген. Гүлдүн касиетин *жыт* зат атоочу атайт. Бул макал көптөгөн аналогдорго ээ. *Ар бир бөжөк өзүнчө секирет* (монголчо). *Ар бир күлүк өзүнчө чуркайт* (кыргызча). *Ар бир куш өзүнчө сайрайт* (эвече). *Эки кошуну уйду түрдүүчө саашат* (адыгейче). *Күн күнгө окшобойт* (орусча, урдуча). *Жыл жылга окшобойт* (орусча, овамбочо). Мында мезгилдин кайталанбастыгы, кайтпастыгы, анын

кесиндилеринин, бөлүктөрүнүн убагы да, мазмуну да чексиз түрдүүчө болушу салмактуу, ынанымдуу белгиленип турат. Мындай формулалардын таасири угуучу үчүн ар түрдүү. Дагы мисалдарга кайрылалы. *Асмандагы эки жылдыз да бири-бирине окшобойт* (удмуртча). *Бирдей эки үй бүлө болбойт* (малаг.) *Ар кимдин өз артыкчылыктары бар* (корейче). *Ар кимдин өз жүзү болот* (тамилче). *Ар кимдин өз акылы бар, ал бирөө үчүн туура, бирөө үчүн натуура* (тибетче). Кийинки макалда баалоо семасы үстөмдүк кылат: бирөөнүн оюнун тууралыгын же туура эместигин ар ким ар түрдүүчө түшүнөт. Дагы караңыз: *Беш кол тең эмес* (кыргызча, түркчө, өзбекче, казакча, урдуча, йорубача ж.б.). *Он салаа тең эмес* (кыргызча). *Ар бир чолок өзүнчө аксайт. Ар бир аксак өзүнчө сылтыйт* (япончо). *Колдо беш салаа бар, баары ар түрдүү* (уйгурча, ногойчо, абазинче, абхазча, пуштуча, бенгалча). *Ар бир айыл этти өзүнчө кесет* (кумыкча). *Ар бир жактын өзүнчө салты бар* (овамбо, малагасийче). Бул жерде да мейкиндик атоону түрдүү сөздөр аткарышы мүмкүн: *айыл, кыштак, өлкө* ж.б.

б) Айрым паремияларда бирдей эместик семасы салыштыруу иретинде ишке ашат. Ошондуктан макалдар өз ичинен параллелдүү түзүлүштөгү сүйлөмдөргө орун берет.

Мал мал менен, адам адам менен бирдей болбойт (чувашча, якутча). Мында ички параллелдүүлүк даана берилген: мал мал менен

адам адам менен

Кайталанган заттарга кайталанган заттар туура келет, байламта-жандооч (кош функцияда) өзү кайталанып колдонулган.

Көп учурларда предикаттар аралык параллелдүүлүк учурайт. Мындай сүйлөмдөрдүн жандаштыгы, окшоштугу төмөндөгү макалдарда кездешет:

Бирдей эки жүз болбойт,

Бирдей эки жүрөк болбойт (япончо).

Бул макалда кайталанган *жүрөк, жүз* сөздөрү да параллелдүү (муундары ар кыл болгону менен) калгандары абсолюттук барабардыкты, жаратты. Ошондой эле салыштырыңыз:

1. *Алмаз кара таштан айырмалангандай эле*

Бир киши бир кишиден айырмаланат (хиндиче). Мында параллелдүүлүк чектүү: окшоштукту «атооч жөндөмөдөгү зат атооч + чыгыш жөндөмдөгү зат атооч + *айырмалан* этиши» үч сөз формаларынан турган сөз айкашы бири-бирине шайкеш келип турат.

2. *Даректар бирдей болбойт,*

Адамдар бирдей болбойт (мокшача, эрзяча, карелче).

3. *Ар даректын өз көлөкөсү бар,*

Ар өлкөнүн өз салт-санаасы бар (арабча).

4. *Колдогу беш манжа тең эмес,*

Адамдар акылы менен тең эмес (чувашча).

Бул жерде келтирилген макалдар жуп саптуу. Ар бир сап өз ара параллелдүүлүктү түзүп турат. 2 – сүйлөмдүн котормосу *даректар – адамдар* сөздөрүн муундар, үндүүлөр боюнча окшоштуруп, - *ар* + *бирдей* + *болбойт* бөлүгүн кайталоо түрүндө берди. 3 – сүйлөмдө кайталоо *ар… өз… бар* бөлүгүн жалпылаштырса, калган бөлүктөрүндө: (1) *даректын – өлкөнүн*; 2) *көлөкөсү – салт-санаасы* муундук, сөз формасы деңгээлинде: (1) илик жөндөмө; 2) 3-жак түрдөгү атооч жөндөмө; сүйлөм мүчөлөрү: (1) аныктоочтор; 2) ээлер түзгөн жупташууну байкоого болот.

Келтирилген жупташ сүйлөмдөрдө тил ичиндеги да, тил аралык да параллелдүүлүктөр байкалат. Бирок бир топту (б) түзгөн паремиялардын инварианттык мааниси бар.

Б. **Бардык заттар (айрыкча окшоштору) бирдей сапаттарга ээ, бири-биринен анчейин деле айырмаланышпайт.**

а) Көп макалдарда заттардын айырмачылыктары белгиленбей, аларды идентификациялоочу, жалпылап көрсөтүүчү предикат же предикаттык атрибут колдонулат.

Бардык күндөр бирдей (ньихача). *Бардык курсактар бирдей* (дуалача). *Бардык чөптөр бирдей түстө болот* (корейче). «*Бардык жолдор бирдей»,* - *дептир шимпанзе* (пьянгча). *Бирдык иттер бирдей үрөт* (түркчө). *Бардык*

чөөлөр / бөрүлөр бирдей улуйт (кабардинче, бенгалча). Биринчи үч макалда окшоштук *бирдей* предикаты аркылуу, калган экөөндө предикаттардын (*үрөт, улуйт*) аныктамасы (*бирдей*) аркылуу туюнтулду. Бул жерде *бирдей* сөзүн сын атооч дейбизби (үч сүйлөмдө), тактооч дейбизби (эки сүйлөмдө), биздин иштин максаты үчүн маанилүү эмес. Кеп аталышта эмес, кеп когнитемалык маанинин берилишине түздөн-түз катышкандыгында.

б) Бул кичи топтогу макалдар деле жогоруда көрсөтүлгөн жалпы маанини туюнтат (Б), бирок ар биринде аныктыкты билгизүүчү, конкреттештирүүчү каражаттар колдонулган. Мындагы жалпылоочу маани айрым тактоолор аркылуу берилет. Караңыз: *Сүйүүдө баары бирдей* (мариче). *Кадамдаганда бардык кишилер барабар* (какуйюча). *Карга бардык жерде кара болот* (кытайча). *Короз бардык жерде бирдей кыйкырат* (өзбекче, тажикче). *Тоок бардык жерде бирдей какылыктайт* (түркчө). *Күкүк бардык жерде бирдей сайрайт* (малагасийче). *Бардык манжалардын ооруганы бирдей* (күрдчө). *Кайсы манжаңы тиштебе, бирдей ооруйт* (монголчо, бурятча, комиче, орусча). *Манжалар бирдей, кайсыны кеспе – ооруйт* (лезгинче, осетинче). *Глухарь кайда жүрбөсүн, азыгы – тобурчак* (карелче). Бул паремияларда аракеттер чөйрөсү, орду, түрү боюнча чектөөлөргө учураганы менен, аталган когнитема алардын жалпы мазмунун, кызматын аныктап турат.

в) Айрым паремияларда убакыт, мезгил, тарап факторлору да окшоштукка таасир эте албагандыгы көрсөтүлөт: *Сол колду кессең да, оң колду кессең да – бирдей ооруйт* (малагасийче). *Артыңан урса да, алдыңан урса да – бирдей ооруйт* (комиче). *Конокпу, конок эмеспи бардык адамдар бирдей* (удмуртча). *Кечкурун бардык аялдар бирдей болуп калышат* (ливиялыктарча). *Караңгыда бардык мышыктар бирдей түстө болот* (индонезиялыктарча). Кийинкиде убакыт бардык заттарды окшоштуруп коюшу белгиленет.

В**. Айрым заттар (окоштору да) өзгөчөлүккө ээ болот, калгандары өзгөчөлөнбөйт, кээде айрым заттар бири-биринен бир тарабы менен айырмаланат, кээде – айырмаланбайт.** Бул коммуникативдик семантикалык формулага баш ийген паремиялар көп. Айрымдарын келтирип көрөлү. *Бардык*

аялдардын эриндери, колдору, беттери, көкүрөктөрү, киндиктери, көчүктөрү бирдей, бирок ар биринин өз жүрөгү бар (санскритче). *Бир эле жыгачтан кык үчүн күрөк да, бал үчүн кашык да жасалат* (лакча, дигорчо). *Бир эле даректан икона да, күрөк да жасалат* (орусча). *Бир эле жыгачтан саадак да, күрөк да даярдалат* (түркчө). *Бир эле адамдын эки көзү бирдей болбойт* (кабардинче). *Башта чач бирдей болот, ойлор түрдүү болот* (тагалча). *Өлүм бирдей болот, өлгөн түрдүүчө болот* (соточо). *Көп кишилердин ооздору бирдей, баштары түрдүүчө болот* (осетинче). *Ботконун бөлтөктөрү ири да болот, майда да болот* (корейче). *Баары бирдей өлөт, бирок баарына бирдей ыйлашпайт* (гагаузча).

Бул макалдарда баалуу байкоо чагылдырылган. Эң акыркыны эле алалычы. Анын биринчи бөлүгү баарыбызга түшүнүктүү чындыкты туюнтуп турат: анда өлүмдүн бирдейлиги (бардык шартта, бардык учурда, бардык адамдар, жаныбарлар үчүн) белгиленет. Бирок өлүмдүн каада-салты, өлгөндү жоктоо, дүйнө салган адамдын кадыр-баркы, ал үчүн кайгыргандардын саны же болуш-болбошу түрдүүчө экендиги баяндалат.

Бардык макалдарда зат атоочтор өтмө, жалпылоочу мааниде колдонулган. Ыйык, жагымдуу, пайдалуу денотаттарды *икона, бал, саадак* сөздөрү менен, жагымсыз, булганыч көрүнүшкө ээ денотаттарды *күрөк* сөзү менен атап, бул денотататрдын түпкү материалы бир эле заттан экендиги айтылат. Бул макалдар, ал гана эмес, «Бир атадан эки түрдүү – чыгаан жана чабал, билимдүү жана түркөй... балдар туулат» деген мазмунду берүү үчүн да колдонулат.

Келтирилген мисалдардын колдонуу чөйрөсү, жагдайы жана контексти кенен. Алар түрдүү элдердин ойтутумунда окшош байкоолрдун, пикирлердин болушун даана жана образдуу белгилеп бере алат.

2. Окшошпостук – окшоштук да контрасттык бүтүн маани. Бул инварианттык мазмун бир нече пропозициялар аркылуу ишке ашат.

А**. Бардык заттар (окшоштору да) бири-бирине таптакыр окшобойт жана кайсы бир тараптары менен бири экинчисинен айырмаланат.** Бул

когнитема бардык заттардын мейкиндик – убакытта эч бир кайталангыстыгы тууралуу универсалдык гносеологиялык жобонун элдик менталитетте пайда болгон, эл байкаган эпкиндеринин паремиялык түрдө презентацияланышына негиз болот. Айрым мисалдарга кайрылалы: *Көз мурунга окшобойт* (кундуча). *Бир күн экинчи күнгө окшош эмес* (нземача). *Жыл жылга бир тууган эмес* (карелче). *Эки тамчы бири-бирине окшобойт* (осетинче). *Кудай жүрөктөрдү окшош жаратпаган* (кирунча). *Таң атышы окшош бир да күн жок* (никуйюча). *Күн* планета *дайыма ар түрдүү чыгат* (удмуртча). *Өлүм менен өмүр окшошпойт* (масаиче). *Беш манжа бири-бирине окшобойт, ага менен ини бири-бирине окшошо беле* (гагаузча).

Бул паремияларда заттардын окшошпогондугу табигый кубулуш катары сыпатталат. Алар, демек, бир кыйла окшош же бири-бирине жакын жагдайларда колдонулат.

Б**. Бардык заттар бири-бирине окшош жана өз ара айырмаланбайт деле.** Бул пропозиция – менталдык бирдик. Ал тилдерде түрдүүчө турпатталганы менен жогорудагы прототиптин көрсөткүчү катары кызмат кылат. Айрым мисалдарга кайрылалы.

а) Кыргызча көп идиомалар ушул семантикалык формулага бириге алат*:* *Эгиз козудай окшош, эгиздин түгөйлөрүндөй окшош, эки тамчыдай ошош* ж.б. Бул фразеологизмдер япондуктардын – *жара тилинген коондун эки жарымындай окшош,* орустун *похожи как две капли воды / суунун эки тамчысындай окшош* ж.б. идиомалары менен бирдей түзүлүштө. Дагы караңыз: *Кара карага окшош* (соточо). *Көмүр жападан жалгыз кара зат эмес* (аканча). *Мал ээсин тартат* (кыргызча). *Мал малга окшош, киши кишиге окшош* (каракалпакча). *Ит ээсине окшош* (дигорчо). *Мал дайыма ээсине окшойт* (уйгурча, крымдыктарча). *Токойдо дагы көп дарак бар* (ньянгча). Бул акыркы макал алдыда тандоого, иргөөгө көп мүмкүнчүлүктөр болушун белгилөөдө колдонулат. *Дүйнөдө сары уй жалгыз эле эмес* (орусча). *Көңдөйдө аары жалгыз эмес, токойдо гүл жалгыз эмес* (индонезиялыктарча). Бул паремияларда да жогорку маани бар: адресат тандаган нерсе колго тийбесе

(мисалы, колукту же ат), келечектеги мүмкүнчүлүктөрдү айтып жубатуу учурунда колдонулат.

б) Айрым заттар (окшоштору да) бири-бирине эч окшобойт, калгандары окшош. Кээде заттар бир жагынан өз ара айырмаланышат, кээде айырмаланышпайт. Бул формулага баш ийген мисалдар: *Кээде уул атага окшобойт, кыз энеге окшобойт* (ногойчо). *Лиана жыланга окшойт, бирок сойлой албайт* (дуалача). *Баарына окшойт, өзүнө гана окшобойт* (азербайжанча). *Адамдар бири-бирине окшойт, бирок мүнөздөрү түрдүүчө* (түркчө). *Цесарка же бөдөнө сымал кишилер бири-бирине окшобойт* (овамбо). Бардык паремиялардын котормолорунда *окшо*– уңгусу оң жана терс (тануу) маанисинде колдонулган, барында окшоштук тууралуу сөз жүрөт. Когнитемалык маңыз буларды бириктирип турат.

3.3. **Нерсенин карама-каршы сапаттарын экспликациялоочу паремиялардын семантикалык түрлөрү**

«Бүтүндүк – карама-каршылык» константасы ири көлөмдө. Анын курамында бир нече когнитема жиктелет.

1.Бүтүндүктү «бир кылкалык, бирдейлик», карама-каршылыкты «бир кылка эместик, бирдей эместик» маанилери уюштурат. Мында ар кандай зат же кубулуш бир эле учурда бирдейлик менен бирдей эместик сапаттарына ээ болушу туюнтулат. Зат сапаттарынын кош белгилери этностук ойтутумунда түптүү орун алган, ал эми провербиалдык каражаттарда типтүү семантикалык формулага баш иет. Бул кубулуш бир нече ички түргө ажыратылат.

А**. Нерселер ички биримдикке, бир кылкалыкка ээ да, бирин-бири танган, бирине экинчиси коошпогон сапаттарды камтыбайт.** Бул маани төмөнкү макалдарда даана берилет. *Отко кайсы тарабынан тийсең да, баары бир күйгүзөт* (тамилче). *Фотай узунунан да Фотай, туурасынан (энинен) да Фотай* (осетинче). *Жүгөрүнүн сабагы да жакшы, даны да жакшы* (амхара). *Ким тыйындан алдабаса, ал акчадан да алдабайт* (еврейче). *Башы*

таттуунун куйругу да таттуу (суахиличе). *Итти чакырсаң колуңда таяк болбосун* (ньянгча). *Алдынан жүрсөң – сүзөт, артынан жүрсөң – тебет* (гагаузча, индонезийче). *Ийне уурдаган бээни да уурдайт* (бурятча). *Ийри жыгач тамырынан ийри* (татарча). *Сага башкалардын кемчилигин айткан, башкаларга сенин кемчилигиңди да айтат* (крымдыктарча). *Жаман адам жакшы сөз айтпайт* (ногойчо). *Жакшы жаман сөз айтпайт, жаман жакшы сөз айтпайт* (өзбекче). *Өрттөгөн өчүрбөйт* (мариче) ж.б. Макалдардын түзүлүштөрү түрдүүчө. Ошого жараша мазмундары да айырмаланат, бирок жалпы семантикалык формулага баш иет. Бир макалга кайрылалы: *өрттөгөн өчүрбөйт / ким өрттөсө, ал өчүрбөйт*. Аракеттин субьекти бирөө. Бул субьект аркылуу жаңжалды, тополоңду, уруш-талашты, араздашууну уюштурган киши туюнтулган. Анын натурасы, аракети бүтүндүктө. Анын өрттөө аракети да, өчүрбөө аракети да терс, экөө бири-бирине каршы эмес, бирин экинчиси кубаттайт. Ал эми өзбекче макалда ушул эле идея параллелдүү эки сүйлөмдө берилген: биринчисинин субьекти позитивдүү, экинчисиники негативдүү. Биринчисине жаман, терс, жагымсыз сөздөрдүн айыптоо сапаты мүнөздүү, экинчисине, тетирисинче, жагымдуу, жылуу, көңүл көтөрүүчү сөз айтуу жат көнүмүш экендиги белгиленет. Демек, адамдар жакшы / жаман сөз айтуу / айтпоо сапаттарына карап эки топко ажыратылат. Бир эле киши жакшы сөздү да, жаман сөздү да айтпайт. Бирин-бири танган сапаттар бир субьекттин белгиси боло албайт.

Б. **Нерселерде ички биримдик, бүтүндүк жок, бирин-бири танган сапаттар, бирине экинчиси дал келбеген аракеттер мүнөздүү**. Бул когнитемага да көп паремиялар баш иет.

а) *Ар бир жүрөктө ысык да, суук да бар* (түркчө). *Саадакта өлүм да, жашоо да бар* (овамбочо). Мындагы курал бирөөнү өлтүрөт, бирөөнү тойгозот, демек, карама-каршы кызмат кылат. *Жердин жарымында калк бар, жарымында чөл бар* (хиндиче). *Киши гүлдөн назик, таштан катуу* (уйгурча). *Адам гүлдөн назик, темирден катуу* (өзбекче). *Тилинде бал бар, тил астында заар бар* (таиче). *Алдыдан келсең – доссуң, арттан келсең – кассың* (түркчө).

Кечил да күнөө кылат (кхемерче). *Ширин коондун сабагы (палеги) ачуу: бүтүндүн баары жагымдуу болбойт* (кытайча).

б) *Ар бир жалган кадамдын жакшы жагы болот* (мавританча). *Өгүз өлсө – эт болот, араба сынса – отун болот* (аварча, даргинче, лезгинче, кумыкча, ногойчо). *Уурдарында ууру Кудайга жалбарат* (ассириялыктарча). *Ар бир аял үйүндө бий да, күң да* (азербайжанча). *Үй күйсө эч нерсе эмес, канталалар жок болду да* (корейче). *Күнөөлөнчү да, макталчу да эч бир киши жок* (санскритче). *Жалаң кара ниет, жалаң ак ниет киши болбойт* (карелче). *Адамдын жүрөгү эки жактуу: бир жагы – ак ниет, бир – жагы кара ниет* (соточо). Карама каршы сапаттар түрдүүчө берилген: көмүскө да, ачык да, жалгыздан да, жупташып да. Алардын өз ара толуктоосун, бири экинчисиз жашабоосун элдик тажрыйба прецедент катары карайт. Бул – көнүмүш, баарыбызга түшүнүктүү көз караш.

В**. Айрым заттар ички бир кылкалыкка, биримдикке ээ, айрымдарында биримдик болбойт. Кайсы бир нерселер бүтүн болушат, кээде бүтүндүктү жоготуп коюшат.**

Башталышы да, ортолугу да, акыры да жакшы иш сейрек учурайт (дуалача). *Адамдардын периштеси качан бүтүп, шайтаны качан башталышын эч ким билбейт* (идишче). *Кызыл гүл дайыма эле жакшы жыттанбайт* (корейче). Мында экинчи маани имплициттик түрдө берилген. *Кургакчылыкта да шүүдүрүмдү көрүүгө болот* (жукунча). *Ачуунун да таттуусу болот* (өзбекче, малагас.). *Жумшак төшөктө да кээде катуудай уктайсын* (осетинче). Биринчи макалда үч сапат карама-каршы коюлат. Калгандарында экиден сапат жиктелип, бирок өз ара толукталышы айтылат.

2. **Бир топ макалдарда константалык «Позитивдүүлүк – негативдүүлүк» мааниси үстөмдүк кылат.** Бул маани үч пропозициялык түргө ажыратылат.

А. Бул топтогу макалдар жогоркулардан айырмаланат. Алардын когнитемалык мазмунун төмөндөгүдөй аныктоого болот: **нерселердин ички биримдиги, бирдейлиги бүт көлөмүнүн ар бир бөлүкчөсүнө (кыпынына)**

чейин камтыйт; оң сапаттагы заттар бүт бойдон оң, терс сапаттагы заттар бүт бойдон терс болушат.

а) *Бышкан кант тростниги акыркы күкүмүнө чейин таттуу болот* (тагалча). *Иши оң келгендин корозу да туйт* (комиче, эрзяча). *Бактылуунун корозу да туйт* (орусча). *Бактылуу аңчыга куш өзү учуп келет* (алтайча). *Журт башы эч убакта туура эмес жорук кылбайт* (чембече). *Жакшы ат мүдүрүлбөйт* (тамилче). Бул макалдарга кийинки топтогулар (б) контрасттык катышта.

б) *Иши оң келбеген көлчүккө чөгөт* (корейче). *Ийгилик качса, халвага (албага) тишиң сынат* (азербайжанча). *Иши жүрбөгөндү төө үстүнөн ит кабат* (кыргызча). *Аксак козуга терек жыгылат* (аварча). *Кайык кечиккенде каршы шамал жүрөт, шыптан тамчы өткөндө жамгыр жаайт* (кытайча). *Акылдуусу жок өлкөдө падыша да акмак* (тагалча). Жогорудагы топто (а) нерселердеги позитивдүү сапаттардын өз ара шайкештиги белгиленсе, бул топто (б) терс сапаттардын, окуялардын терс натыйжага алып келиши көрсөтүлөт.

в) *Иши жүрүшкөндүн ити чөп жейт, иши жүрүшпөгөндүн өз аялы да уурдайт* (кыргызча). *Бактылууга эки досу бир келет, бактысызга эки доочу бир келет* (ногойчо). Бул макалдардын формуласы татаалыраак. Контрасттык сапаттагы эки субьект контрасттык сапаттагы окуяларга дуушар болот. Мында жогорку эки топтогу (а, б) мазмун бириктирилип берилет. Бул макалдар терс-оң байланыштарды синтездеп көрсөтөт.

Б. **Нерселердин ички бирөңчөйлүгү бүт көлөмүндө эмес, бир бөлүгүндө гана болот.** Ошол эле учурда оң сапаттагы нерселер кандайдыр бир терс сапатка, терс сапаттагы нерселер кандайдыр бир оң сапатка ээ болорлугу белгиленет.

а) *Көп кокостун ичинде бир былгыганы болот* (илокчо). *Бутуң менен жаңылбасаң, колуң менен жаңыласың* (педи). *Кемчилдиксиз эч нерсе жок* (дуалача). *Утулбаган оюнчу болбойт* (индонез.). *Күндүн да, айдын да темгили бар* (кабардинче). *Айдын да тагы бар* (күрдчө). *Төрт буту бар өгүз да*

жыгылат (кандиче). *Төрт буттуу ат да жыгылат* (орусча). *Ийри дараксыз токой болбойт* (түркчө, мокшача, эрзяча). *Жүнү да узун, куйругу да чоң, жону да калың кой болбойт* (лакча). *Кынтыксыз сулуу болбойт* (зулуча). *Кемчилдиксиз дос издеген доссуз калат* (крымдыктарда). *Тирүү жан оорусуз болбойт* (өзбекче). *Жаза атпаган уучу болбойт, жаңылбаган акылман болбойт* (уйгурча).

б) *Акмактын да бир жакшы жагы болот* (осетинче). *Сасыган чылага да лотос өсөт* (монголчо). *Кемчилдиксиз күң болбойт* (түркчө). *Кемчилдиксиз колукту издеген аялсыз калат* (азерб.). *Дүйнөдө темгили жок карга барбы?* (тажикче). *Бүт кыштак акмак болбойт, акмактардын ичинен да акылдуулар табылат* (адыгейче). Бул макалдарда мурунку кичи топко ыктагандар да бар. Бирок аларга заттардын бирөңчөйлүгүн түзгөн кайсы бир оң же терс сапат жиктелип берилет.

В. Нерселер ички бирөңчөйлүктөргө кээде бүт көлөмүндө, кээде айрым бөлүгүндө ээ болот. Бул когнитема төмөндөгү мисалдарда даана берилген.

а) *Жакшы ат да кээде мүдүрүлөт* (тажикче). *Пил да тайгаланып кетет* (тамил.). *Бака да чөгүп кетет* (кытайча). *Акылман да жаңылат* (индон.). *Тыйын чычкан чапчаң секирет, бирок түшүп да кетет* (минанг.).

б) *Жаман уста да жакшы кылыч сого алат* (япончо). *Жаман дайым эле жаман болбойт* (осетинче). *Акылсыз деле кээде акылдуу сөз айтат* (мокшача, эрзяча). *Киши жаңылат, жар көчөт* (бурятча). *Кудай гана жыгылбайт да, турбайт да* (түркчө, крымдыктарча). Мында бир эле затка эки карама-каршы сапат тиешелүү болушу көрсөтүлөт. Бир сапат туруктуу, экинчиси убактылуу. Биринчиге кайрылып, устанын туруктуу сапаты катары анын начарлыгын, бирок кээде жакшы буюм жасай алышын айтууга болот. Акыркыны алсак, мында улуу күчтүн турушу, бардыгы анын демейдеги сапаты, ал эми жыгылуусу-жыгылбоосу – салыштырып жоромолдоо касиети. Ал эми *Киши жаңылат, жар көчөт* паремиясын карасак, мында туруктуу оң сапаттары көмүскөдө калган. Мындай имплициттик сапат айтылбаган «негизинен

жаңылбайт», «көчпөй турат» маанилеринде берилет. Бул сапаттарды контекст билгизет.

3.4. Биргелик (чогуулук) – бирге эместик (чогуу эместик) маанисиндеги прототиптин паремияларда чагылдырылышы

Төмөндө **биргелик** – **бирге болбогондук** константасына тиешелүү паремиялык учкул сөздөрдү салыштырып беребиз. Бул константа өз ичинен бир нече ири топторго жиктелет. Бул тайпалар инварианттык-пропозициялык мазмунга ээ.

1. Биргелик-бириге албагандык категориясынын мейкиндикте жана убакытта берилиши. Бул инвариант да өз кезегинде бир кыйла когнитемаларды өз кучагына алганын көрүүгө болот.

А**. Түрдүү заттар (карама-каршылары да) дайыма бирге болушат. Бирөөсүнүн бир эле жерде же бир эле убакта болушу экинчисинин да болушун талап кылат.**

а*) Күч бар жерде теңдик жок* (кыргызча). *Күч бар жерде укук жок* (гереро чо). *Киреше бар жерде чыгаша бар* (бенгалча). *Краб бар жерде балык бар* (кытайча). *Досуң бар жерде касың бар* (маврикийче). *Күлкү бар жерде, кайгы бар* (чувашча). *Жаңы бар жерде эски бар* (корейче) ж.б. Көрүнүп тургандай, контрасттык эки кубулуш, эки зат бир мейкиндикте бирге, чогуу жашашы, бирин-бири толуктоосу келтирилген учкул сөздөрдүн мазмунун түзүп турат. Корейлердин паремиясын алсак, анда эски менен жаңынын, жаштык менен улгайгандыктын, тажырыйбасыздык менен тажрыйбалуулуктун, тарых менен учурдун жуурулушуп жошоосу элестетүү берилген. Абазиндерге мүнөздүү *Жакшы чалдар болсо, жакшы балдар болбойт* деген макал да ушул таризде колдонулат.

б) Кээ бир макалдарда эки заттын бирөө активдүү, экинчиси пассивдүү аракетке ээ: *Тарп бар жерде жору бар* (түркчө, алтайча, овамбочо, индонезийче). *Өлүмтүк бар жерде бүркүт бар* (библияда). *Гүл бар жерде*

көпөлөк да бар (вьетнамча). *Халва (алба) бар жерде чымын бар* (түркчө, крымдыктарча). *Бал бар жерде чымын топтолот* (грузинче). Бул мисалдар орусчадан которулган. Бул тилге эллипсис өтө мүнөздүү. Мисалы, вьетнамча макал бул тилде *Где цветы, там и бабочки* деп берилсе, кыргызча *Каерде гүлдөр, ал жерде көпөлөктөр да* түрүндө бере албайбыз. Орусчада түшүп калган *есть* «бар» сөзү кыргызчалаганда тикеленип, тилдин синтаксистик моделине ылайыкталып берилди. Биз бардык сүйлөмдөргө үтүр белгисин койбогонубуз менен, макалдарды татаал сүйлөм катары аныктайбыз. Анткени *Гүл бар* синтагмасы сүйлөмдүк мүнөздө, ага параллелдүү *көпөлөк бар* синтагмасы да – сүйлөм. Экөөндө тең субьект жана предикат бар. Ал эми *жерде* сөзү аларды байланыштырып, байламталык кызмат кылып жатат. Мааниси боюнча да орусча байламта сөздөргө (*где*, *там*; *там*, *где*) дал келет: *Бабочки там, где цветы. – Где цветы, там и бабочки.* Ошентип, бул макалдын кыргызча текстинде да, орусчасында да сүйлөмдөрдүн параллелдүүлүк катышта экендигин оңой эле байкоого болот. Ошол эле учурда **түрдүү этностордун эстутумунда параллелдүү тажрыйбанын болушун белгилей алабыз.**

в) Барчылык менен жокчулуктун, оң сапат менен терс сапаттын, киреше менен чыгашанын, күч менен алсыздыктын ж.б. кошилтиктердин чогуу болушу төмөндөгү учкул сөздөрдө даана көрсөтүлгөн: *Кедейлер болбосо, байлар болбойт* (шорчо). *Үйдө эгин болбосо, чычкан болбойт* (осетинче). *Келесоо болбосо, акылдуу болбойт* (армянча). *Келесоолук менен акылдуулук бирге жүрөт* (овамбочо). *Жолборс менен эчки бир жээктен суу ичет* (хиндиче, урдуча). *Жолборс менен буйвол бир жээктен суу ичет* (бенгалча). *Байлык менен кедейлик бирге жатат* (соточо, кикуйючо). *Киреше менен чыгаша бир арабада жүрүшөт* (крымдыктарда). *Чындык менен жалгандык дүнүйөдө чогуу жүрөт* (дигорчо).

Бул мисалдарда да эки контрасттуу сапаттардын бирге болушу элдик тажрыйба катары ырасталат да, пикир алмашууда, турмушта текшерилген ой формуласы катары колдонулат.

Б**. Түрдүү заттар (карама-каршылары да) эч убакта бирге болбойт. Бирөөнүн бул жерде же бир учурда бардыгы экинчисин ошол жерде жана учурда жоктугун талап кылат.** Бул когнитема да бир нече кичи бөлүнүштөргө ээ.

а) *Киреше бар жерде чыгаша жок* (түркчө). *Жору бар жерде, тарп жок* (кыргызча). *Күч келгенде чындык эшикке чыгат* (грузинче). *Күч келгенде мыйзам сыртка чыгат* (түркчө). *Күн чыкканда жылдыздар жок болот* (санскритче). *Билим бар жерде түркөйлүккө орун жок* (түркчө). *Аял ариеттүүлүгү менен макталса, бул анын сулуу эместигинин белгиси* (идишче). *Арстан ыркыраганда гиена үн чыгарбайт* (овамбочо, ндонгача). *Ач менен ток сырдашпайт* (гагаузча). Бул паремияларда күчтүү менен күчсүздүн, алдуу менен алсыздын, позитивдүү сапат менен негативдүү сапаттын биримдигин, ошол эле учурда өз ара бириге албаганын билгизүү алардын негизги милдети катары бааланат.

б) Төмөндөгү мисалдар Ба тобунда берилген маанинин тетирисин билгизет: *Арстандар кеткенде гиеналар бийлешет* (кикуйючо). *Мышык кеткенде чычкандар бийлешет* (кытайча, ливиялыктарда). *Мышык жокто келемиш бийлейт* (нвихача). *Леопард жокто маймылдар бананга чыгышат* (хайяча). *Ай батканда асманда жылдыздар пайда болушат* (козиче). *Ич ооруганда беттен күлкү качат* (нземача) ж.б. Бул сүйлөмдөрдө да экиден предикаттык түрмөктөрдүн бардыгын айтууга болот: 1) биринчи түрмөктөр: *арстандар кеткен* (*де*), *мышык кеткен* (*де*), *мышык жок* (*то*), *ай баткан* (*да*) ж.б.; 2) экинчи түрмөктөр: *гиеналар бийлешет, чычкандар бийлешет, жылдыздар пайда болушат* ж.б. Булардын өз ара жалганышы татаал түрмөктү пайда кылды. Буларда экиден предикаттык сөз айкалыштары бар. Жатыш жөндөмөнүн мүчөсү байламталык, байланыштыруучулук милдет аткарып жатат. Адатта бул сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүгү сүйлөмдүн жайылма мүчөсү (жайылма мезгил бышыктооч) катары белгиленип жүрөт.

в) Бир кош макалдарда «биргелик – бириге албастык» семантикалык категориясын түзүүчү заттар **кайчы сүлпөтүндө** берилет.

Кыргызча учкул сөз: *Эгер тоо Мухамбет пайгамбарга барбаса, Мухамбет пайгамбар тоого барат* – неологизм. Ал калька түрүндө орусчадан которулуп өздөштүрүлгөн макал. Орусчасы – *Если гора не идет к Магомеду, то Магомед идет к горе*. Бул чыгармада каршы-терши катыш бар:

Мухамбет пайгамбар → тоого
Мухамбет пайгамбарга → тоо

Бул түзүлүштөгү паремиялар башка элдерде да кездешет*: Эгер тростник куруучуга барбаса, куруучу тростникке барат* (кундуча). *Эгер жүк эшекке барбаса, эшек жүккө барат* (тажикче, азербайжанча). *Эгер жүк төөгө барбаса, төө жүккө барат* (ошол эле тилдерде).

г*) Кембагалдын наны болсо тузу жок, тузу болсо наны жок* (шумерче). *Эшек барда үртүк (жабуу) издеди, үртүк тапса эшекти карышкыр жеп койду* (азербайжанча). *Аты барда каамыт издеди, каамыт тапса, атты бөрү жеп алды* (мокша-мордвача). *Күчү барда билбөөчү, билип алса күчү жок* (персче). *Билген сүйлөбөйт, сүйлөгөн билбейт* (түркчө). Буларда да аркы-терки катыш макал уюштуруучулук кызмат кылмакта.

д) Карама-каршы заттардын эч эле биригип кетпестиги, бирге болбостугу ылдыйдагы мисалдарда көрсөтүлөт: *Ак менен кара бир жерде болбойт* (түркчө). *Караңгы менен жарык бирге болбойт, күчтүү менен күчсүз достошпойт* (тангутча). *Карышкыр менен кой бирге жашашпайт* (бурятча). *Карышкыр менен бугу бир болбойт* (якутча). *Жолборс менен эшек бир жашабайт* (вьетнамча). *Эт менен балыкты бир казанда кайнатышпайт* (армянча).

1. Достук – кастык антиномиясы да «биргелик – бириге албастык» константасына баш ийет, мунун бир ири канаты катары кызмат кылат. Достук – кастык инвариантынын чегинде бир нече пропозицияны ажыратууга болот.

А. **Түрдүү нерселер (карама-каршылары да) бири-бирине жакын болуп, дайыма биригүүгө, бир болууга умтулушат. Бирөөсүнүн бардыгы (болушу) экинчисинин бардыгын (болушун) ыктымалдуу кылат.**

а) Кыргызча да, орусча да мындай макал бар: *Карга карганын көзүн чокубайт.* Бул макалга бир нече аналог бар: *Сагызган сагызгандын көзүн чокубайт* (мокша-мордвача). *Карчыга (куш) карчыганын көзүн чокубайт* (удмуртча). *Ар кандай куш (канаттуу) өзүнө окшоштор менен учат* (сомаличе). *Отту от менен өчүрбөйт* (түркчө, тажикче). *Бычак өз сабын кеспейт* (персче, тажикче, язгулямча, армянча). *Балта өз сабын кеспейт* (корейче). *Кылыч өз кынын кеспейт* (түркчө, түркмөнчө, күрдчө). Булардагы жалпылоочу мазмун – жакын, тууган, дос адамдар бирин-бири кыйбайт, бири-бирине тоскоолдук кылбайт, өз ара кыянаттыкка жол койбойт, бирин экинчиси сатпайт, кубаттайт.

Бул кичи топко төмөнкү макалдар ыктап турат*: Бөрү бөрүгө жакын жүрөт, элик эликке жакын жүрөт* (корейче). *Каз каз менен жашайт, ылаачын ылаачын менен жашайт* (түркчө). Буларга кыргызча *Тең-теңи менен, тезек кабы менен* афоризимин да кошууга болот. Бир муундагы адамдар бирин-бири жакшы түшүнөт, позитивдүү мамиле куруша алат. Бөлүк бүтүндүктүн ичинде гана өз ордун таба алат. Бул мазмун келтирилген учкул сөздөрдү жалпылай алат.

б) Карама-каршы заттар бүтүндүктү түзөрү төмөнкү мисалдарда репрезентацияланат: *Оң кол сол колду жууйт, сол кол оң колду жууйт* (хайяча, орусча, сонгиче, педиче). *Оң кол сол колду тазалайт, сол кол оң колду тазалайт* (эвече). *Достук менен кастык – эже-сиңдилер / сестры* (грузинче). *«Жок» менен «бар» - ага-инилер / братья* (дигорчо). *Чыгым – кирешенин бир тууганы* (түркчө, осетинче). *Зыян – пайданын бир тууганы* (күрдчө). *Ит – адамдын досу* (нанайча, орусча). *Ат – адамдын канаты* (кыргызча). *Жакшы дөөтү базгандан коркпойт* (кабардинче). Бардык макалдардын темасын карама-каршы заттар түзүп турат. Алар бири-бири менен ажырагыс байланышта.

Б. **Түрдүү заттар (айрыкча карама-каршылары) бири-бирин жерип турат, бирге болууга умтулбайт. Бирөөсүнүн болушу экинчисинин болбоосун шарттап турат.** Бул пропозиция да бир нече варианттарда берилет.

а*) Бычак өз сабын кесет* (кхмерче). *Букача балык бирин-бири жейт* (корейче). *Атчан жөөнү түшүнбөйт* (тажикче, табасаранча, язгулямча). *Атчан жөөгө жолдош болбойт* (кыргызча, азербайжанча, абазинче). *Ит мышык менен достошпойт* (удмуртча). *Бөрү жылкыга дос эмес* (дигорчо). *Бөрү менен ит дос болбойт* (мордвача, эрзя-мордвача). *Бай кедейди аябайт* (тувача). *Ток ачканы аяйбы?* (өзбекче).

б) Эгер бул макалдарда күчтүүсү чабалына караганда мурун берилсе, кийинки топчодо, тетирисине, чабал заттар күчтүү заттарга караганда алдынан орун алып турат: *Жөө атчанга жолдош эмес* (орусча, армянча). *Кембагал байга жолдош эмес* (малагасийче). *Сокур көздүүгө жолдош эмес* (мариче). *Ылдыйкы эрин өйдөңкүнү көрө албайт* (чаллача). *Түлкүнүн териси өзүнө душман* (адыгейче, кабардинче). *Жарганат жарыктан коркот* (кытайча).

Көрүнүп тургандай карапайым аң-сезимде бирин экинчиси танган пикирлер болот. Көп элдерде *Бычак өз сабын кеспейт* деген макал бар. Анын мааниси бир үй-бүлөнүн, топтун, коллективтин, кландын өкүлдөрү бири-бирине кыянаттык кылбастыгын туюнтат. Ошол эле учурда этностук эстутумда *Бычак өз сабын кесет* деген макал болорлугун көрдүк. Мунун мааниси жакын адамдардын (бир туугандардын, достордун ж.б.) деле принцип үчүн, кызмат үчүн, мыйзам үчүн, саясат үчүн бирин бири колдобой коюшун, «курмандыкка» чалуусун билдирип жатат.

в) Бир кыйла макалдарда бирикпестик «кайчы» түрүндөгү моделдер түрүнө берилет*: Адам жолборстон коркот, жолборс адамдан коркот* (кытайча). *Киши жыландан коркот, жылан кишиден коркот* (тхончо). *Ит тилемчиден коркот, тилемчи иттен коркот* (түркмөнчө). *Жылан таяктан коркот, таяк жыландан коркот* (тивче). *Бай кедейди аябайт, кедей байды аябайт* (якутча). Буларда субьект карама-каршы сапаттагы эки зат эле болсо, төмөндөгү макалдарда алардын түзүмү татаал: субьект үчөө, обьект экөө: *Конок конокту сүйбөйт, үй ээси болсо экөөн тең сүйбөйт* (кумыкча, түркчө, даргинче, чеченче, грузинче). *Ууру ууруну сүйбөйт, мүлк ээси болсо экөөн тең сүйбөйт* (тажикче). *Келин келинди сүйбөйт, кайнене болсо экөөнү тең*

сүйбөйт (дигорчо). *Тилемчи тилемчини сүйбөйт, кудай болсо экөөн теңсүйбөйт* (армянча). Биринчи сүйлөмдөрдө экиден субьект бар. Алар бирин-бири жактырбайт. Экинчи сүйлөмдө үчүнчү субьект айтылат *(үй / мүлк ээси, кайнене, кудай)*. Булар үчүн мурунку сүйлөмдөгү кошок субьекттер обьекттик кызмат кылып калат да, субьекттин аларга болгон жактырбоосу баяндалат.

г) Карама-каршы сапаттагы эки заттын бирикпөөсү төмөндөгү афоризмдерде сыпатталат*: Суу менен май кошулбайт* (ассамча, бенгалча). *Ток менен ач бирин-бири түшүнбөйт* (абазинче). Кыргызчалары: *Ток ач менен ойнобос. Ток бала ач балага карабайт. Ток бала эч нерсени ойлобойт, ач бала ток бала менен ойнобойт. Ток ит ач иттин куйругун тиштейт* (М. И.,545-б). *Төөчөн менен жөө сүйлөшпөйт* (бурятча). *Леопард менен эчки сүйлөшпөйт* (няньгча). Буларды бирдей же жакын жагдайда колдонууга болот. Мисалы: социалдык статусу же мүнөзү ар түрдүү адамдардын өз ара түшүнө албастыгын билдирүүдө буларды колдонууга болот.

В. **Айрым заттар (карама-каршылары да) бири-бирине умтулушат, жакындашат, кээлери бири экинчисинен оолактайт, алыстайт. Кээде алар жакындашат, кээде эрегишет, таймашат, касташат.** Бул когнитема да бир канча паремияларда материалдашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон.

Бири-биринен алыс болсо да эки киши кошулат, бири-бирине жакын болсо да эки дарак кошулбайт (бурятча). *Эки киши кошулат, эки тоо кошулбайт* (тувача). *Эки тоо кошулбайт, эки адам кошулат / Эки тоо кошулбайт, эки киши көрүшөт* (М. И., 605 б.). Бул макал түркчө, крымдыктарда, казактарда, ивритче, ливиялыктарда учурайт. Орусчасын, караңыз: *Гора с горою не сходится, человек с человеком сходится.* Ушул эле маани арабча *Адамдын касы – акылсыздык, адамдын үнү – эстүүлүк деген* паремияда бар. Мында адамдын эки жуп сапаты бири-бирине каршы коюлуп (*акылсыздык- эстүүлүк, дос- кас*) өз ара ажырымдуулугу айкын көрсөтүлүп турат.

3.5. Өз ара багынычтуулук – багынычсыздык

константасы паремияларда

Бул константанын формуласы «Эгер бир зат болсо, экинчи зат да болот» катары туюнтууга болот. Бул жалпы модель-конструкт. Этностордун эстутумунда анын өзүнчө орду бар, бир нече ички бөлүнүштөргө ээ боло алат.

1. **Шартка багынгандык – багынбагандык** инварианттык маани бир кыйла когнитемалар аркылуу жүзөгө ашат.

А. **Бир заттын бардыгы экинчи заттын бардыгын шарттайт**. Бир заттын болушу экинчи заттын болушун талап кылат. Эгер бир зат бар болсо, экинчи зат да бар болот.

а) *Мүйүздөр болсо, кулактары да болот* (малагас.). *Ун болсо, нан да болот* (тамилче). *Өйдөлүш бар жерде ылдыйыш да болот* (бирмача, кабардинче, күрдчө). *Булутта шамал болсо, дарыяда толкун болот* (кытайча). *Асман күркүрөсө, жамгыр болот* (күрдчө). *Бычак болсо, кын болот* (якутча). *Бийлик болсо, тарапкер табылат* (корейче). *Итти ургуң келсе, таяк табылат* (идишче). *Киши өтсө, из калат* (осетинче). *Ат оонаса, түк калат* (кыргызча) ж.б. Бардык сүйлөмдөр татаал түзүлүштө. Биринчи бөлүгү – шарттуу багыныңкы сүйлөм. Баш сүйлөмдө натыйжа берилет. Бул натыйжа биринчи бөлүктүн туундусу катары белгилене алат. Бардык сүйлөмдөрдө “шарт - натыйжа” катышы бар. Шартты түзгөн субьект үстөмдүк сапатына ээ.

б) Экинчи кичи топтогу макалдарда шарт даана берилбейт. Өз ара байланышкан эки кубулуш бирин-бири талап кылып турат.

Уктабай түш көрбөйт (баулече). *Ишсиз дем алыш болбойт* (пуштуча). *Өлүм жокто тажыя болбойт* (корейче). *Түйүлдүксүз бир да бала туулбайт* (илокчо). *Шамалсыз чөп кыймылдабайт* (түркчө, армянча). *Шамалсыз жалбырак/ дарак кыймылдабайт* (мариче, якутча). *Шамалсыз дарактын башы кыймылдабайт* (кыргызча, өзбекче, тажикче). *Жок нерсени храмдан да таппайсың* (корейче). *Күрүчсүз эч бир эпчил аял ботко бышыра албайт* (кытайча). *Каалабасаң төөнү да көрбөйсүн* (кара-калпакча). *Сүзө албасаң сууга түшпө* (уйгурча).

Бул макалдардын бардык предикаттарында тануу мааниси бар: буларда тигил же бул кыймыл-аракеттин орун албагандыгы белгиленет. Анын себеби – ошого ылайык кыймыл-аракетти пайда кылуучу кубулуштун жоктугу. Башкача айтканда, баяндоочтогу тигил же бул сапаттын, кыймылдын, аракеттин жоктугу бул сапатты жаратуучу кубулуштун жоктугу менен шартталат. Бардык сүйлөмдөрдө эки жолу тануу формасы колдонулган: 1) *-сыз, -сиз, -суз, -сүз* мүчөсү же *жок* сөзү; 2) баяндоочтогу *-ба, -бе, -бо, -бө;-па, -пе, -по, -пө* мүчөлөрү. Кийинки мүчө биринчи сүйлөмдө гана эки ирет берилет.

в) Келтирилген топко төмөнкү паремиялар да ыктап турат: *Кыксыз, нымсыз гүл өспөйт* (аварча). *Уюткусуз айран уюбайт* (күрдчө). *Жипсиз эски төшөктү да тиге албайсын* (чувашча). *Көрбөгөндү каалабайсын* (лезгинче). *Корозсуз таң атпайт* (түркчө, азербайжанча). *Сууга түшпөй сүзүүгө үйрөнө албайсын* (эрзяча, башкырча). *Карышкыр жокто койчуман керек болбойт* (осетинче). Бул мисалдарда кош тануу оң пикирди жаратты: *Кыксыз, нымсыз гүл өспөйт.= Кык, ным болсо гүл өсөт.* Демек, жуп тануу оң маанини билдирип турат. Ошондуктан бул сүйлөмдөр трансформацияга мүмкүндүк берет. Алардын баары өзгөрүлө алат да, оң пикирди жарата алат: *Койчуман карышкыр барда керек, уютку менен айран уюйт* ж.б.

Төмөнкү топтогуларда тануу каражаттары кездешпейт, нерселердин бирин-бири шарттоосу, паремиялардын ички мазмунунда берилет. Мисалдарга кайрылып, аларда көбүнчө терс кыймыл аракеттерди лексикалык каражаттар аркылуу туюнтууга болорлугун байкоого болот.

Мисалы: *Чакмак тутанса, өрт чыгат* (тувача). *Тыйын чычкан чаңырса, бир нерсе көрүп турат* (кундуча). *Тепши болсо чочколор табылат* (бурятча). *Лейлини көрүш үчүн Межнундун көзү болуш керек* (уйгурча). *Сүйсөң келбетсиз да сүйкүмдүү көрүнөт* (малагасийче). *Сүйгөнүңдүн бетиндеги быткылы да жагымдуу көрүнөт* (бирмача, японча). *Чочконун мүйүзү болсо, бүт дүйнөнү талкаламак* (осетинче). *Киши тикен аралап жөн чуркабайт: же ал жыланды кубалап баратат, же аны жылан кубалап баратат* (йорубача,

нулече). *Лиананы тартсаң, бадалды да кошо тартасын* (жаггача). Лиана – чырмалып өскөн тропикалык дарак.

Бул паремиялар маанилери боюнча жалпылыкка ээ. Алар түркүн этностордун ойтутумунда окшош фреймдердин, пропозициялардын болушун, алардын параллелдүү жашай беришин тастыктайт .

Акыркыдан мурунку сүйлөм татаал түзүлүштө: ал үч жөнөкөй сүйлөмдөн турат. Биринчиси жалпылоочу мааниде да, натыйжаны билдирет. Аракеттин себеби, кыймылдаткыч күчү кийинки эки сүйлөмдө. Мында жоромол берилет: жетүү–качуу карама–каршы аракеттери – биринчи аракеттин жүйөөсү. Кийинки жоромол маанисиндеги пикирлер өз ара параллелдик катышта уюшкан:

Же ал жыланды кубалап баратат,

Же аны жылан кубалап баратат. Бул жандаш сүйлөмдөрдө субьект менен обьект кайчылаш колдонулуп, өзгөчө хиазмды жаратып турат. Бул хиазм макалга көрк, таасирдүүлүк, юмор берип жаткандай көрүнөт.

Кайсы бир паремиялардагы пропозициялык параллелдүүлүк жогоруда келтирилгендерден кыйла татаалыраак. Этнос аралык параллелдүүлүктү көп учурда сүйлөм аралык параллелдүүлүктүн коштоп жүрүшүн оңой эле байкоого болот. Бул учурда аталган когнитема кошоктолуп, бир сүйлөмдө эки жолу берилип калат.

Сүйүп калсаң – маймыл да сулуу, сүйбөсөң – лотос (гүл) да көрксүз (кытайча). *Даярын же, жогун издебе* (тагалча). *Тоо ыйласа – талаа ыйлайт, талаа ыйласа – тоо ыйлайт* (корейче). *Жолборс токойду сактайт, токой жолборсту сактайт* (бенгалча). Кийинки экөөндө аркы-терки байланыш бир. Бул фигураны да хиазм десек жарашат:

1. тоо → талаа
талаа → тоо

жолборс → токойду
токой → жолборсту

Хиазм термини байыркы грек графикасындагы *X* тамгасынын атынан пайда болгон. Ал кайчылаштыкты туюнтат.

Кыргыз элинин паремиялык фондунда мындай бири экинчисин шарттоочу прецеденттүү пикирлердин нерархиялык татаал байланыштагы түрлөрү кездешет. Мисалы: *Мык таканы сактайт, така туякты сактайт, туяк атты сактайт, ат эрди сактайт, эр элди сактайт, эл жерди сактайт* (2-бапты караңыз). Андагы маанинини «а *б*-ны сактайт, «*б в*-ны сактайт,*в г*-ны сактайт...» формуласы аркылуу туюнтууга болот. Өз ара байланыш көлөмдүк жактан, масштабдык жактан кеңейип чоңое берет да, жалпы, күчтүү эффективтүү мазмун жарата алат. *Мык* түшүнүгүнөн *жер* түшүнүгүнө чейинки аралыкты толтурган аралык түшүнүктөр макалдын мазмунун түзө алды. Мазмундук ырааттуулуктун негизин «өз ара багынычтуулук – багынычсыздык» константасы жаратып турат.

Б**. Бир заттын бардыгына (болушуна) экинчи заттын бардыгы (болушу) баш ийбейт.** Бир зат бар, экинчи зат жок. Бул пропозиция бир нече типтеги макалдарда берилет.

а) Шамал жүргөн менен тоолор кыймылдабайт (япончо). *Асмандагы куштун изи көрүнбөйт* (бирмача). *Ат бар, чаба турган жер жок* (азербайжанча). *Бирөөн тапсаң, бирөө жок* (ньянгча). *Мен канзадамын, сен канзадасың, а эшекти ким айдайт* (ливиялыктарда). *Мен биймин, сен бийсиң, а эгинди ким бастырат* (түркчө). Сүйлөмдөрдүн биринчи бөлүктөрүндө реалдуу аракеттер, булардын атоолору бир *(шамал жүргөн, асмандагы куш, ат бар* ж.б.), экинчи бөлүгү аларга карама-каршы келет. Макалдардын эки бөлүгүнүн ортосунда шайкештик, бирин-бири колдоо көрүнбөйт. Макалдарда тамаша, мыскылдын элементтери бар.

б) Кийинки топтогу макалдардын биринчи бөлүгүндө тануу мааниси бар. **Болбогон, ишке ашпаган эле аракеттер биринчи бөлүктө, алардын натыйжалары экинчи бөлүктө берилет.**

Шамал жок эле жалбырактар дирилдейт (сундача). Мында сүйөөктөр, ушакчылар жөнүндө сөз болот. *Уктабай эле түш көрүптүр* (кабардача). *Шамал жок болсо да, бир метр бийиктиктеги толкун бар* (кытайча). *Мечит курулбай эле тилемчилер турушат / Мечит али жок, бирок кайырчылар*

турушат (арабча). *Мылтык жокто элик жолугат* (уйгурча). Көрүнүп тургандай, макалдарда улуттук, регионалдык, диний ж.б. бөтөнчөлүктөр да чагылдырылган.

в) Бул топчодо да **эки заттын болуш-болбошу бири экинчисине баш ийбейт.** Караңыз: *Сасык жыт бар – тарп көрүнбөйт* (индон.). *Сасык жыттанат – өлүмтүк жок* (минангча). *Өлүктү унутуп калтырышып, көрканага келишти* (малаг.). *Сурабаса деле жооп берет* (түркчө). *Бир гүл менен жаз келбейт* (күрдчө). *Аңчы ууга чыкпаган күнү каман ийининен чыгат* (гереочо). *Короз жок жерде деле таң атат* (зулуча). *Молдо жокто деле мечитте намаз окулат* (урдуча). *Мал келмейинче кеч кирбейт деп ойлойсуңбу* (лезгинче, татча). Кийинки мисалда *–бе* (*кирбейт*) мүчөсү оң мааниде, ал суроодогу күмөндөөнүн гана көрсөткүчү. Макалдын мазмунун оң түшүнүү керек: *Мал (пада) келмейин деле / мал (пада) келбесе деле кеч кирет.* Бул трансформада күмөндөө жоюлуп берилди.

г) Бир нече паремияларда окуя аталган затка (субьектке, себепке, күчкө ж.б.) баш ийбестиги көрсөтүлөт. *Кишинин акылы жашына / боюна карабайт* (тажикче). *Акыл адамдын чоң-кичинелигине, эркек-аялдыгына карабайт* (дигорчо). *Короздун кыйкырганына карабай таң атат* (тамилче). *Короз кыйкырат, бирок таң атышы кудайдан?* (ливиялыктарда).

Буларды бириктирип турган идея мындай: макалдагы эки тема (эки предмет, нерсе) бири-бирине багынбайт да, байланышпайт да. Алардын байланыштары шарттуу. Короздун кыйкырышы таңдын атышына сигнал боло алат, бирок ага себеп эмес.

В. Бир заттын болушу же бардыгы экинчи заттын болушуна же бардыгына себеп болот, кээде себеп болбойт.Үчүнчү заттын болушу кайсы бир заттардын болушуна багынычтуу, кайсы бир заттардын болушуна багынбайт.

Корозсуз эле таң атат (комиче, күрдчө, армянча). *Короз кыйкырбаса деле таң атат* (кабардинче). *Короого мал келбесе деле кеч кирет* (кубача). *Ташты ылайга ыргытпа: өзүңө чачырайт* (тамилче). *Бокту чапса бетке*

чачырайт / Бокко чалма атсаң бетиңе чачырайт (кырг.). *Теке себепсиз үркөт, бирок себепсиз аксабайт* (сомаличе). *Жесең – ичиң көбөт, жебесең да – ичиң көөп кетет* (ньянгча). *Мактаган неселердин баары эле мактоого арзыбайт* (аканча).

Бул мисалдар так бир формулага баш ийбегени менен жогорудагы когнитемалык мазмунга ыктап турат. Айрымдары мурда эле башка позициядан каралган болчу.

2.**Ажырабоочулук – ажырымдуулук** инваринттык маани да бир нече кичи түрлөргө жиктеле алат.

А. **Бири-бирине багынычтуу заттар өз ара ажырагыс болуп, өтө тыгыз байланышта учурайт. Бир зат бар жерде экинчиси да бар.**

а) *От бар жерде түтүн бар* (комиче, карелче, осетинче). *Чагылган болгондо күн күркүрөйт* (мокшача, эрзяча). *Жөргөмүш бар жерде тор болот* (корейче). *Аары бар жерде бал болот* (адыгейче). *Суу бар жерде балык бар* (таича). *Тырмак эттен ажырабайт* (өзбекче, тажикче). *Тырмакты этим менен гана суурасың* (уйгурча, шугнанча). Бул макалдардагы заттардын бирин-бири талап кылып, бири-бирине багынып, туташып турганын көрүүгө болот.

Бул макалдарда С+П (*От бар, чагылган болгон-, жөргөмүш бар, суу бар, аары бар*) түрмөктөрү туунду С+П түрмөктөрүн (*түтүн бар, күн күркүрөйт, тор болот, балык бар, бал болот*) шарттап турат. Ар бир сүйлөмдө экиден предикаттык айкаш бар, биринчилери негиздүү, экинчилери туунду. Кыргыздын ойтутумунда татаал параллелдүү макалдар кездешет.

От бар жерде түтүн бар, суу бар жерде береке бар

От бар жерде түтүн бар, суу бар жер деп атың бар (Ибрагимов, 457 б.).

Эки макал параллелдүү 10 жуп сөздөн, төрт жуп предикаттык айкаштардан турат: *от бар – түтүн бар, суу бар – береке бар* ж.б.

б) Кийинкилерде ушул эле маанилер терс катышта берилет. Буларда жоктукту, танууну, тетириликти билгизүүчү сөздөр жана мүчөлөр бар.

От жок болсо, түтүн болбойт (бурятча). *От жокто мештен түтүн чыкпайт* (корейче). *Отсуз түтүн жок* (индонезийче, кыргызча, орусча, абазинче). *От жок жерде / учурда түтүн жок* (япончо, тажикче, кабардинче). *Нерсе жок болсо, көлөкөсү да жок* (япончо). *Адам кетсе, аны менен укуктары да кетет* (маврикийче). *Дарыя соолуса, балык жоголот* (амхарача). *Суу агып кетсе, балык калабы* (козиче). Жоктукту *жок, жогол- кет -, соолу–* уңгулары, сөздөрү, *-сыз, -сиз..., -ба, -бе...* мүчөлөрү туюнтту. Акыркы сүйлөмдөгү *–бы* суроо-күмөндөө, ишенбөө маанисиндеги мүчөдө да тануу камтылган.

в) Айрым макалдарда «себеп – натыйжа» ооштурулуп берилет: *Түтүн чыккан жерде от күйөт* (тхончо). *Түтүн бар жерде от бар* (орусча). Орусча макал эллипсис түрүндө: *Где дым, там и огонь*. Аны кыскача которууга болбойт, кыргызчалаганда эллипсис жанып кетет. Орусча башка трансформа бар: *Нет дыма без огня* (пункт б). *Бал бар жерде аары бар* (түркчө, азербайжанча). *Музоо бар жерде уй болот* (ассириялыктарча). *Көлөкөңдөн качып кутула албайсың* (удмуртча, жукунча). Жогоруда: *Нерсе жок болсо, көлөкөсү да жок.* Бул эки паремияда «себеп-натыйжа» орун алмашып калган. *Меш оттон качып кутулбайт* (весамча). *Суу эч убакта жолунан кайтпайт* (кволиче, кундуча).

Бул макалдар Аб тобундагыларды кайчы түрүндө толуктайт. Ав тобунда «себеп – натыйжа» кош илтиги чогуу же тетири (себеп = натыйжа, татыйжа > себеп) формада берилген.

г) *Кумсуз дарыя болбойт* (хакасча). *Күркүрөөсүз чагылган болбойт* (лигасча). *Көлөкөсүз жарык болбойт* (япончо). *Толкунсуз деңиз жок* (индонез). *Түтүнсүз от болбойт* (орусча). *Ит үрбөй жашай албайт* (удмуртча, карелче). *Ыштанды суу кылбай балык кармай албайсың* (крымдыктарда). *Бутуңу суу кылбай балык тутпайсың* (вьетнамча). *Балакеттер түгөнсүн деп тилебе: балакет түгөнсө, жашоо да түгөнөт* «Кыйынчылыксыз жашоо болбойт» (идишче). Кийинки макал көлөмдүү болгону менен мааниси жогоркулардай эле. Баарында кош тануу бар. Бирок

буларда эки заттын бири-бирисиз жашай албагандыгы көрсөтүлөт. Биринчи тануу көбүнчө - *сыз* мүчөсү аркылуу туюнтулат.

д) Айрым макалдарга хиазм мүнөздүү. Заттардын өз ара багынычтуулугу тиешелүү аталыштардын аркы–терки кайталанып колдонушу аркылуу белгиленет. *Бычакка кайрак керек, кайракка бычак керек* (квеличе, козиче). *Арка кабыргаларды кармайт, кабыргалар арканы кармайт* (калмакча). *Ушакчы – дайыма алдамчы, алдамчы – дайыма ушакчы* (азербайжанча). *Бирөө сенин тушуңда турса, сен анын тушундасың* (козиче). *Аларман жок, сатарман эмне кылсын? Сатарман жок, аларман эмне кылсын?* (крымдыктарда) ж.б. Паремиялардын темасын түзгөн заттардын аталыштары кайчы түрүндөгү катышта. Аларды сызык аркылуу белгилеп, төмөнкүдөй схемалары ээ болобуз:

бычак — *кайрак* *аларман* — *сатарман*

кайрак — *бычак* *сатарман* — *аларман*

Б. **Өз ара багынычтуу заттар бири-биринен ажырымдуу эле**. Бир зат бир жерде, экинчиси башка жерде болушу мүмкүн. Бирөө бир жерде туруп, экинчиси жок деле боло берет.

а) *Күйдүм, күйдүм, күйдүм чок, «Күйдүм» - десем, түтүн жок* (кыргызча). *Жүрөктө от жанат, бирок түтүн жок* (удмуртча). *Күйүп жатат, бирок түтүн жыттанбайт* (индонезийче). *Тилде сөөк жок, чакмактын отунда түтүн жок* (бурятча). *Жыландын башын жанчсаң да, куйругу кыймылдай берет* (кубачинче). *Жыландын башын кессең деле, куйругу ороло берет* (башкырча). *Күн күркүрөп, чагылган тийди, а жамгыр кана?* (абазинче). *Эт болбосо, ансыз эле загыра наныңы жей бер* (гача).

Б) *Кулагын кессең эле укпай калбайт* (амхарача). *Көлдү суу кылбай балык кармаптыр* (япончо, бенгалча). *Сууну ылайлабай балык кармаптыр* (кхмерче). *От көрүнбөйт, түтүн болсо кетип жатат* (тагалча).

Эки топчодогу макалдарда жалпылык бар. Баарында өз ара байланыштуу кубулуштар жөнүндө сөз болот. Бирок алардын ар бири өз алдынча жашай берет, биринен улам экинчиси токтоп калбайт.

3.6.**Туундулук-туунду эместик константасы катышкан учкул сөздөр**

Бул түзүлүштөгү накыл сөздөр паремиялык фонддо кенен таркаган. Ал көптөгөн макалдардын башын бириктирип, буларды салыштырып кароонун негизи боло алат.

Аталган константа бир нече ички топторго ажыратылат. Бул кичи топторду инвариант термини менен туюнтууга болот.

1. **Нагыз туундулук жана туунду эместик** – инварианттык мазмундагы көптөгөн паремияларды кошуп кароону талап кылуучу маани.

А. Бир зат экинчи затты жаратат же тууйт. **Эгер жаратуучу зат болсо, анда жаралуучу зат дагы болот.** Туунду зат менен туудуруучу зат өз ара тыгыз байланышта. Бул когнитема бир нече жалпы түзүлүштөгү учкул сөздөрдө параллелдүү маанилерди уюштуруучу инвариант катары колдонулат.

а) *Сөз сөздөн чыгат, сүйлөбөсө эмнеден чыгат* (кыргызча, казакча). *Сөз сөздү жаратат, кеп кепти жаратат* (якутча). *Сөз сөздү жаратат* (азербайжанча, персче, армянча). *Илим имишти тууйт* (корейче). *Отун күлдү жаратат* (зулуча). *Үмүт жүрөктүүлүктү тууйт* (тагалча). *Шектүүлүк карааны тууйт* (япончо). *Пил чымчыкты тууптур* (крымдыктарда). *Пил арсты тууптур* (түркчө). *Зарылдык – тапкычтыктыктын энеси* (урдуча, япончо). Бул когнитема кыргызча варианташкан көп макалдардын өзөгүн түзүп турат: *Эчки эгиз, иттики сегиз, арстандыкы жалкы, жалкы болмок кимдин баркы.Эчки эгизди тууйт, ит сегизди тууйт, жолборс бирди тууйт, бир жолборс миң иттин жолун буйт. Эчки эгиз туун, койдон ашпайт. Эчки эгиз туун койдон ашпайт, дарыя ташып тоодон ашпайт*. Мунун баарында « Эчки эгиз тууйт» мааниси бар. Бирок бул маани башка маанилер менен салыштырылып берилет да, койдун, иттин, жолборстун туушуна караганда элде анын төмөн бааланышын тастыктайт. Ал эми 1) *Эчкиң болсо, сүт да болот*; 2) *Эчкини сааса булак, ичи толгон улак, териси эгинге кап, мүйүзү*

бычакка сап, тогуз карын майы, токсон чакмак куруту бар эле (М.И., 635б.) эки макалда алардын темасын түзгөн жандык адам үчүн керектүү көп азыктарды, буюмдарды, төлдү бере турган баалуу башат катары сыпатталат.

Бул макалдарга тутумдаш эле *Отун күйсө, түтүн болот* (чувашча). *Булут барда жамгыр бар* (удмуртча) паремияларында да бир заттын башаты, жаратуучусу экинчи зат болорлугу элдик байкоого негизделген салмактуу пикир катары мүнөздөлөт.

Ушул топко парадокстук мааниси бир макалдарды да кошууга болот: *Тоок жумурткадан чыгат, жумуртка тооктон чыгат* (тхончо). *Сүйүнүчтө кайгынын үрөнү болот, кайгыда кубанычтын үрөнү болот* (япончо). Буларда эки зат бирин-бири жарата алышы тууралуу сөз болот. Алардын логикасы негиздүү. Кошмок сүйлөмдөрдө өз ара параллелдүүлүк бар. Бул жупташтыкты уюштуруучу фигура катары хиазм кызмат кылмакта.

б) Жогорудагы мазмундагы эле сүйлөмдөргө танууну, жоктукту билгизүүчү каражаттар жалганып да, элдик тажрыйбаны туюнтуучу учкул сөздөрдү пайда кылат: *Сүйлөбөсөң - сөз жок, жонубасаң - тараша жок* (чувашча). *Асманда булут болбосо, жаан жок, жүрөктө кайгы болбосо, көздө жаш жок* (чеченче). *«Булут болбосо жамгыр жок, күн болбосо жылуулук жок», - деп чын айтышат* (линангча). *Булутсуз жамгыр болбойт, адамсыз иш болбойт* (кытайча). *Булутсуз жамгыр болбойт* (татарча, кыргызча, кабардинче). *Атаң болбосо – сен болмок эмессиң* (кундуча). *Булутсуз жамгыр болмокпу?* (арабча).

Бул макалдарда терс көрсөткүчтөрү кайталанып оң маанини бергендигин байкоого болот. Баарында позитивдүү мазмун бар. Акыркы эле суроолуу сүйлөмдү алсак, ал трансформацияланып бир нече түргө өзгөрүлө алат:

1. *Булут менен жамгыр болот го. 2. Булут жамгырды алып келет.3. Жамгырды булут гана алып келеби?* ж.б. Бул варианттар макалда берилген чындыкты түрлөп гана атайт. Калгандары деле вариантташа алат. Варианттар көп болгону менен ички жалпы мазмун бирдей.

в) Позитивдүү маани **контрасттык катыштагы заттардын алакасын камтыган** төмөнкү макалдарда да бар: *Утулуу – ийгиликтин энеси* (корейче). *Жарык караңгыда туулат* (түркчө). *Күмөндөө чындыкты жаратат* (япончо). *Дарак уруктан өсүп чыгат* (арабча). *Кичинекей катадан чоң балээ жаралат* (бурятча). *Кара жер ак нанды жаратат* (идишче). *Баатырды жеңиш жаратат* (тамилче). Бул макалдарда карама-каршы сапаттагы же бири-бирине окшобогон, өз ара айырмалуу заттардын бирин-бири жарата алышы тууралуу сөз болот: *утулуу-ийгилик, жарык-караңгы, күмөндөө-чындык* ж.б. Биринчи макалда утулуу адамды намыстантып, ардантып, күчөнтүп коюусу, кийинкилерде жарыкка караңгынын фон болушу, күмөндөө изденүүгө түрткү болорлугу ж.б. байланыштар аталат.

Б. Бир зат экинчи затты жаратат. **Жаратуучу заттын болушу бардыгы жаралуучу заттын болушун (бардыгын) талап кылбайт, шарттабайт**. Бул когнитемага ылайык мисалдар анчейин көп эмес: *Куруган даректан мөмө ала албайсың* (түркчө). *Куру сөздөн пайда жок* (бурятча). Кыргызчалары: *Куру сөздөн май чыкпайт. Куру убададан курсак тойбойт. Куру сөздөн маани чыкпайт. Куру сөздөн май чыкпайт, курмушудан тон чыкпайт. Куру сөз курсак тойгузбайт, куру кеп кулакты тойгузбайт. Куру кепке кардың тойбойт. Куру намыс көрк бербейт* (М.И.404-405 бб.). *Бастырылбаган жумурткадан жөжө күтпө* (хаусача). *Оттун кыпыны түтүн чагарбайт* (монголчо). *Булутсуз эле жамгыр жааган күн да келер* (аканча). *Булутсуз эле жамгыр жаайт* (удмуртча). *Эң жакшы кумура да май бербейт* (квеличе). *Кичинекей жамгырдан ташкын болбойт* (индонезийче) ж.б. Макалдардын темасын түзгөн заттар экинчи затты жаратат. Аларда ушул таризде сөз жүрөт. Бирок ал зат жаралуучу заттын болушун шарттабайт. Анткени күтүлгөн натыйжаны алууга жаратуучу заттын чамасы көп учурда жетпейт, буга ылайыктуу шарт болбогондугу да негиз болот.

В. Айрым нерселер башка нерселерди жарата алышат, бирок жаратышпайт. **Кээде бир нерсе экинчи нерсени жаратат, кээде жаратпай деле коет.** Мисалдарга кайрылалы: *Чагылган дайым эле күркүрөбөйт*

(корейче). *Ар бир жумурткадан эле жөжө чыга бербейт* (азербайжанча, түркчө). *Бардык эле дарактар мөмө байлабайт* (аканча). *Бардык эле дарактар гүл албайт* (волофчо). *Жүрөк көрө албастыкты жаратпайт, сөз жаратат* (шумерче). *Сууда бала болот, отто бала болбойт* (жакшы,жаман адамдар жөнүндө, фульбече) ж.б. Бул макалдарда жалпылоочу маани катары заттардын жаратуучулук касиети чектүү экендигин, дайыма эле жаратылуучунун болушун талап кылбастыгы катары белгиленет.

2. Нерселердин **башталуусу - башталбоосу** да – өзүнчө инварианттык маани. Бул маани эки пропозицияга бөлүнөт.

А) Бир зат экинчи затты баштайт. **Бир заттын болушу экинчи заттын башталуусун талап кылат же шарттайт.** Бул когнитемага дал келген мисалдар арбын эле.

а) *Билим - күмөндөөлөрдүн башаты* (корейче). *Курулай шектенүү - оорунун башаты* (бирмача). *Жолугушуу – коштошуунун башталышы* (япончо). *Бир иш экинчи ишти ээрчитип келет* (педиче). *Өзгөчө сылыктык суранычты алып келет* (кытайча). *Жөтөл кусууга алып келет* (сонгиче). *Айлакерлик акылсыздыкка алып келет* (түркчө). Бул учкул сөздөрдө жалпы маани бир: айрым нерселер башка нерселердин жаралышына, түптөлүшүнө, өнүгүшүнө түрткү болот, карама-каршы нерселер да оошуп, бирине-бири негиз боло алат.

б) *Ааламга жол айылдан башталат* (кыргызча). *Он миң ли жол биринчи кадамдан башталат* (корейче). *Тогуз баскычтуу мунара да жерден башталат* (япончо). *Эң бийик мунара да жерден башталат* (дигорчо). *Калакчылардын ыры ышкырыктан башталат* (ар кандай иш байкалбай башталат, дуалача). *Кандын төгүлүшү араздашуудан башталат* (библияда). *Согуш анча-мынча ок чыгаруудан башталат* (осетинче). *Байлык майдадан башталат* (кытайча). *Тамчы таамп көлчүктү пайда кылат* (арабча, карелче). Бул макалдарда «бүтүндүк-бөлүк» мааниси да бир. Ар кандай ири иш, чоң окуя, улуу жүрүш башатка ээ, алардын башаты болуп кичинекей эле бөлүгү кызмат кылат.

Ушул топко төмөнкү паремия да ыктап турат: *Кедейчиликтен баштабаган бир да бай болбойт* (тагалча). Бул мазмуну боюнча жогоруда келтирилген кытайдын макалына тектеш.

Б. Бир зат экинчи затты баштабайт. **Бир заттын болушу экинчи заттын башталышы боло албайт,** анын пайда болушун шарттабайт: *Жамандык жакшылыкка алып келбейт* (мокшача, эрзяча). *Аары ишин уюгунан баштабайт* (кикуйюча). *Сый тамактан баш тартуу араздашууга алып келбейт* (аканча).

Келтирилген туундулук - туунду эместик, башталыш - уланыш сыяктуу инварианттык маанилер этнос аралык окшош, бири-бирине жакын накыл сөздөрдө берилерин көрдүк.

3.7. Катарлаштык-катарлаштыктын бузулушу накыл сөздөрдө

Бул константа убакыттагы, логика-ойдогу ыраттуулукту чагылдырат. Нерселер, окуялар, аракеттердин биринин артынан бири келиши же келбеси учкул сөздөрдө өзүнчө чагылдырылат. Бул константа эки чоң тайпага ажыратылат:

1. Тизмекшештик – тизмектештиктин бузулушу.
2. Оошуп алмашуу – оошуп алмашпастык

Биринчи тайпа үч инварианттык мазмун аркылуу ишке ашат.

А. **Нерселер же аракеттер бири-биринин артынан белгилүү тизмекте жайгашат: алгач бир нерсе, артынан экинчи нерсе жүрөт, тартиптин эч бузулбастыгы керек.** Бул маани көптөгөн макалдар аркылуу берилет.

а) *Жаңгакты жеш үчүн аны чагыш керек* (конго). Мында чагылбаган жаңгакты жешке мүмкүн эмес. Мурда аны жарыш керек, маңызын алып гана азыктанууга болорлугу белгиленет. Аны сөөгү менен жешке болбойт.

Мурда ат сатып алып гана аткана курат (күрдчө). Алына турган малга, улоого, мурда жай ырастабоо зарылдыгы айтылат.

От менен жыланды издеген эң мурда өз буттарын караш керек (гочо).

Мурда үрөн алып келип гана эге турган жер ыраста (азерб.).

Баланы мурда суудан тартып алып гана аны жазала (ваи).

Мурда эшекти байлап, анан кудайга дайында (түркчө).

Өкүнүү жорук-жосундан мурун болбойт (дуала).

Мурда жакындарды изде, кийин гана алыстарды изде (осет).

Экинчи жээкке өтүп гана: "Мени карагыла"- деп мактан (бурятча).

Бардык макалдарда эки окуя, эки аракет жөнүндө айтылат. Алардын зарылы мурда, зарыл эмеси кийин же алгач башкысы, маанилүүсү, кийин экинчи даражадагысы аткарылышы керек.

б) Бул топтогу паремиялар да жогоруда келтирилген инвариантка баш ийип, анын трансформалары катары каралат: *Киши өлгөнчө чейин көр казышпайт* (зулу).

Деңиздеги балыкты сатпайт (крым).

Ийиндеги жапайы мышыктын терисин сатып албайт (гуреп.).

Казылбаган жашылчанын баасын айтпайт (га).

Кармалбаган түлкүнүн терисин сыйра албайсың (нен.).

Төрөлбөгөн балага кийим үчүн тери бычпа (овамбо, сото).

Төрөлө элек балага кийим бычпа, даярдаба (масаи, түркчө, армянча, суахили). *Төрөлө элек баланы бешикке бөлөбө* (шорчо).

Мине электе атты камчылаба (хакас).

Мууздалбаган каздын жүнүн жулба (эвен.).

Эсептебей «сегиз» дебе (өзб.).

Дубалы бүтпөгөн тамдын чатырын жабууга болобу? (эфик). Ушул сүйлөмдө гана тыюу суроо мүчөсү *(-бу)* аркылуу берилген. *Түшүнбөсөң - тыянак чыгарба* (таи). *Коен токойдо жүргөндө казан аспа* (авар, табасаран). Бул макалдарда эки аракет, эки кызмат тууралуу сөз жүрөт. Алардын бирөө алгач, экинчиси кийин аткарылат. Кийин аткарыла турганын мурда ишке ашырбаш керек. Бул паремиялар – негизинен жалпылама жактуу бир составдуу сүйлөмдөр. Предикат учур чактын 3-жагынын же буйрук ыңгайдын

2-жагы аркылуу уюшкан. Бардык макалдарда терс маанинин көрсөткүчү бар. Кийин аткарыла турган ишти мурда аткаруу мүмкүн эместиги тыюу түрүндө берилген. Бул макалдардын маани-маңызында параллелдүүлүк бар. Баарында зарыл кеңеш аталат. Аракеттердин өз тизмеси болот. Жок нерсеге, ишке аша элек аракетке камылга көрүү туура эмес. Макалдар жаштарды сабырдуулукка, тартиптүүлүккө, түшүнүктүүлүккө, ырааттуулукка чакырат.

в) *Курганга чейин бузуш керек* (уйгурча). *Жөргөмүш желе токуп гана ууга чыгат* (корейче). *Таң атса, күн чыгат, күкүк сайраса, чөп көгөрөт* (хакасча). *Аюнун башын көрүп, изин издебе* (адыгейче). *Баласы атасынан мурда балалуу болбойт* (ибо). *Суу көрбөй өтүгүңдү чечпе* (тувача, калмакча, алтайча, уйгурча). *Суу кечпей, кепичиңди чечпе* (кырг. М.И., 512 б.). *Дарыя көрбөй бутуңу чечпе* (бурятча). Бул паремиялардагы логика окшош. Барында эки аракет жөнүндө сөз болот, эки окуя тууралуу айтылат. Аларды аткаруунун өз тизмеги бар. Катарды бузуу туура эмес. Акыркы бешөөндө тыюу катталган, калгандарында деле маанилүү кеңеш айтылат.

Б. **Нерселер ирет сактабай эле биринин артынан бири келет: мурункудан кийин арткысы келбей, башкасы келет; тартип көз көрүнөө бузулуп турат.** Кээде мурунку топтордогу учураган эле макалдар трансформацияланып ушундай маанини берип калат.

а) *Алманы көрүп тишим жашыды* (уйгурча). Мында табигый тартип бар: 1) алманы жеш керек; 2) алманы жегенде тиш жашыйт. Бул ирет макалда бузулуп кеткен: биринчи аракет аткарылбай эле, экинчи кубулуш пайда болду. Бул жерде гиперболанын, азилдин элементи бар. Ал макалдын көркөмдүгүнө үлүш кошуп турат.

Куданы көрүп эле жалайык даярдайт (корейче). Макалды мазмундагы сценарий татаал: 1) куданы көрүү; 2) куда менен сүйлөшүү; 3) кудалашуу; 4) нике кыюу; 5) үйлөнүү тоюн өткөзүү; 6) бир канча убакыт өткөзүү; 8) балалуу болуу; 9) жалайык даярдоо ж.б. Макалда бул салттуу тартип бузулуп берилет, бир тараптын шашкалактоосу көрсөтүлөт. Мында шашкалактык сындалып турат.

Алар ийиндеги жапайы мышыктын терисин сатып алып жатышат (гурен.) Мында да жашоо логикасы, сценарийи кыскартылып берилди.

Деңиздеги балыкты сатып алышты (ливиялыктарда).

Карга асманда учуп жүрсө да, жонунда жарасы бар уй куйругу менен ургулайт (кхмерче).

б) *Туула элек кулунга ээр даярдап жатат* (абазинче, кабардинче). *Төрөлө элек уулуна темир бешик даярдашты* (бурятча). *Кайнай элек бышып калды* (монголчо). *Кете элек чалынып калды* (индонезиялыктарча). *Чалына элек жыгылып кетти* (татарча). *Акча топтой элек уурулардан коркот* (вьетнамча). *Шорпону ичпестен эле оозун күйгүзүп алды* (персче).

Нанды быша электе жеп алат (түркчө, арабча).

Атасынан мурда туулуп, чоң атасынын үйүрүн баккан (калмакча).

Пил өлө электе эле анын азууларын сууруп алат (нембече). *Аюуну көрүп деле изин карап жүрөт* (якутча, абазинче, осетинче).

Сууну ичип бүтүп, кайсы кастадан экенин сурайт (урду). *Мүрзөнү даядаганда өлүм келбей калат* (кытайча).

Бул эки топто (а,б) табигый тартиптин бузулушу күчөтүп көрсөтүлгөн. Бардыгында шашкалактоо, алдастоо, максатка жетүүгө айрыкча ашыгуу сындалат. Күтүлүп жаткан, келечекте жетише турган натыйжаны аткарылган иш катары түшүнүү бул макалдарда сарказм менен, какшык түрүндө белгиленген. Көптөгөн элдердин ойказынасындагы, окшош когнитемалар өз ара жандаштыкта берилип турат.

2. **Оошуп алмашуучулук – оошуп алмашпоочулук** инварианты өз кучагына бир нече фреймдик-пропозициялык катыштагы маанилерди камтыйт. Анын чегинде төмөндөкүдөй түзүмдөгү когнитемалар орун алат.

А. Нерселер (окуялар) белгилүү иретте бирин-бири алмаштырат: **мурда бирөөлөрү, артынан башкалары жүрөт.** Алардын орундашуусу өтө зарыл жана милдеттүү түрдө ишке ашат.

а) *Буттар ирети менен кадамдашат: мурда – бирөөсү, кийин – экинчиси* (руандача). *Өлүктөрдү кезек менен көмүшөт* (дигорчо). *Ысыктын*

артынан салкындык келет (индонез.). *Кайгыдан кийин сүйүнүч келет* (орусча). *Бүгүн – менин нөөмөтүм, эртең – сенин нөөмөтүң* (самоача). *Эки жай катар келбейт* (комиче). *Бир күн ал – адам, кийинки күнү – айбан* (дуалача). *Артынан кеч кирбеген бир да күн жок* (азерб.). *Артынан таң атпаган бир да түн жок* (арм.). Бул макалдарда заттардын, кубулуштардын, убакыттын ички тизмеги, ирети сакталуусу керектиги, аны бузууга болбостугу образдуу белгиленет.

б) *Түндөн кийин күн келет, ачарчылыктан кийин молчулук келет* (овамбочо). *Түндөн кийин күн келет* (удмуртча, орусча). Кыйынчылыктын, кайгынын, ыңгайсыздыктын, оорчулуктун туруктуу эместиги, алардын ордуна жыргалдын, кеңиричилик, сүйүнүчтүн келишин бул макалдар табигый закон ченемдүүлүк катары сыпаттайт. Булар адамдын көңүлүн көтөрүү үчүн оптимисттик ойду пайда кылуу үчүн колдонулат. Дагы караңыз: *Кыштан кийин жаз келет* (түркчө, кыргызча). *Бүгүн мага күлүп жатасың, эртеге менин кезегим келет* (зулуча). *Мурда жалгандан кача башатайсың, кийин чындыктан кача баштайсың* (ангасча). *Жаз кетип, күз келет, күз кетип жаз келет* (корейче). *Түндү күн алмаштырат, кийин күндү түн алмаштырат* (руандача). *Жакшылыктан кийин жамандык келет, жамандыктан кийин жакшылык келет* (японче).

Бул мисалдардын айрымдарында синтаксистик параллелдүүлүк жок (2,3), калгандарында синтаксистик параллелдүүлүк, барабардык үстөмдүк кылып турат. Бул мисалдарды кош сап түрүндө берсек, анда уңгуларга уңгулар, мүчөлөргө мүчөлөр, жөнөкөй сүйлөмдөргө ошондой эле сүйлөмдөр, сүйлөм мүчөлөрүнө сүйлөм мүчөлөрү жупташып келгенин оңой эле байкоого болот.

Акыркы сүйлөмдө, мисалы, кайчылашуу фигурасына параллелдүүлүк фигурасы кошулуп ири конфигурацияны жаратты:

1. Кайчылаш жакшылык жамандык
   жамандык жакшылык

2. Параллелдүүлүк:

Жакшы-лык-тан кийин жаман – дык кел – е – т

Жаман-дык-тан кийин жакшы – лык кел – е – т

Мында параллелдүүлүк өз «тулкусуна» кайчылашкан антонимдери барабардаштырып, камтып алды. Мында ээге ээ, баяндоочко баяндооч, мезгил бышыктоочко мезгил бышыктооч дал келип турат, сөз түркүмүнө сөз түркүмү, сүйлөмгө сүйлөм жупташып колдонулган.

Б. Заттар жана окуялар бирин-бири алмаштырбайт: бир топ заттардан кийин башка заттар келбейт да, ошол эле заттар же ошого окшогондор жүрөт. **Нерселер бирин-бири алмаштырбайт, мында оошуу жок.** Бир оорчулуктун ордун экинчи оорчулук ээлейт. М.: *Бир тоого араң чыксам, артында башкасы турат* (индонез). *Бир балакет келсе башкасын да күт* (мариче). *Бир балакет башка балакеттин куйругуна байлануу* (осетинче). *Арабаны көтөрсөң – ат жыгылат, атты көтөрсөң - тоого үзүлөт* (карелче). *Куйрук менен өкүнүч түбөлүк артында жүрөт* (галлача). Кийинки мисалга кайрылалы (*куйрук* жана *өкүнүч* сөздөрүндө терс маани бар, алар атаган денотаттар заттардын же окуялардын артынан келет. *Куйрук* – дененин ээсинин көзүнө көрүнбөгөн, денеден чыккан заттарга жакын бөлүгүнүн аты. *Өкүнүч* сөзү да – кетирилген катанын, курулай чыгымдын, аткарылбай калган иштин же максаттын таасири менен пайда болгон маанайдын, өзүн-өзү жекирүүнүн аты. Ошондуктан бул сөздөрдүн денотаттарынын тыгыз байланышта экендигин, алардын бирин-бири толукташы жана алмаштыра албастыгы макалда даана белгиленет.

Келтирилген макалдарда маанилик да, тилдик да окшоштук бар. Барына мүнөздүү инварианттык маанини «Бир кыйынчылыктын артынан башка кыйынчылык келет» деп белгилөөгө болот. Бул маани төртүнчү мисалдагы паралелдүүлүк аркылуу күчөтүлүп берилген:

Араба – ны көтөр – сө – ң, ат жыг – ыл – а – т.

Ат – ты көтөр – сө – ң, тоого үз – үл – ө – т.

Башка макалдардагы когнитемалык-пропозициялык окшоштук паремияда да бар. Бирок бул мисалда параллелдүүлүк күчтүү берилген. Эки сапта муундарга муун (эки жолу бузулган: *араба = ат, ат = тоого*),

морфемага морфема, сөз түркүмүнө сөз түркүмү, сүйлөм мүчөсүнө сүйлөм мүчөсү, башкарууга башкаруу, ээрчишүүгө ээрчишүү, шарттуу багыныңкы сүйлөмгө шарттуу багыныңкы сүйлөм, баш сүйлөмгө баш сүйлөм дал келип, когнитемалык маани көп тараптуу паралелдүүлүктө шөкөттөлүп турат.

Синтаксистик паралелдүүлүк өз кучагына бардык кичи жандаштыктарды камтып, тыбыштык, муундук, морфемалык, лексикалык, сөз айкаштык сүйлөмгө мүчөлүк жана башка бирдейликтерге бүтүндүк жаратат.

Ал эми когнитивдик параллелдүүлүк этностордун эстутумундагы окшош пикирлерде, өз ара жакын пропозицияларда уюшат жана сүйлөм түрүндөгү провербиалдык каражаттарда материалдашып «сыртка» чыгат. Алдынкы үч макалда «Бир оорчулуктан (кыйынчылыктан) кийин башка оорчулук күтүлөт» деген когнитема бар. Үч макал семантикалык - менталдык жактан окшош, бирин-бири колдойт. Ал эми акыркы мисалда бул когнитема кайталанып, күчөтүлүп берилген. Эгер мурунку үч макалдын скрипти жөнөкөй эле болсо, (1) бир кыйынчылык; 2) экинчи кыйынчылык), төртүнчүсүндө план татаал, (1) бир кыйынчылык; 2) экинчи кыйынчылык; 3) үчүнчү кыйынчылык; 4) төртүнчү кыйынчылык), жагдай да оор. Биз бул жерде жоюлган же жоюла турган гана оорчулуктарды атадык, аракеттин максаты, себеби, шарты, натыйжасы, бааланышы ж.б. жагдайлык компоненттери тууралуу сөз кылганыбыз жок.

3.8. Бири-бирине өтүү – өтпөө арахетиби

Бул түптүү жана жалпы мазмун да көптөгөн учкул сөздөрдө репрезентацияланат. Мында бир заттын экинчи затка өзгөрүлүп кетиши бул маниге ылайыкташкан провербиалдык каражаттар аркылуу шөкөттөлүшү жөнүндө сөз болот.

1. **Нерселердин өзүнөн-өзү эле башка түргө өтүшү жана башка түргө өтпөшү** – жогоруда аталган константалык мазмундун таркалган бөлүгү.

А. **Бир эле зат өзүнөн-өзү башка затка өтүп кетет**. Бир заттын болушу анын экинчи затка же түргө өтүп кетишин шарттайт жана алдын ала буга мүмкүнчүлүк берет.

а) *Өзгөчө сылыктык жасакерликке өтүп кетет* (япончо). *Оюн чыр чатакка айланат* (жаггача). *Ак да карага өтүп кетет* (вьетнамча). *Талаа токойго өзгөрүлүп кетет* (эвече, кембагал байып кеткенде айтылат). *Тыт дарагы деңизге айланып кетти* (корейче, кытайча; кыска мөөнөттө чоң өзгөрүүлөр болгондо). *Жаңынын баары эскирет* (мариче). *Бука болуп кетти эле, уй болуп кайтты* (дигорчо).

Бул макалдарда антонимдик да, айырмалуулук да катыштагы заттар, сапаттар жөнүндө сөз жүрөт. Алар мезгил өтүп өзгөрүлүшөт, бири экинчисине өтүп кетет. Жашоо убакытта жүрөт, убакыт менен кошо өзгөрүлөт, бир сапаттан экинчи сапатка өтүп турат. Азы көбөйөт, кембагалы байыйт, жашы карыйт, алдуусу алсызданат, жакшы жаман болот… Мындай процесс паремияларда образдуу, нарктуу болуп берилет.

б) *Тоок короз болуп кетти* (удмуртча). *Кечээ – койчу, бүгүн – мырза* (тагалча). *Кайнене бир убакта келин болгон* (телугуча). *«Мурда мен жараат элем» - дептир денедеги тыртык* (эвече). *Жөжө убагында кетип, жөжөлүү тоок болуп кайтты* (тагалча). *Бардык балдар өсүп, киши болушат* (корейче). *Өзөн дарыя болуп калат* (индонезийче). Бул макалдарда убакыт менен заттардын өзгөрүүсүндөгү ырааттуулук образдуу берилет. Бул макалдардагы өзгөрүүлөр «тоок-короз», «койчу-мырза», «кайнене-келин», «жараат-тыртык», «жөжө-тоок», «балдар-киши», «өзөн-дарыя» түрүндө көрсөтүлөт. Булардагы катыштар табигый процесстерди билгизет. Бар болгону «тоок-короз» экилтигинде какшык, күчөтүү бар, «жараат-тыртык» дихотомиясында жандандыруу, тамсилдештирүү ыкмасы колдонулган.

Убакыт алсызды алдуу, алдууну алсыз кылат, алысты жакын, жакынды алыс кылат, жандууну жансыз, жансызды жандуу кылат. Мындай оошуулар тынымсыз жүрүп турат. Муну айрыкча жаштар түшүнүшү керек.

в) *Убакыт өтүп, дос кас болот, кас дос болот* (санскритче). *Душманды чапкан коркок болуп калды, коркок баатыр болуп кетти* (масаиче). *Ошол кишилер эми буюм болуп калды, ошол буюмдар эми киши болуп калды* (педиче). Кийинки макалдын мааниси «мурун бийиктикте тургандар паска түштү, мурда паста тургандар бийиктеди» катары түшүнүшү керек. Бул пикир хиазм ыкмасы менен параллелдүүлүккө кирет.

Ав тобундагы макалдарда үч хиазмдык катыш бар:

дос *кас* 2) *баатыр* *коркок* 3) *киши* *буюм*

кас *дос* *коркок* *баатыр* *буюм* *киши*

Мындай кайчылаш катыш контрасттык мүнөздөгү заттардын бири-бирине өтүп кетиши глобалдуу кубулуш экендигин көрсөтөт.

Б. **Бир дагы нерсе экинчи нерсеге өтүп кетпейт**. Бир нерсенин болушу экинчи нерсенин болушун шарттабайт же талап кылбайт. Бул маанинин репрезентативдери да бир нече кичи түргө бөлүнөт.

а) *Таруу буудай болбойт* (дигорчо). *Таш суу болбойт* (хаусача). *Бул мышык болсо, ал ит болуп кетпейт* (кытайча). *Краб куш болбойт* (эвече). *Малчы дыйкан болууга умтулбасы керек* (шумерче, б.а. ар ким өз ишин билүүгө тийиш). *Эски дос кас болбойт* (түркчө, крымдыктарча). *Ямсанын тамыры банан болбойт* (дуалача). Бири-бирине өтө албаган айырмалуу заттар “таруу – буудай”, “таш – суу”, “мышык – ит”, “краб – куш”, “малчы – дыйкан”, “эски дос – кас”, “ямса тамыры – банан” катыштагы жуптуктар аркылуу берилген. Булардын түзүүчүлөрү эки кыл катышта: 1) антонимдик жана 2) эки түрдүүлүк мүнөздө сыпатталат.

б) *Мышык эч убакта уй болбойт* (корейче). *Чүпүрөк алтынга өтүп кетпейт* (малагасийче). *Саман эч эле көмүргө өтүп кетпейт* (овамбо). *Бөрү киши болуп кетпейт* (татарча). *Күйөө бала уул болбойт* (кытайча). *Ылай фарфор болбойт, жат өз болбойт* (өзбекче). *Ука дарагы эч убакта титим дарагына айланбайт* (палауча, ука менен титим – окшош дарактар, биринчиси мөмө бербейт, экинчиси мөмөлүү болот). Бул түзүлүштөгү макалдарда да хиазм учурайт: *Эски дос кас болбойт, эски кас дос болбойт* (армянча). *Эчки*

кой болмок беле, кой эчки болмок беле (абазинче, кабардинче). Экинчисинде пикир кескин берилбегени менен эки заттын бири-бирине өтүп кетпестиги чындык катары көрсөтүлөт.

Биринчи макалда жогору жакта (А/в) келтирилген *Убакыт өтүп, дос кас болот, кас дос болот* (санскритче) макалынын контрасттык мааниси чагылдырылган, эки макалдын мазмуну бирин-бири төгүндөп турат, бири-бирине коошпойт. **Бул факт элдик тажрыйбада өз ара бирин экинчиси танган пикир болорлугун тастыктап турат.**

В**. Айрым заттар башка заттарга өтүп кетишет, айрымдары өтпөйт.** Кээде бир нерсе башка нерсеге өтөт, кээде өтпөйт. Бул когнитемага төмөндөгү мисалдар туура келет. Караңыз: *Ишеним көбүнчө күнөмдөөгө өтүп кетет* (пуштуча). *Жеңүүчү да жеңилип калат* (түркчө). *Кембагал баткан зарылдыкка байдын туш келиши да мүмкүн* (аканча). *Жаман күндөр жакшы күндөр менен алмашат, жаман адамдар жакшы болуп кетпейт* (өзбекче, тажикче). *Кичинекей иш көп учурда чоң ишке өсүп чыгат* (кундуча). *Чийкини бышырасың, а бышканды чийки кыла албайсың* (осетинче). *Бышпаган жүзүм мейиз болот, а мейиз жүзүм боло албайт* (персче).

Кийинки эки макалда бир зат экинчи затка же түргө өтүп кеткендиги, экинчи заттын же түрдүн алгачкы абалга келе албастыгы элдик тажырыйба катары, практикада текшерилген чындык катары көрсөтүлөт.

2. Нерселердин кайсы бир шарттарда бири-бирине өтүп кетиши же өтүп кетпестиги – өзүнчө инварианттык маани. Ал да бир нече кичи топтогу паремиялар аркылуу ишке ашат.

А. **Айрым шарттарда бир зат экинчи затка өтүп кетет**. Бир заттын жана тиешелүү шарттардын болушу анын башка затка же түргө өтүшүн шарттайт же талап кылат.

а) *Атты эшектин акырына байласаң, ал эшек болуп калат* (тажикче). Мында *ат* жана *эшек* жөнүндө сөз болот. Экөө тең улоонун номинанттары, маанилери – карама-каршы: бирөөндө оң, экинчисинде терс мазмун бар. Эгер жогорку сапаттагы затты төмөнкү сапаттагы заттын шартында кармаса, ал

кийинкинин мүнөзүн, сапаттарын кабыл алат. Макалдын колдонуу чөйрөсү кенен. Чыгаан адисти тайкы эле, жөндөмсүз эле адистер иштей ала турган жумушка чексе, ал табият берген күчтүү сапаттарын жоготуп коет. Макалда ушул маани атайын жиктелип берилген. Анын колдонуу жагдайы кенен. Дагы мисалдардан келтирели: *Бул жылдын акылмандыгы кийинки жылдын акмактыгы болуп калат* (йорубача). *Күчтүүнүн алдында күчсүз күнөөкөр* (орусча, А. И. Крыловдон). *Айыптуу күчтүү болсо, айыпсыз күнөөлүү* (түркчө). Бул макалдарда шарт катары *жыл* (*бул жыл – кийинки жыл*) *күч* (*күчтүү – күчсүз*) сөздөрүнүн маанилери кызмат кылат.

б) Төмөндөгү мисалдарда шартты орун, мезгил, маанай ж.б. көрсөткүчтөр уюштурат: *Зынданда душмандар достошуп кетет* (персче). *Сенин балаңа үйлөнгөн, сенин балаң болот* (ливиялыктарча). *Кербен кайтканда аксак төө биринчи келет* (түркмөнчө). *Мал короого кайтканда аксак кочкор биринчи келет* (грузинче). *Аял кааласа эшекти да эр кылып алат* (лезгинче). *Оюн учурундагы талаш тез эле чыр чатакка айланат* (эвече). *Таяктасаң, аюу да молдо болот* (тажикче). *Ачуулангандa түз ийрейет, сүйгөндө ийри түзөлөт* (вьетнамча). *Тууган кирбесе жат болот, жат кире берсе тууган болот* (азербайжанча).

Б. **Эч бир шартта бир зат экинчи затка же түргө өтүп кетпейт**. Бир заттын же тиешелүү шарттардын болушу анын башка затка же түргө өтүп кетишин шарттабайт.

а) *Алтын чылага түшкөнү менен жез болуп калбайт* (крымдыктарда). *Деңиздин түбүндө отуруп дагы сен балык боло албайсың* (ваиче). *Уйга каамыт таксаң деле, ал ат болбойт* (мариче). *Мыелогон киши мышык болуп калбайт* (корейче). *Карышкырды аюу кыла албайсың* (удмуртча). *Итти түлкү кыла албайсың* (чувашча). Көрүнүп тургандай, кайсы бир шарттардын болушу менен эле айрым заттар башка затка өтүп кетпейт.

б) *Сууну канчалык бышпа май ала албайсың* (татарча). *Сууну канчалык кайнатпа май болбойт* (хакасча). *Иттин куйругун кессең деле кой болуп кетпейт* (удмуртча, мариче). *Устун суу астында жатып крокодил болуп*

кетпейт (иземача). *Алыскыны жакын кылууга болбойт* (овамбо). *Карганы кызгылт сууга жуусаң деле анын жүнү (пары) агарып кетпейт* (даякча). Буларда заттардын бири экинчисине өтүп, негиздүү экендигин болор-болбос шарттар аларды өзгөртө албастыгы көрсөтүлөт. Мисалы, күүдө бышып сүттөн май алууга болот, бирок ошол эле шартта суудан суу гана каларлыгы айтылат. Бб тобундагы макалдарда юморлук маани да бар.

В. Айрым заттар кайсы бир шарттарда башка заттарга өтүп кетет, айрымдары өтпөйт. **Кээде бир нерсе кайсы бир шарттарда башка нерсеге өтөт, кээде өтпөйт.** Бул формулага баш ийген мисалдар көп деле эмес. Бирок түзүлүшү боюнча, фреймдик – пропозициялык маңызы боюнча көңүлдү бура алат: *Тирүүнү өлтүрүүгө болот, бирок өлгөндү тирилтүүгө болбойт* (осетинче). *Узундан кысканы алууга болот, кыскадан узун жасоого болбойт* (количе). *Начар тамак жакшы адамды бузбайт, бирок жакшы адам начар тамакты оңдойт* (маориче).

Бул паремияларда да хиазм сүлпөтүндөгү фигура, ички кайчылашкандыгына карабай, жалпы параллелдүүлүктү жаратты.

1. Кайчы



2. Параллелдүүлүк

Узун-дан кыска-ны алуу-га бол-о-т

Кыска-дан узун-ду алуу-га бол-бо-й-т.

Мындагы параллелдүүлүктү антонимдер (*узун-кыска, кыска-узун*), чыгыш жөндөмөнүн мүчөлөрү *(-дан, –дан*), кыймыл атоочтор (*алуу-алуу*), барыш жөндөмөсүнүн мүчөлөрү *(-га, -га*), жардамчы этиштин уңгусу (*бол – бол*), этиштин 3-жак мүчөлөрү *(- т –т*), жана чакчылдын интерпозитивдүү мүчөлөрү*(-о,-й*) түзүп турат. Барабардыкты, параллелдүүлүктү бузуу танунун *-бо* мүчөсүнө гана таандык. Ушул мүчө гана теңи жок колдонулган.

3.9. **Актанттардын дал келүүсүн же дал келбөөсүн белгилөөчү макалдардын түзүлүшү**

Актанттык дал келүү же дал келбөө мааниси да ири блокту түзөт. Бул константалык маанинин өзөгүн актант – аракеттин, сапаттын же абалдын катышуучусу түзөт. Актантты субьект, обьект терминдери менен атоого болот.

Бул константалык мазмундун чегинде бир нече инварианттык топторду жиктөөгө болот.

1. Субьекттин өз аракеттерине шайкештиги же шайкеш келбөөсү

А. Өз ара байланыштыгы кыймыл-аракеттердин субьектилери бири-бирине толук дал келет. Бир аракеттин субьекти экинчи аракеттин да субьекти болот.

а) Кыргызча: *Издеген табат. Издеген табат, сураган алат. Изденип калсаң табасың, көздөп калсаң аласың. Издесең табылат. Издегенде ар нерсенин жолу табылат* (296 б.). Биринчи мисалда эки түрдүү аракет жөнүндө сөз болот: издөө жана табуу. Бул эки аракет өз ара байланышта. Алардын субьекти – бирөө. Издөөнү да, табууну да бир субьект аткарат. Бул жерде субьект, ээ терминдери өз ара шайкеш эмес. *Издеген табат* сүйлөмүндө биринчи сөз ээ, экинчиси – баяндооч. Когнитивдик көз караш менен алганда мында эки аракет бар. Субьект издөөнү да, табууну да аткаруучу тарап. Ал аракет ээси, актант. Кийинки мисал деле жогоркуга параллелдүү. Экинчи макал – татаал сүйлөм. Мунун биринчи бөлүгү *издөө – табуу* кош аракетинин, экинчи бөлүгү *суроо - алуу* кош аракетинин субьекти бирөө экендигин билдирет. Биринчи макал мазмуну боюнча экинчи макалдын эки бөлүгүнө тең параллелдүү. Экинчи макалдын эки бөлүгү өз ара параллелдүү. Демек, бир эле сүйлөмдүн эки бөлүгү жалпы семиотикалык барабардыкка ээ болгондугу тууралуу айтууга болот. Кийинки үч вариантта деле издөө – табуу (эки ирет), көздөө – алуу кошок аракеттердин ээси жалгыз экендиги байкалат. Бул макалдарга актанттык мазмуну окшош учкул сөздөр башка элдерде да

учурайт. Караңыз: *Байлаган чечет* (азербайжанча). *Өзү ойноп (чертип), өзү бийлейт* (түркчө). *Өзү сүйлөп, өзү угат* (армянча). *Издеген табат. Ким издесе, ал табат* (аварча, өзбекче, маориче). *Шылтоо издеген шылтоо табат* (персче). *Өзүң өстүргөн мөмөңү өзүң жейсиң* (нземача). *Жеген жытын билет* (аканча). *Пияз аарчыган анын жытын билет* (арабча). *Мыйзам кабыл алган аны жокко чыгара алат* (соточо). *Жүктү көтөргөн гана салмакты билет* (малагасийче). *Жүктүн оорун нар көтөрөт* (кыргызча, 276 б.). *Атка минген гана аттан түшөт* (күрдчө). *Эшекти мунарага көтөрүп чыгарган гана аны кайра түшүрөт* (арабча). *Жумуртканы шишеге киргизген гана аны чыгара алат* (конуриче). Булардын баарына мүнөздүү жалпы когнитема бар. Муну **өз ара байланыштагы эки кыймыл-аракеттин ээси бирөө гана болот** деп белгилөөгө болот.

б) Кайсы бир учкул сөздөрдө ушул эле когнитема негативдүү мазмунду өзгөчө белгилеп турат: *Калемпир жеген гана ачуусун сезет* (индонезиялыктарча). *Ким кайгырса, ошол кошок айтат* (корейче). *Арстанды ким өлтүрсө, анын тырмактары (чапчуурлары) ошондо болот* (педиче). *Ооруган жерин оорулуу гана ушалайт* (якутча). *Сууга барган гана кумурасын талкалап алат* (соточо). *Ооруну башка сезбейт, ооруган гана сезет* (кикуйюча). Бул макалдарда да кошок кыймыл-аракеттердин субьекти бирөө. Булардагы айырмачылыктар жеш – даам сезиш, кайгыруу – кошок айтуу, өлтүрүү – олжо алуу (тырмактарга ээ болуу), ооруу – ушалоо, (сууга) баруу – (кумураны) талкалоо, ооруу – сезүү сыяктуу аракеттерде берилет. Булардын ээси – бирөө гана (“ээ” термини мында синтаксистик мааниде колдонулган жок).

Б. Өз ара байланыштагы кыймыл-аракеттердин субьектилери бири-бирине эч эле дал келбейт. **Бир кыймылдын жаратуучусу өзүнчө, экинчисиники – өзүнчө**. Кыймыл-аракеттин актанттары көбүнчө контрасттык мааниде колдонулат. Мисалдарга кайрылалы: *Жоону сайса ким сайды, аты калды Манаска. Жоону сайса эр сайды, аты калды Манаска* (284 б.). *Жүктү лөк көтөрөт, мээнетти эл көрөт* (276 б.). Бул когнитемада

тиешелүү кыргызча учкул сөздөр арбын. Манас менен эр субьектилердин карама-каршы койгон эки варианттуу макалга күрддөрдүн паремиясы шайкеш келет: *Сен экөөбүз жасадык, атагы Шезарга калды.* Бул жерде Манас да, Шезар да – жалпы аттар. Кыргызча паремияда эпостун персонажы көңүлгө алынбайт. Анын аты башка бирөөлөр аткарган салмактуу, керектүү, маанилүү иштердин ээлиги буларга тиешеси жок эле тарапка ооп же оодарылып кеткенде колдонулат.

Дагы салыштырыңыз: *Ат табат, эшек жейт. Төрөгөн кыйналбайт, төрөткөн кыйналат* (өзбекче). *Жүктү төө ташыйт да, ит арыктайт* (азербайжанча). *Жүктү төө ташыйт да, ит демигет* (түркчө). *Буйвол тартат, араба кычырайт* (ассириялыктарда). *Сараң топтойт, түгөт түгөтөт / түгөт жоготот* (малагасийче). *Уй тууганда бука онтойт* (осетинче). *Коенду ит кубалайт, этин ээси жейт* (пуштуча). *Сен көтөр, мен күшүлдөйүн* (монголчо). *Бармак ооруса, көз уктабайт* (монголчо). Бул макалдарда өз ара байланыштагы кыймыл-аракеттер чагылдырылган. Алардын актанттары бири экинчисине карама-каршы катышта: *ат-эшек, төрөгөн-төрөткөн, төө-ит* ж.б, булардын ал-абалы, кыймылы түрдүүчө, бири-бирине шайкеш эмес. Бирок ар бир макалда обьект бар. Кыймыл-аракет ушул обьектке багытталган. Обьект даана, эксплициттик түрдө да, көмүскө, купуя же имплициттик түрдө да белгиленет. Өзбекче эки макалда обьект “тымызын”, ачыкталбай берилген: биринчи макалдын обьекти – азык оокат, жем, табылга ж.б., экинчисиники – жарык дүйнөгө келген наристе (түз мааниде), эмгектин натыйжасы, түшүм, табылга ж.б. *Төрөгөн кыйналбайт, төрөткөн кыйналат* макалын “чыгармачыл адам менен анын тарбиячылары, күйөрмандары, окуучулары, демөөрчүлөрүнүн аракетиндеги айырмачылык” “жаңыдан мектепке барган окуучу менен анын ата-энесинин аракетиндеги бөтөнчөлүк” ж.б. маанисинде колдонууга болот.

В. **Өз ара байланыштагы кыймыл аракеттерди бир эле субьект же эки субьект аткарат.** Эки аракеттин ээси бир эле актант же эки актант болушу мүмкүн. Мисалы: *Мөмөнү дайым эле эккен жебейт* (индонезиялыктарда).

Мында обьект – дарактын мөмөсү. Аны азык катары эгип, багып өстүргөн да пайдаланат, көбүнчө башкалар да аны менен азыктанат (конок катары, ууру катары, аларман катары ж.б.). Ошондой эле: *Өрдөк тууган жумуртканы кээде тоок басып чыгарат* (даякча). Мында да обьект – жумуртка. Аны тууган бир канаттуу, басып жөжө чыгаруучу канаттуу башка.

Ал эми *Жесе да, жебесе да – карышкыр күнөөлүү* (алтайча). *Жесе да, жебесе да – бөрүнүн оозу кандуу* (кыргызча, 271 б.) макалдарында карама-каршы эки аракет бир субьектке ыйгарылып турат.

2. **Обьекттердин дал келүүсү – дал келбөөсү** да өзүнчө инварианттык мазмун. Ал варианттташып, бир нече когнитемаларга ажыратылышы байкалат.

Аа. **Өз ара байланыштагы же окшош кыймыл-аракеттер багытталган обьекттер бири-бирине дал келет**. Бир аракет багытталган же камтыган зат экинчи аракеттин да обьектиси боло алат.

Мисалдар: *Эмнени айдасан, ошону аласын. Эмнени эксең, ошону оросун* (кыргызча, 615 б.). *Конокко эмнени берсен, ошону жейт* (пуштуча). *Эмнени эксең, ошону оросуң* (орусча, азербайжанча, татарча, казакча, таиче). *Эмнени тиксең, ошону кийесиң* (мокшача).

Аб. Макалдын бир бөлүгүндөгү обьектке экинчи бөлүгүндөгү субьект туура келет. *Казанга эмне салсаң, кашыкка ошол чыгат* (крымдыктарча, казакча, ногойчо). *Карапага эмне салсаң, кашыкка ошол чыгат* (арабдарда). Кийинки эки макалдын биринчи бөлүгүнүн обьекти экинчи бөлүгүндө субьект болуп калган. Ошондой эле осетинче *Чаначка эмне куйсаң, андан ошол куюлат* деген макалдын экинчи бөлүмүндө субьект бар. Төмөнкү мисалда, тетирисинче, биринчи бөлүгүндө субьект, экинчи бөлүгүндө обьект берилет: *Өрттөн эмне калса, аны сел алып кетти* (азербайжанча). *Ийнени сайып, шибеге суура албайсың* (лезгинче) – бул мисалда эки бөлүгүндө тең обьект бар: *ийне –шибеге* сөздөрү обьект – инструмент катары колдонулган.

Дагы караңыз: *Атаңы урган таягың кийин уулуңа керек болуп калат* (дигорчо). Эки бөлүктү бириктирген сөз *таяк*. Ал биринчи бөлүктө кыйыр обьект (тике обьект – *атаңы*) куралдык мааниде (*таяк менен уруу*), экинчи

бөлүк үчүн субьект (*таяк керек болот*) катары колдонулган. Мында *таягың* сөзү курал – субьект маанисинде синкреттик түрдө колдонулган: *урган таяк* – курал, *таяк керек болот* – субьект. Бул эки функция бир сөз формасында ишке ашырылган.

Б. **Өз ара алакадагы же окшош кыймыл-аракеттердин субьект, обьектилери бири-бирине шайкеш болбойт**. Бир аракеттин субьекти, обьекти болгон зат экинчи аракеттин субьекти, обьекти боло албайт. Экинчи аракеттин обьектиси биринчиникинен айырмаланбайт. Демек, эки башка аракеттердин субьектилери, обьектилери да башка-башка болот.

а) *Керегем, сага айтам, келиним, сен ук; уугум, сага айтам, уулум, сен ук. Уугум, сага айтамын, уулум, сен уккун. Уугум, сага айтам, уулум, сен ук; керегем, сага айтам, келиним, сен ук* (357-б.,567-б.). Мында экиден кыймыл-аракет берилген: *айт-, ук-*. Биринчи этиш – ооз эки маалымат жөнөтөт, экинчиси оозеки маалыматты кабыл алат. Бул – аталган этиштердин негизги кызматы. Маалымат жөнөтүүчү тарап – субьект. Сүйлөмдөрдүн обьектилери каратма сөздөрдө жана экинчи жактагы ат атоочтун барыш жөндөмөдөгү формасында. Ошол эле ат атооч экинчи сүйлөмдөрдө субьекттик милдет аткармакта, бирок сүйлөөчү үчүн *сен* сөзү деле обьектик функцияда. *Сен* сөзү- *ук- / уккун* этиши үчүн субьект, а маалымат жөнөтүүчү үчүн, паремияны колдонуучу үчүн – обьект. М. Ибрагимов макалдын беш вариантын келтирет. Бул жерде маанилик-когнитивдик да, морфологиялык да, интонациялык да, нагыз синтаксистик да параллелдүүлүк бар:

Кереге-м, са-га айт-а-м, келин-им, сен ук
Ууг-ум, са-га, айт-а-м, уул-ум, сен ук

Адатта бул эки сүйлөм өзүнчө, бири-бирине кошулбайт да колдонулат. Экөөнүн морфологиялык, синтаксистик, интонациялык түзүлүштөрү бирдей. Бири экинчисинен *кереге - келин, уук - уул* сөздөрү боюнча гана айырмаланат.

Бирок бул сөздөрдүн паремиялык мааниси бирдей, алардын когнитивдик-менталдык мазмуну окшош, интонациялык обочолонуусу да айырмаланбайт.

Макалдардын менталдык мазмунун “Бир затка кайрылуу менен экинчи затты тескөө (башкаруу)” когнитемасы түзүп турат. Бул ой бардык варианттарда берилген. Макалдарда уңгуга уңгу, мүчөгө мүчө, сөзгө сөз, сөз айкашына сөз айкашы, жөнөкөй сүйлөмгө жөнөкөй сүйлөм, байламтасыз татаал сүйлөмгө байламтасыз татаал сүйлөмдүн дал келишин буларда көп салаалуу параллелдүүлүктүн бар экендигин ырастайт. Ал эми төрт сүйлөмдүү татаал эки варианттардагы инверсия, кош сүйлөмдөрдүн орун алмашуусу да бул параллелдүүлүктү буза албайт, тетирисинче, параллелдүүлүктүн өзгөчө формага ээ боло алышын түздөн-түз ырастайт. Башка элдерде да жогоруда келтирилген когнитеманын паремиялык репрезентативдери кездешет. *Кызым, сага айтам, келиним, сен ук* (казакча, өзбекче, кара-калпакча, чеченче, аварча, крымдыктарда). *Коңшум, сага айтам, келиним, сен ук* (арабча). *Кызыңы урушсаң, келиниңе сабак / ишарат* (азербайжанча). *Уулуңу урушсаң, жетимге ишарат* (идомача). *Өз балаңы айыптасаң, башкага сабак* (авамбочо, ндонгача). *Итин урушканы – бизди урушканы* (соточо). *Кара уйду урушканы – мала уйду коркутканы* (кытайча). Ошентип, түрдүү реалиялар жөнүндө сөз болгону менен келтирилген паремияларда конструктивдик-когнитивдик жандашуунун, барабарлашуунун бар экендигин оңой эле байкоого болот.

б) *Издеп-издеп жолуктум тастайган мыяз баштууга* (кыргызча). Биринчи бөлүктө обьект имплициттик түрдө. Анда изделген обьект көрсөтүлбөгөн. Сүйлөөчү издеген жар сулуу, сымбаттуу болуу керек эле. *Изде-* этишинде мындай обьект ”чүмбөттөлүп” берилген. *Жолук-* этишинин обьекти – көрксүз, башы таз аял. Демек, изделген обьект бирөө, табылган обьект башка. Көбүнчө бул макал издөөчүнү эркек, табылуучуну аял кылып көрсөтөт. Эркек макал боюнча каалагандай аялга учурабай, кааланбаган, көңүлгө толбогон, көп кемчиликтери бар аялды тандап алгандыгы жөнүндө сөз болот.

Мындай мазмундагы элдик макалдар да арбын: *Каныша тууралуу кыялданып жүрүп, сатуучу кызга жолукту* (бирмача). *Каргага мелжеп, кирпини атып алды* (калмакча). *Карганы мелжеп, уйду атып алды* (орусча). *Коёнду мелжеп, карганы атып алды* (бурятча). *Маймылды мелжеп, даракка тийди* (дуалача). *Буудай эгип, отоо чөп жыйнады* (удмуртча). *Үйлөнүү тууралуу айтса, тажия туурлалуу сөз кетти* (корейче). *"Бээ"- десе, "төө"дейт"* (кыргызча).

в) *Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга май кайгы. Кара эчкиге жан кайгы, касапчыга мал кайгы* (328б.). Сүйлөмдө обьектердин кызыкчылыктары, таламдары ар түрдүү. Бул макал башка чыгыш элдеринде да учурайт. Кумыктарда: *Эчки жанын ойлойт, касапчы майын ойлойт.* Дагы: *Төө бир нерсени эңсейт, айдоочу башканы эңсейт* (арабча). *Эшек бир демени каалайт, айдоочу башканы каалайт* (түркчө). *Пил түшүндө бир нерсени көрөт, айдоочу башканы көрөт* (персче) ж.б. Бул макалдарда экиден субьект, экиден обьект бар. Субьекттер – карама-каршы, айырмалуу, алардын көңүлүндөгү обьекттер түрдүүчө, бири-бирине дал келбейт.

3) **Субьект-обьекттин өз ара дал келүүсү – дал келбөөсү** өзүнчө ири инварианттык мазмунду түзөт. Анын чегинде бир нече пропозициялык маанилерди ачыктоого болот.

А) Өз ара байланыштагы же окшош субьекттер менен обьекттер бири-бирине шайкеш келет. **Бир эле кыймыл-аракеттин субьекти экинчисинин обьекти катары кызмат кылат.**

а) *Ата-энесин урматтаганды балдары урматташат* (чувашча). Бул макалда эки обьект бар: *ата-энесин* жана *урматтаганды*, ошол эле учурда эки субьект бар *урматтаган* (тарап) жана *балдары*. Демек, урматтаганды сөз формасы өз семантикасында субьекттик да, обьекттик да, сый аракетин да бириктирип турат. *Ата-энесин урматтаган* сөз айкашында О+С бар, С (урматтаган тарап) балдарына карата О болуп (*урматтаганды*, *ата-энени*) калды. Урматтоочу тарап өз ата-энесине карата субьект, балдарына карата обьект катары кызмат кылып турат. Бул маани кыргызча тереңирээк,

кененирээк презентацияланган: *Ата-энеңди жакшы баксаң, балдарыңдан кут көрөсүн. Ата-энеңди сыйласаң, өз баландан жакшылык көрөсүң. Ата-энеңди сыйласаң, өз баландан опаа көрөсүн. Ата-энесине акаарат кылганды ташбараң кылат* (96-97-бб.). *Кимге жакшылык кылсаң, ал сага таш ыргытпайт* (дигорчо). *Сени сүйгөндү сен да сүйө баштайсын* (монголчо). Кийинки үч макалда *ата-энесине, кимге, сени* сөздөрү обьектти туюнтат, *таш бараң* (ээлери), *ал*, *сен* кыймыл-аракеттердин субьекти катары кызмат кылып турат. Булардан мурунку паремияларда *ата-эне* сөзү обьектти, балдарынан чыккан *кут, жакшылык, опаа* сыяктуу позитивдүү абалга жетишкен субьектти белгилешет.

б) Бир бөлүктө "обьект + этиш" болсо, экинчи бөлүктө "субьект + этиш" колдонулат: *Кимдин атын атаса, ал босогодо турат* (абазинче). *"Цао-цао" дегенче эле, Цао-цао шып келип калды* (кытайча). *Карышкырды айтсаң эле, ал чыга калды* (орусча: *Про волка речь*, *а он навстречь*). *"Албарсты"- дегиче эле, ал сен тарапка жети кадам салып келди* (абазинче). *Ким мени суйсө, мен ошону сүйөм; Ким мени чанса, мен аны чанам* (суахиличе). *Ким сени сүйсө, сен ошону сүй* (монголчо). *Ким уйду жаласа, уй ошону жалайт* (ндеба). *Чаян ийинге кирген колду гана чагып алат* (идомача). Кийинки үч макалдагы пареллелизм жалпысынан бир кылка. Буларда *ким* (эки жолу) менен *чаян* – субьекттер, (*сүйсө, жаласа, чагып алат*), обьектилерди *ошону* (эки ирет), *колду* сөздөрү туюнтуп турат. Обьектилерге багытталган кыймыл-аракеттерди *сүй*, *жалайт*, *чагып алат* сөздөрү билгизет.

Б. **Өз ара байланыштагы же окшош кыймыл-аракеттердин субьектилери жана обьектилери бири-бирине шайкеш эмес**. Бир аракеттин субьектиси бир зат, экинчисинин обьектиси башка зат болот.

а) *Мүйүзгө чапсаң, туяк зыркырайт* (433б.). *Карышкыр тууралуу сөз болсо, тынчтыкты түлкү бузат* (армянча, күрдчө). *Боорго соксоң, өтүң ооруп кетет* (малаг.). *Башка чапсаң, буттар калчылдайт* (самоача). *Мүйүзгө чапсаң, туяктар титирейт* (өзбекче, түркчө, тажикче). *Майды жеген бирөө, чычкактаган башка* (дигорчо). *Куртту бирөө жеди, башканын ичи ооруду*

(вьетнамча). Бул мисалдарда бир бөлүгүндө обьекттер (*боорго, мүйүзгө, башка, карышкыр тууралуу, майды, куртту*), экинчи бөлүгүндө субьекттер (*туяк, өтүң, түлкү, чычкактаган, ичи*) түздөн түз байланышсыз. Бирок обьекттерге жасалган өтмө аракет субьекттерге таасирин тийгизип турат. Буларда алогизм бар деп айтууга да болот. Макалдан тышкары мындай логикасыз, “тантык” сүйлөмдөр учурабайт. Ошентсе да бул макалдардын колдонуу жагдайлары кенен.

б) *Кызы мөмө жесе, энесинин тиши жашыйт / камалат* (орусча). *Ачка итке сөөк таштасаң, ток ит ырылдайт* (уйгурча). *Бир манжаңы тиштесең, беш манжаң тең ооруйт* (түркчө). *Бирөөнү урса, баары ооруйт* (индонезиялыктарда). *Качырды чапса, ат чочуп кетет* (кытайча). *Бир уйдун мүйүзү сынса, миң уйдун мүйүзү зыркырайт. Бир уйдун мүйүзүнө урсаң, миң уйдун мүйүзү зыркырайт* (173-б.). Буларда да контрасттык маанидеги лексемалар бар: *кызы-энеси, ачка-ток, бирөө-баары, бир-беш, бир-миң*. Булар катышкан сүйлөмдөрдө логикалык байланыш тыгыз. Биринчи сүйлөмдөрдөгү обьекттерге (*мөмө, сөөк, манжаңы, качырды, бирөөнү, мүйүзүнө*) багытталган аракет, экинчи сүйлөмдөрдөгү субьекттерге терс таасирин тийгизет (*тиши жашыйт / камалат, ток ит ырылдайт, баары ооруйт, ат чочуп кетет, беш манжаң тең ооруйт, мүйүзү зыркырайт*). Экинчи сүйлөмдөрдөгү субьект жашы, багылгандыгы, саны боюнча жогорку статуста. Ушул эле сапаттары боюнча мүмкүнчүлүгү чектүү заттарга багытталган аракет статусу, жашы, саны жогору заттарга кыйынчылык алып келип жатат.

Бул паремияларда концептуалдык жалпы маани бар. Бул маани түрдүү реалиялар, лексемалар аркылуу туюнтулган. Макалдардын колдонуу жагдайлары окшош.

3.10. Сапаттык дал келүү – дал келбөө константасын репрезентациялоочу накыл сөздөр.

Заттардын жана алардын белгилеринин өз ара алакасын билгизүүдө бул константанын ролу чоң. Ал бир нече инварианттык кичи түрлөргө жиктелет**.**

1**. Заттардын сапаттарынын бири-бирине шайкеш келүүсү же шайкеш келбөөсү** да ири инварианттык блокту жаратат. Мунун чегинде бир нече когнитемаларды ажыратууга болот.

А. **Өз ара байланыштагы заттардын касиеттери, белгилери бири-бирине дал келет. Бир зат кандай болсо, экинчи зат да ошондой**. Бул когнитема да өз ичинен түргө бөлүнөт.

а) бул топтогу паремияларда генетикалык, нравалык, чөйрөлүк, сүлпөттүк ж.б. төп келүүлөр образдуу берилет: *Энеси кандай болсо, кызы ошондой* (тажикче, кабардача). *Атасы кандай болсо, уулу ошондой* (эрзя жана мокша мордвалыктарча). *Теги кандай болсо, урпагы ошондой* (азербайжанча). *Эри кандай болсо, аялы ошондой* (өзбекче, эрзя жана мокша мордавалыктарча). *Ээси кандай болсо, кызматкери да ошондой* (түркчө, япончо). *Шах кандай болсо, кызматкери ошондой* (волофчо). *Ээсине жараша малы* (татарча). *Ээсине жараша ити* (мокша мордвалыкча). *Акшакка жараша боткосу* (тамилче). *Өзүң кандай болсоң, досуң ошондой* (даргинче). *Башыңа жараша тумагың* (монголчо). *Төшөккө жараша уйку* (гагаузча, орусча, грузинче). Караңыз: орусча *Как постелишь, так и поспишь* макалын бир нече вариантта берүүгө болот: *Кандай төшөнсөң, ошондой уктайсын / Төшөк кандай болсо, уйку ошондой / Төшөккө жараша уктайсың / Төшөнчүгө жараша уйку болот* ж.б. Бул варианттардын баарында жалпы маани бар. Бул маани бир этноско эле таандык эмес. Анда жалпылоочу когнитема элдик байкоону билдирип турат да, башка аналогиялык түрдөгү макалдардын контекстинде өзүнчө орунга ээ.

Кыргыз тилинде бул түзүлүштөгү макалдар арбын. Айрымдарын келтирели: *Эрине жараша катыны. Ээси арамза болсо, аты чакыр болот. Эшегине жараша акыры. Эшегине жараша токуму. Эшегине жараша чому, төөсүнө жараша кому. Эшегине жараша тушагы, эришине жараша аркагы*

(М. И. 635 б.) Келтирилген мисалдардагы этнос аралык параллелдүү пикир кыргыз макалдарында өзүнчө жупташып берилгендиги көңүлгө аларлык:

Эшег-и-не жараша чом-у,

Төө-сү-нө жараша ком-у

Бул макалда биз талдап жаткан инварианттык маани экиленип, күчтүү, таасирдүү берилген. Контрасттык сапаттагы эки улоонун камылгасы өзүнө тете болушу керек. Бул пикир кош сүйлөмдө, жандаштырылып, рифмалаштырылып шөкөттөлгөн. Бул топко *Алыбек алына жараша* (66 б.) макалы да ыктап турат, бирок аларга толук кошулбайт. Анткени мында өз ара байланыштагы түрдүүчө эки зат салыштырылбастан, бир заттын эле дарамети, кудурети, сапаты имплициттик (аталбай) берилген башка адамдарга салыштырылып көрсөтүлгөн. Бирок антропоним Алыбек (*алы* «күчү» - жана *бек* «бышык») камтыган маанинин субьектте жоктугу да белгиленет.

б) төмөнкү тайпадагы паремияларда эки заттын касиеттери окшоштурулат. *Жакшы эттен – жакшы шорпо* (229 б.). Бул макал тамилдерде (Түштүк Индия) да бар: *Из хорошего мяса – хороший суп* (Перм., 133 б.). *Ак ниеттүүнүн урпактары да ак ниет болот* (урдуча). *Жакшынын жолдошу да жакшы* (удмуртча). *Жакшынын жашоосу жакшы* (хаусача). *Жакшы дыйкан үчүн жаман жер болбойт* (корейче). *Таза көлдөн ылайка суу агып чыгабы* (индонезиялыктарда). Бул макал «Жакшы адам ыплас сүйлөбөйт» деген мааниде. Дагы караңыз: *Эри жакшы болсо, жаман аял да жакшы болот* (комиче). *Шалбаа жакшы болсо, чөп да жакшы болот* (комиче). *Талаа жакшы болсо, буудай жакшы болот* (кытайча). *Булак таза болсо, өзөн таза болот* (япончо).

Келтирилген паремияларды **«Башаты кандай болсо, уландысы да ошондой»** деген мазмун бириктирип турат.

Бул мисалдарга кыргызча бир кыйла паремиялар толуктоо киргизе алат: *Жакшы ит – жарым ырыс. Жакшы катын – жарым ырыс. Жакшы кеңеш – жарым ырыс. Жакшы сөз – жарым ырыс. Жакшы сөз – жандын эшиги. Жакшы ниет – жарым ырыс. Жакшы санаа – жарым ырыс. Жакшы тилек –*

жарым ырыскы ж.б. (М.И., 222-228бб.). Буларда негизги сөз – *ырыс-ырыскы*. Ал макалдардын предикаттык бөлүктөрүн түзүү менен, субекттеги позитивдүүлүктү бышыктап, ага карата шайкештикти жаратып турат.

в) Сапаттык дал келүүчүлүк «Үлгү кандай болсо, натыйжа ошондой / Урук кандай болсо, урпак ошондой» маанисинде төмөнкү макалдарда берилет: *Жаман ооздон жаман сөз чыгат. Ириген ооздон чириген сөз чыгат* (кыргызча, өзбекче, казакча). *Кара койдун козусу кара* (гагаузча). *Акылсыз уйдун музоосу акылсыз* (татарча). *Чогоол атанын баласы чогоол* (абазинче). *Атасы чаардын баласы чаар* (индонезиялыктарда). *Төкөрдүн көлөкөсү да төкөр* (аварча). *Ийри мордон ийри түтүн чыгат* (өзбекче). *Сокур сатарманга сокур аларман* (түркчө). *Дарак ийри болсо, көлөкөсү түз болот* (арабча). *Ылайка көлдөн таза суусу чыкпайт* (комиче). *Ийри сызгыч менен түз сызык жүргүзө албайсың* (персче). *Акмак кандын жан жөкөрлөрү да акмак* (монголчо). Бул элдик чыгармаларда көбүнчө сырткы (түстүк, формалык, кыял-жоруктук ж.б.) шайкештиктер жөнүндө сөз жүрөт.

г) Жогорку эле маани семантикалык жактан трансформацияланып **«Киши кишини (башкаларды) өзүнө карап баалайт»** түрдөгү маниге өтүп кеткендигин төмөнкү мисалдардан көрөбүз: *Жаманга баары жаман көрүнөт* (мокша мордвача). *Ууруга баары ууру көрүнө*т (азербайжанча, түркчө). *Бактылууга баары бактылуу көрүнөт* (хинди). *Маска баары мас көрүнөт* (осетинче). *Кыйшык көзгө түз да кыйшык* (орусча: *В кривом глазу и прямое криво*). *Акмак баарын акмак көрөт* (азербайжанча). *Ачка баары ач көрүнөт, токко баары ток көрүнөт* (азербайжанча). *Чынчыл баарын чынчыл деп ойлойт, калпычы баарын калпычы деп ойлойт* (азербайжанча). *Кең пейилге дүйнө кең, тар пейилге дүйнө тар* (өзбекче). *Кеңге кең дүйнө, тарга тар дүйнө* (кыргызча 347-б.). *Ичи тардын иши тар. Ичи тардын көрү тар. Ичи тардан ийне артпайт. Ичи тардын итине жугунду артпайт* (304 б.). Дагы караңыз: *Кең пейилдин кени болор, тар пейилдин ташы болоор. Кең пейилдүү кемибейт, тар пейилдүү жарыбайт* (347б.). Буларда сүйлөөчү өзү баалоочулук ролду өз колуна алгандыгы берилет.

Көп элдерде*: Эр жакшы – аял жакшы, аял жакшы - эр жакшы* (аварча). *Вазир жакшы – хан жакшы, аял жакшы – эр жакшы* (кыргызча), же тескерисинче: *Аял жакшы – эр жакшы, вазир жакшы – хан жакшы* (117б.). Мында да элдик ойлоонун сүйлөмдө шөкөттөлүшүнүн жандаштыгын, бирдейлигин оңой эле байкоого болот.

д) Айрым паремияларда **«Ар бир зат өзүнө тете натыйжа берет»** мааниси камтылат: *Жакшы дарак жакшы мөмө берет, жаманы жаман мөмө берет* (волофчо). *Жакшыдан жакшыга үйрөнөсүң, жамандан жаманга үйрөнөсүң* (бурятча). *Ачуу ачуу жооп жаратат, сүйүү сүйүктүү жооп жаратат* (соточо). *Жакшыга бардык жерде жакшы, жаманга бардык жерде жаман* (мокша мордвача) ж.б. Буларда да когнитивдик, логикалык, синтаксистик параллелдүүлүк көзгө урунат.

Б**. Өз ара байланыштагы заттардын сапаттары бири-бирине дал келбейт. Бир зат өз сапаттары боюнча экинчидей эмес**. Бул когнитема да бир нече кичи тайпаларга ажыратылат.

а) *Кийимдин ичилиги тышына дал келбейт* (түркчө). *Эч кимдин баласы өзү каалагандай болбойт* (руандача). *Тили курч – сөзү мокок* (чувашча). *Көз коркок, кол баатыр* (кыргызча). “*Пайдалуу болом”- деп жолтоо болду* (бурятча). *Жакшылык каалап, күнөөлүү болду, ийгилик издеп, барынан ажырады* (кхмерче). *Жакшы коон чөөгө тиет* (армянча). *Жакшы алма куртка жем болот* (башкырча). *Жакшы атанын жакшы уулу болбойт* (дигорчо). *Шаар жарчысы ишеничтүү, таркаткан кабары ишеничсиз* (самоача).

Бул макалдарда «Өз ара алакадагы заттардын сапаттары (касиеттери, аракеттери ж.б.) шайкеш эмес» деген мазмун катталган да, трансформацияланып, өзгөрүлүп берилген.

Бул маани кыргыз макалдарында вариантташып, кээде кайталанып, кээде түз жана аркы-терки, кайчылаш параллелдүүлүктө да берилет:

1. *Жакшыдан жаман туулат,*
2. *Жамандан жакшы туулат.*
3. *Жакшыдан жаман чыгат, жамандан жакшы чыгат.*

4. Жакшыдан жаман чыкса – чыгаша,

Жамандан жакшы чыкса – киреше.

5. Жакшыдан жаман туулса – эм табылбайт,

Жамандан жакшы туулса – тең табылбайт. (230б.).

Акыркы эки жупта эки заттын сапаттарынын дал келбөөсү эл тарабынан бааланат. Мында аксиологиялык мазмун паремиялардын жүрүм-турум сыноочулук, таалим-тарбия берүүчүлүк күчүн көтөрүп турат. Ошол эле мазмун төмөнкү макалдарда да бар.

6.Жамандан жакшы туулат – адам айтса ынангыс,

Жакшыдан жаман туулат – бир аяк ашка алгысыз.

7.Жамандан жакшы туулат – адам айтса ынангысыз.

Акыркы макал – мурункунун эле биринчи сабы (249б.). Структуралык жактан параллелдүү эки сап (6) мазмуну боюнча көптөгөн элдердин макалдарынын маанисине төп келет. Ал эми кийинки макалга (7) карата анда мазмундук шайкештик бар, бирок сап аралык параллелдүүлүктү жоготуп койгон.

б) Контрасттык мүнөздөгү заттардын бири-бирине жарашпастыгы, өз ара таптакыр мас келбестиги да элдик учкул сөздөрдө чагылдырылган: *Кара үйдүн сүтү ак* (чувашча). *Чымчык карыганда деле жаш көрүнөт* (руандача). *Жыртык чапанга алтын жамачы* (өзбекче). *Кылычтан качып кынга бекинди* (йорубача). *Жоголгон баалуу буюмду энесинин коюнунан да издейт* (уйгурча). *Мени менен кошо карыган мага кары көрүнбөйт* (кхатлача). Акыркы макалда кары-жаш контрастынын бир бөлүгү имплициттик түрдө берилген. Мында карылык жөнүндө гана сөз болот: тең улгайган эки адам жөнүндө айтылат. «Жаш көрүнөт» концепти *кары көрүнбөйт* сөз айкашында вербалдаштырылган.

Ушул эле топко дагы бир нече паремия ыктап турат: *Жүрүшү арстандыкындай, акыл-эси тооктукундай* (орусча: *Осанка львиная, да ум куриный*). *Ток үйдүн мышыгы ач* (түркчө). *Ток экенин билбегендин жегиси келе берет* (педиче). *Жакшы соку жакшы сок билекке учурабайт* (кикуйючо; эрди-

катын жөнүндө айтылат). *Жашооң кубанычтуу болбосо, өлүм кайгы эмес* (малагисийче). *Тышы кара – ичи ак* (маориче). *Сырты жылтырак, ичи калтырак.Сырты жалтырактын ичи калтырак* (М.И., 516 б.). *Ийри атып түз тийгизет* (татарча, айлакерлер жөнүндө). *Тамгалары кыйшык – мааниси түз* (вьетнамча). *Башын ийкейт – өзү каалабайт, башын чайкайт – өзү макул* (индонезиялыктарда). *Сүйүнгөндө ыйлайт, кайгырганда күлөт* (тувача) ж.б. Бул макалдарда бир эле заттын өз ара карама-каршы аракеттери, белгилери, касиеттери бири-бирине шайкеш келбегендиги репрезентацияланган.

В. **Өз ара байланыштагы айрым заттардын сапаттары бири-бирине дал келет, айрым заттардыкы дал келбейт. Тыгыз алакадагы нерселердин сапаттары өз ара кээде шайкеш болот, кээде шайкеш болбойт**.

а) Бул когнитемалык-пропозициялык маңыз көп элдердин паремияларында кездешет: *Ширин мөмөнүн кабыгы ачуу* (себуаночо). *Көрктүү бутакка көрксүз мөмө байлайт* (бирмача). *Сүттүү уйдан аз сүт берчү торпок туулат* (педиче). *Түз максатка кээде ийри жолдор менен жетүүгө болот* (идишче). *Кара тооктон ак жөжө да чыгат* (түркчө). *Кара тооктун жумурткасы ак* (пуштуча). *Улуудан пас уул туулат, пастан улуу уул туулат* (непалча). *Албан иштерди алптар гана жасашпайт* (жабочо). Мында ири кызматтарды, улуу жеңиштерди бойлуу, атактуу гана адамдар аткарбастан, катардагы, көзгө көрүнбөгөн, бирок аракетчил, зээндүү, эмгекчил кишилер деле жүзөгө ашыра алышы айтылат. Дагы салыштырыңыз: *Ийри мордон да түтүн кетет* (азербайжанча, татарча, ногойчо). *Сулууга ишенбе* (гандача). Демек, сырткы көрүнүш дайым эле заттардын ички мазмунун көрсөтө албайт. Көрктүү сүлпөт кишини алдап коюшу да мүмкүн. Караңыз: *Тышы жылтырак, ичи калтырак*. Бирок кыргызча эле*Түстүүдөн түңүлбө* макалы жогорку пикирдин антиподун түзүп турат. Элдерде бирин-бири танган да пикирлер кенен учурайт.

б) Бул топто өз ара тыгыз байланыштагы заттардын сапаттары бири-бирине дал келеби же жокпу буга даана жооп берилбейт. Бул зат ушундайбы

же башкачабы – муну аныктоо керек. Караңыз: *Башталышы мындай, аягы кандай болот?* (мариче). *Сырты сулуу, ичи кандай – ким билет* (корейче). *Сырты сулуу – ичи кара бекен* (корейче). Бул макалдарга кыргызча учкул сөздөр жакындашат. Бирок мында күмөндөө эмес, пикир чечкиндүү, ишенимдүү айтылат: *Түстүүдөн түңүлбө Сыртың сулуу болгуча, ичиң сулуу болсун.Сыртын көрүп ичинен түңүлбө* (М.И., 516 б.).

Ошентип, түрдүү этностордо "Заттардын сапаттарынын бири-бирине шайкеш келүүсү же келбөөсү" тууралуу накыл сөздөр көп кездешерин белгилеп, алардын реализацияланышы түрдүү жолдор менен, тилдик өзгөртүүлөр, трансформациялар аркылуу жүзөгө ашырылышын белгилөөгө болот. Келтирилген жана сыпатталган мисалдар этностордун концептосферасын түзгөн пропозицияларда окшоштук, параллелдүүлүк кубулуштарынын бардыгын тастыктоого негиз болду.

2. **Аракет сапатынын же мүнөзүнүн шайкештиги – шайкеш эместиги** да паремия дүйнөсүндө өзүнчө инварианттык милдет аткарат. Аны бир нече пропозициялык алкактагы тайпаларга бөлүштүрүүгө негиз бар.

А. Өз ара байланыштагы заттардын аракеттеринин жана ал-абалдарынын же бир эле заттын өз ара байланыштагы аракеттеринин жана абалдарынын бири-бирине дал келиши – өзүнчө когнитема. **Бир заттын аракети же абалы, сапаты, мүнөзү боюнча кандай болсо, экинчи заттын аракет-абалы да жалпы касиеттери боюнча ошондой болот.**

а) *Атты такаласа, эшек бутун көтөрөт* (М.И. 99 б.). Бул макал өзбектерде, уйгурларда, язгулямдарда, табасарандарда ж.б. элдерде кездешет. Дагы караңыз: *Атты такаласа, эшек "Мени дагы"- дептир* (күрддөрдө). *Ийне өтсө, жип да өтөт* (индонезиялыктарда). *Тез тапканды тез жоготушат* (кикуйючо). *Өрдөк учса, чүрөк да учат* (якутча). *Ражанын аялы ак сарайдын үстүнө чыкса, карапачынын келини да кепенин үстүнө чыгыптыр* (телугучо). *Башчы аксаса, кол алдындагылары да аксайт* (ткончо). *Падыша аксаса, элчиси да аксайт* (летече). *Таш бака жөрмөлөсө, балдары да жөрмөлөйт* (эвече). *Көз ыйласа, мурун да суу болот* (дуалача, кикуйючо, круча). *Бир ит*

үрсө, бардык иттер үрөт (квритче). *Аңчылардын башчысы чарчаса, бардык аңчылар чарчашат* (овамбочо). *Аңчылардын башчысы эт бышырса, бардык аңчылар эт бышырышат* (ндонгача). *Мээнетсиз табылганды аесуз түгөтүшөт* (тагалча). *Шамал менен табылган шамал менен кетет* (комиче). Макалдарда түрдүү реалиялар тууралуу сөз болот. Аларда жалпы мазмун бар. Бардык реалиялар эки түрдүү обьекттерге ажыратылат: бирөө – статусу жогорку заттар (*ат, ийне* ж.б.), экинчиси – статусу төмөн заттар (*эшек, жип* ж.б.). Биринчинин аракетин экинчилери кайталайт. Макалдардын негизин контексттик антонимдер түзөт: *ат – эшек, ийне – жип, табуу – жоготуу, өрдөк – чүрөк, ражанын аялы – карапачынын аялы, башчы – кол алдындагылар, падыша – элчи, таш бака – анын баласы, көз – мурун, аңчылардын башчысы – аңчылар, жеңил табылган – мээнет менен табылган.* Булардын ал-абалында, аракетинде дал келүүчүлүк бар, бирин-бири колдоо белгиленет.

б) Эки заттын аракеттери – эки затка үлгү, өз ара шайкш; *Кыз энеден тон бычканды үйрөнөт, уул атадан жебе жасаганды үйрөнөт* (ногойчо). *Энеси жок кыз – эпсиз, атасы жок уул – жетесиз. Эне сыры кызында, ата сыры уулунда. Энени көрүп кыз өсөт, атаны көрүп уул өсөт. Энени көрүп кыз өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт. Энеге карап кыз өсөт, атага карап кыз өтөт* (кыргызча). Макалдарда төрт субьект бир – *ата, эне, уул, кыз*. Ата – уулга үлгү, эне – кыз үчүн үлгү. Алардын эки түрдүү аракети, таалим-тарбиясы өз ара байланышта, иштөөсүн, үйрөнүүсүн жана келечегин аныктайт.

Б. Өз ара байланыштагы түрдүү заттардын аракеттери же бир заттын түрдүү аракеттери бири-бирине дал келбейт. **Бир заттын аракети экинчи заттын аракетине мас келбейт же бир заттын бир аракети экинчинин аракетине карата шайкештикте эмес.** Бул когнитема да ички бөлүнүштөргө ээ.

а) *Дене жүрөт, көлөкө турат* (ассамча). *Суу агат, таш калат* (козиче). *Дарыя агат, таш калат* (дигорчо). *Суу кетет, таш калат* (өзбекче). Кыргызча варианттар:

1. *Бетеге кетет – бел калат,*
   Бектер кетет – эл калат.
2. Бетеге *кетип, бел калат,*
   Бектер кетип эл калат.
3. *Бетеге кетип, бел калат,*
   Депутат кетип, эл калат. (М.И.,159).

Акыркы учкул сөз – салыштырмалуу неологизм. Бул акыркы эле 15-16 жылда пайда болду. Бул саптарда заттар туруктуу – туруктуу эмес, омоктуу – омоктуу эмес сыяктуу дихотомияларга бөлүнүп турат. Биринчилери түбөлүктүү, экинчилери убактылуу.

4.*Суу кетет – таш калат, сурма кетет каш калат.*

5.*Суу кетсе – таш калат, сурма кетсе – каш калат* (М.И. 512 б.).

6.*Осмо кетер – каш калар.*

7.*Осмо кетер – каш калар, суулар кетер – таш калар.*

8.*Осмо кетет - каш калат, Оомат кетет – баш калат.*

9.*Суусу кетет – таш калат, Сурмасы кетет – каш калат.*

10.*Осмо кетип,каш калаар, Оомат кетип, баш калаар.*

11.*Осмо кетет – каш калат, Оомат кетет – баш калат.*

Бетеге кетет – бел калат, Бектер кетет – эл калат (М.И., 457б.).

Бул макалдарды келтирүү менен биз этносубуздун ойтутуму биз талдап жаткан когнитемага кеңири орун бергендигин көрөбүз. Бул макалдарда туруктуулук *бел, эл, каш, баш, таш* сөздөрүнүн денотаттарына ыйгарылат, өзгөрүлмөлүүлүк, туруксуздук, убактылуулук *бетеге, бек, депутат, осмо, суу, оомат* сөздөрүнүн денотаттарына мүнөздүү экендиги аталат.

Этностук эстутум туруктуу заттарга жогору даражадагы баа берет. Алар негиздүү, салмактуу. Аларды табият жараткан. Ал эми өсүмдүктөр (*бетеге*) бир жылдык, жылда алмашып, өсүп-өлүп жаңыланып турат. Бийлик – колдун кири, анын денотаттары (*бектер, жетекчилер, депутаттар*) оошуп турат. Бетеге өскөн бел туруктуу. Эл дагы дайыма жашайт, жоголбойт. Ошондой *оомат* жана *осмо, сурма* сөздөрүнүн денотаттары да туруксуз. *Оомат* сөзү

иши жүргөндүктү, жашоосу оңолгондукту, байлыкка, кызматка, атак-даңкка, кадыр-баркка ээ болгондукту туюнтат. *Осмо, сурма* сөздөрү кашты карартуучу боекту атагандыктан, алардын денотаты туруксуз, жасалма, жууп койсо кете турган зат катары убактылуу көрүнүштөрдү атап келди. Ал эми боек кабыл алган *каш* эволюция берген дененин бөлүгү катары, ооматка жетишкен же ооматтан айрылган *баш* (адам денесинин эң зарыл бөлүгү же адамдын өзүнүн синекдохалык аталышы) туруктуулугу менен айырмаланат.

Кыргызча учкул сөздөрдүн вариантташуу мүмкүнчүлүгү кенен. Мында тыбыштык трансформа бар: *калар – калаар,* морфологиялык варианттар да учурайт: *кетип – кетсе – кетет, калар – калса – калат*. Анда сүйлөмдүк жупташуу варианттуулугу кездешет, ошондуктан бир саптуу кош сүйлөм, эки саптуу кош сүйлөм, төрт саптуу кош сүйлөм жөнүндө сөз кылууга болот.

Бир саптуу вариантта да, көп саптуу варианттарда да параллелдүүлүк кубулушу үстөмдүк кылып турат. Караңыз:

1) осмо кетер
каш калар

2) осмо кетип каш калар,
оомат кетип баш калар

Параллелдүүлүк конструктивдик да, семантикалык да мүнөздө жашары бул жерде даана көрүнүп турат.

б) Бул топко бир мисал келтирели: *Бирөөлөр келет, бирөөлөр кетет* (эвече). *Бул дүйнө – кептеркана: бирөө келет, бирөө кетет* (кыргызча). *Эркек карыса үйлөнөт, аял карыса өлөт* (лобнорчо). *Шып күйсө, дубал күйбөйт* (баулече). *Көз көрө албайт, кулак эч кимди жек көрбөйт* (гача). *Дүйнө базарга окшош*: *бирөөлөр пайда көрөт, бирөөлөр пайда көрбөйт* (кануриче). *Улуусу түшүрөт, кичүүсү ала коет* (азербайжанча). *Даанышман кеңеш айтат, акылдуу иле коет* (малагасийче). *Тоң алма түшөт, бышканы түшпөйт* (сарвача, ньихача). *Бир ит жөн эле үрөт, калгандары чындап кошулат* (япончо).

Бул паремияларда экиден субьект, экиден аракеттенүүчү бар. Алардын кыймылы, абалы, өзүн алып жүрүүсү эки түрдүүчө: *бирөө – бирөө, эркек – аял, шып – дубал, көз – кулак, улуу – кичүү* ж.б. Алардын багыты жүрүм-туруму

абалы бири-бирине окшобойт. Аракеттеринде дал келүүчүлүк таптакыр жок. Буларда туруктуулук-өзгөрүүчүлүк касиети чагылдырылбаган. Бир гана *шып – дубал* тууралуу макал Ба тобуна кошулууга ыктап турат.

